Арзыкан МОМУНТАЕВА

# Тагдырым менин – КЫРГЫЗСТАН



Формуляр книги

| | |
|---|---|
| | |
| | |
| | |
| | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

С(Кырг)
М-74

*Арзыкан МОМУНТАЕВА*

# Тагдырым менин – Кыргызстан

*Документалдуу баян*

Т.б.
1С4140
0.18


*Бишкек,*
*Жаныэак басма - 2012*

Арзыкан Момунтаева,
Тагдырым менин – Кыргызстан, Б., “Жанызак-К басма”, 128 бет.

Бул китеп эки бөлүктөн турат, 1-бөлүгү 2010-жылкы апрель курмандыктары болгон Таластык тогуз азаматтар тууралуу директүү маалыматтар жана аларды эскерүүлөр, фактыларды коштогон сүрөттөр берилди.

Ал эми 2-бөлүгүндө коомдук-саясый ырлар жана ой-толгоолор бар.

© Момунтаева Арзыкан, 2012

# ТАЛАСТА РЕВОЛЮЦИЯ 6-АПРЕЛЬ 2010-жылы БАШТАЛГАН

Таласта 6-апрель күнү түштөн кийин эл толкуду, көгүлтүр экрандан көз албаган аял-эркек, кары- жаш, келини-кызы дебей кулак түрүп, жаңылык менен жакшылык күтүштү, үмүт жандырып туруштү… Ээ кудай, тынчтык эле болсо экен дешти.

Байма-бай балактап сүйлөгөн премьер министр Таластын кулуну Данияр Үсөновдун элге кабак түйүп, күпүлдөп муштум кезегендей опузалап, ички иштер министри Молдомуса Конгантиевдин Талас элин бучкагына теңебей басынта сүйлөп, бир ууч хульгандарды, ичип алган тартипсиздерди азыр эле ордуна коюп тындырабыз, Талас региону тынч, – деп жалгыз өзү бүтүндөй Кыргыз элинин тагдырын чечип, эч жерде эч кандай бийликке каршы эл чогулбайт, – деп чорт сүйлөп кыжырды келтиргени аз келгенсип, Жогорку кенештин депутат болгон мырзалары менен айымдары эл таанымбай телеэкрандан көпкөлөң бой көтөрө, элге көз көрүнөө каршы кол шилтеп, текерберлик мамиле кылганы Манас тукумунун канын дүр эткизип от койгондой абалга алып чыкты. Ошол күнү кечке жуук Таластын тынч жаткан көк асманын айланган жоору мисал дүркүрөп-шаркыраган вертолетторунун суук үнү кадим согушка чакырык салгандай түр берип, бийлигиң элди өзү эле дүрбүтүп алды. А тугул эшик алдында жаткан иттер каңшылап, кирерге жер таппай, айыл элинин тирлиги токтогондой абалга келди. Көр тирлиги менен алп урушуп жүргөн карапайым калктын кулагын өздөрү көтөрүштү. Аялдамалардагы топтошкон аял-эркек күбүр-шыбыр… Болбой эле асмандан күрүлдөп-шарылдаган вертолеттордун коркунучтуу үнү далайдын жанын чыгарды. Чындап эле үйлөрүнө кирип алып чыкпай калгандар, ыйлап жүргөндөр. Чөнтөк телефондорун уучтап кандайдыр ким бирөөлөргө кам көргөндөр. Күн да кабагын карыш салып бүркөө эле. Айласы куруп турган элдин жаалы кармады. Талас толкуду, эл толкуду. Гүүлдөгөн үн чыкты, элдин үнү.

Кеттик дешти эл, кимди – ким көрсүн, бири – бирин сүйрөп, ураан салып Талас шаарына унаачан, жөө, топ – топ, кызыл – тазыл, дуулдаган, чуулдаган жумурай журт көчө толо сел болуп акты. Жакшы тилекти таш капты. Биз үйүбүздү кулпулап чыгып жатканда уулум Шамилге «кокус эл жеңилсе бизге кылчактап караба, эптеп жол таап Улукбекке Швецияга кач, жалгыз баласың тукум улашың керек» деди атасы, бул сөздү угуп, үрөйүм учуп денем калчылдап кетти. Чын эле кокустук болсо бизге окшоп көп жылдан бери « кара тизмеде» тургандарды бери дегенде түрмөгө чиритмек. Анын үстүнө оппозициядагы партияларда жүргөн депутатыбыз Болот Шерибизди баш кылып дагы бир экөө-үчөөбүнүн «көзү тазалансын» деген имишти да угуп калганбыз.

Үйдө калса бир оорулуу, баса албаган карысы же бир жаңы төрөгөн келиндер болбосо, түп көтөрө эл чыкты…

7-апрель күнү элдин түрү жанды соо коер эмес, биз чуркадык элдин алды менен, мен деген мамлекет бийлегендер Талас облустук ички иштер башкармалыгына чогулганын көрүп-билип турдук, темир курчалган имараттын эшигине жетип өтүндүк, сурандык, жалдырап сурандык… Тигилер менен сүйлөшөлү, чыр чыкпасын дедик.

Биз Акыйкатчылар элек, элдин түрү жаман, элге чыгып, чындыкты айткыла, элди сактагыла, кырсык болбосун, айланайындар… Сөз укпады алар, киши катары да көрүшкөн жок бизди.

Кабагын карыш салган майор жигит (тишине чейин куралданган) … болбойт, бул жерге турбагыла, силерге эч ким жолукпайт, сүйлөшпөйт, силер эмне чечмек элеңер мындан кеткиле, ато жаман болот, – деп темир эшиктин ары жагынан корс этип басып кетти. Тизип койгон мончоктой жаш жоокер балдар калчылдап, элден жалтана түңүрөйүп үмүтсүз көздөрү менен биз тарапты карап турушту. …

Бизден кийин келген аксакалдар тобу менен да сүйлөшпөй, ары түртүп койгондон соң, элчиликтен кеткен ээси жокторго кайнаган ызабызды баса албай кара таан элге аралашып кеттик. Тарсылдак башталды, шуулдаган «шумовой гранаттар» бут алдыбызга, жаныбызга, колубузга, жонубузга тийип жатты. Сасык түтүн, жаан, каар, чуу.. бат эле көнүп калдык, кабагын карыш салган кудайдын күнү да бизге кошулуп ыйлап турду, шумовой гранаттардын да амалын заматта таап алдык, жаныбызга түшөрү менен жаандын чалчык суусуна тебелеп салабыз, ал сасып өчүп калат. Шаңкайган ак үйүбүз заматта жарым күйүк болуп, айнек эшиктери шаңырайып жатып калды. Дуулдаган жандуу эл ак үйдөн анча алыс эмес областтык ички иштер бөлүмүнө бет алды, токтоор түрү жок, кыйкырык-сүрөөн, ызы-чуу коштогон эл баягы Кыргыз элин уучтап турган мыктыларга жете келгенде эле Кыргыз өкүмөтүнүн ошол кездеги вице-премьер министри Акылбек Жапаровдун кымбат баалуу авто унаасына өрт кетти. УВДнын алдында тозок отундай күйгөн оттун сүрү менен элдин каарынан корккон баягы министрлерибиз тешик таппай элеңдеп бет келди кача беришти, кача бергиле деп карап тура бермек беле жаалданган эл, далайына таяк тийип жан соогаласа, далайы амал менен ар кимдин этегин кармап тааныш-туунуштары менен тозоктун отунан кутулушту. Кече ушул убакта жолборстой күрүлдөп, теледен «бир ууч хулгандарды заматта жок кылам» деп кесир сүйлөп жаткан ички иштер министрин ызылдап качып бара жаткан жеринен топ жигит торой чаап токтотуп, ак үйдүн алдына сүйрөп жөнөштү. Кызыл-жаян кан болгон министрдин абалына боор оорugандай убал болуп кетти, өлтүрүп койобу деп коркуп, кой-ай десек жаалданган жаш балдар бизди жакындатпай коюшту. Минстрдин башынан кан кетти, билегинен ал кетти, бирок жыгылган жок, бекем экен. Атаңдын көрү ай, башында эле эл тарапта болуп, элди түшүнсө эмне… Бакиевге мынча неге берилди экен бечара, андан көрө карапайым эл менен болсоң азыр зоболоң асмандабайт беле. Шордуунун кейпин кийип жан соогалап турганы анын да тагдыры белем. Ошентип дзотко төш тоскондой бийликтеги жан алгычтарга төшүбүздү тосуп, заматта өлбөй- житпей тигилерди багынттык… Дене калтырап, жүрөк дүк- дүк. Өрт Таласты каптап жатып калды, чындыгында эле министр менен формачандарга кыйын болду, өзгөчө али оозунан сүтү кете элек жаш жоокерлерге убал болду. Бейкүнөө балдар эсепсиз таяк жешти. Жаалданган элди токтотуу мүмкүн эмес экенин өз көзүм менен көрдүм. Абийир болуп Талас мэриясын Афган коомундагы эр жүрөк балдар менен талкалатпай сактап калбадыкпы, мен ошолорго чын жүрөгүмдөн ыракмат айтам.

Көрсө бийликке бүткүл эл оппозиция экен, баары тажап бүтүптүр, кыйналыптыр, кыскасы элдин каары кайнап жарылып кетишти. Кудая тооба колунда бир куралы жок, согушууга даярдыгы жок, же бийлик талашпай туруп аткан огунан да жалтанбай жалаң таш кезек менен ургулап жатып бийликти кубалашты. ЭЛ КҮТПӨГӨН ЖЕРДЕН ЖАРЫЛДЫ.

Эл жарылганда Ак үй менен Ички иштер башкармалыгы соо калмак беле алар да ошол замат жеринен күйүп кетишти.

Апрелдин алтысы Таластагы
Айтып бүткүс тарыхты жаратканы
Аял- эркек баарысы дүрбөп алган,
Адыр сүйлөп балдары түндү жарган.
Ач кыйкырык куу сүрөөн жүрөк козгоп,
Ай жылдыздар сумсаят элди коштоп.

Кемпир – келин жүр дешип бирин – бири,
Келди доордун керемет – биримдиги.

Кербен тарткан таксисттер сүр беришет,
Көк асманда булуттай дүрбөлүшөт.
Сары саналуу теректер шуулдабай,
Сары көздүү жылдыздар жымыңдабай.
Бала сындуу табият коркуп турат,
Батпай эли Таластын толкуп турат.
Караңгыны өрт алып күйүп жатты,
Калаа тарс-түрс, ит улуп үрүп жатты.

Өрт чулганды Ак үйдү чатыраган,
Талкаланды айнектер бачыраган
.
Гранаттар тарсылдап октор учуп,
Кетебиз деп, корккон жок соттолушуп.

Жарылды элдин көкүрөк-жаралары,
Жараланган жанына карабады.

Үрөйү учкан эл көрдүм каарданган,
Үмүтү өчүп баарысы жаалданган.
.
Октон коркпой жигиттер каптап келет.
Оттон коркпой жалынды таптап келет.

Ок атылбай өрт өчтү токтоп калды,
Онтоп Кыргыз уулдарын жоктоп калды.

Өнөр болду, буларга качып кетмей,
Өлүп-тирил дүйнөнү басып кетмей.



Чуу-чуу этип кубалап калып калдык,
Чуркап-чуркап бийлигин алып калдык.

Бийлигиң не, келгендер ороңдосо,
Билимиң же терендеп оңолбосо.

Мугалимдер Бакиев доорундагы,
Сары улактай шайлоонун жолундагы.
Бүгүн алар айлык деп ыйлап турат,
Бүт бийликти пикеттер кыйнап турат.
Сен, мен дешип парламент – улук жандар,
Сексен сегиз баатырды унуткандар…
Түштүктөгү түмөн ый басыла элек,
Түйүндөрү кылмыштын ачыла элек.
Ош окуя – өзбектер, кыргыздары,
Онтоп турат ачылбай кылмыштары.
Карбаластап канчасы качып кетти,
Кандай кылдык каныңды чачып кетти.
Кайраттанып бел байлап, куралалык,
Кандай апаат болсо да уланалык.
Акыйкаттык бар эле жетеличи,
Абийир алып алдыга кетеличи.
Кан талашмай оюнун таштайлычы,
Калыс жашоо – турмушту баштайлычы.
Мамлекет кызматын катыралы,
Манас деген ураанды чакыралы.
Чеп бекитип, чекишпей достошолу,
Чет өлкөдөн алганды токтотолу.
Көз арткан көп кыргыздын кендерине,
Көп зыяны тийет го Эл – жериме.
Тагдыр экен, талашып урушпайлы,
Тарых болгон балдарды унутпайлы.
Сексен сегиз баатырдын,
Сегизин жаздым эскерип.
Жүгүнүп коер гүлүм бул,
Жүрөктөн чыккан эстелик.

Буйрукка айла жок экен бул китепти чыгарайын деген оюм деле жок эле, өткөн 7-Апрелден кийин мага кайрылган энелер-

дин, жетим-жесирлердин ыйлап-сыктап, укугумду коргоп бер, күнөөлүүлөр соттолбой жатат, аткандар басып жүрөт, аттыргандар качып жүрөт, жок дегенде өлгөн балдарыбыздын эмнеге өлгөнүн билсек болбойбу, – деп ак жеринен күйгөн уулдарынан ажыраган энелер менен жесир калган келиндер, маркумдардын эже-карындаш, уул-кыздары, жетим калган балдары мага укук коргоочу, Акыйкатчы катары кайрылуулары, аларга жардам берүүнүн түркүн жолдорун ойлондурду. Тагдырына таарынган, зомбулук көрүп ыйлаган, ар кандай шартта кор болгон аял заттарына буга чейин да далай жолу көмөк көргөзүп, жардам бердим эле, бирок өзүңдүн мамлекетиңдин бийлигинин огунан өлгөн балдардын энесинин боздогон ыйы менен күйүтүнө бүткүл Ааламдын кайгысы тең келбес. Заматта 88 эр-азаматтарды атып-өлтүрүп, анан эки жылдан бери жооп бербей, соттолбой жүрүшүнө кандай киши унчукпай кое алат. Адепсиз ач көз бийлик 88 баатырдын канызабына калды. Дагы канчалары ушул адепсиз бийликтин кесепетинен өмүрлөрү кыскарып, жашоо кызыкчылыгын жоготушту. Дагы канчаларынын денесинде тийген октун тагы калды, айыкпас жарааты менен чыкпай калган октон канча жүрөк токтолорун ким билет. Жылтыратып жыйган-тергенин базар-дүкөн кылгандардын мүлкүнүн ысырап болушу,. талкаланып өрттөнүшү деле кеп кылууга арзыйт го...

Он гүлүнүн бири ачылбай жаш теректей сулаган жаш жигиттерибиздин кыйылган өмүрү, жашабай жатып кара жамынып жесир болгон келиндердин сыздаган муң-зары, дүйнөгө жаңы келип атасынын жытын искебей калган наристелердин убал сообу кимге?

Эй бийлик, ойлонсоң боло ушуну, жылаан чакпай, жылкы теппей, тынч турган элди неге кордодуңар?

*Эл калыстык менен акыйкатчылык болбогон жерде бийлик өз башын жутарын көрдү. Мен бул китепти эрмектеп, эскерүү кылсын деген ой менен эмес, кичинекей чындыктын чоң күчү бар экенин, аз элдин айбаты зор экенин айткым келди. Таластан каңгыраган добулбастын үнү бүтүндөй өлкөнү ойготуп, а түгүл Ааламга добулбастын заңылдаган үнү кетти. Заматта монстр болгон режимдин ташын талкан кылды. Баягы ураган дубалдын алдында калгандар дагы эле толтура. Аларды тазалоо үчүн дагы көп күч керек. Соолгон сотторубуз да көп экен, тазасы аз болуп, жаңылана албай, али күнчө аткандарды соттобой, сыздаган энелердин көз жашы кургабай, башчылар кыйналып турган убагы. (88-болуп Таластык Казыбек 2011 жылы февраль айында көз жумду).*



***СООЛГОН СОТТОР***

*Соолгон соттор бар экен,*
*Соопту билбес жан экен.*
*Бийлигиң таза болбосо,*
*Бул жашоо өзү тар экен.*
*Ырыстуу заман келе гөр,*
*Ыймандуу сотту бере көр.*
*Ыраңдан кетип жүздөрү,*
*Ыйлашат күндө энелер.*

*Көк ала канат сагызган,*
*Көкүрөк күйөт алыстан.*
*Көпкөлөң соттун чечими,*
*Көзүмдүн жашын агызган.*

*Асманда учкан жагалмай,*
*Аркырап соккон шамалдай.*
*Армандуу өтүп кетемби,*
*Адилет сотту таба албай.*

***ПРЕЗИДЕНТ АЙЫМГА АЧЫК КАТ***
*(КР Президент Роза Отунбаевга)*

*Актуу, даңктуу, ПАША АЙЫМ,*
*Армандуу арыз жазайын.*
*Капсалаң салган Кыргызга,*
*Канкордун тарттык азабын.*
*Кайрылуу жаздык, кат жаздык,*
*Кагаздар толо, бат жаздык.*
*Тагдырлар талкан, шор кайнап.*
*Тамандар канап, таш бастык.*
*Күнүгө жанды кыйнадык,*
*Күйүттү тартып ыйладык.*
*Жүрөккө окту аткандар,*
*Жүрүшөт басып ыргалып.*
*Жосунсуз көнгөн адатка,*
*Жооп жок койгон талапка.*
*Созуптуп ишти жабат го,*

*Сот чечпей өлгөн тарапка.*
*Жылдыгы болду жылбады.*
*Жыгылган балдар турбады.*
*Жабылып турат кылмыш иш,*
*Жарабайт соттун кылганы.*
*Күйөсүз, эл деп жатасыз,*
*Күн өтпөйт бизде капасыз.*
*Калыстык кылып, соттоп бер,*
*Кан Айым сиз да АПАСЫЗ!*
*Эс-акыл, кеңеш бересиз.*
*Элим деп күйүп келесиз.*
Ырайым кылып соттоп бер,
Роза айым сиз да ЭНЕСИЗ!

Жер кучактап мекен үчүн жан берген сексен сегиз эр-азаматтарыбыздын энелеринен, эже-карындаштарынан, жубайларынан сизге жазылган ачык каты деп билиңиз, урматтуу Кыргыз өлкөсүнүн президенти РОЗА ИСАКОВНА.

Бир жылдан соң революциянын күнүнө президент айым Таласка келип "Манас Ордодон" эл менен жолугушууда өлкөдөгү абалды, жасалып жана жасала турган иштерди, тынчтык менен оор абалдан чыгуунун жолдорун, эл ынтымагына доо кетирбей жашоону улантууну, түштүктөгү чыңалып турган абалды жеңилдетүүнүн зарылдыгын айтып, каза болгон балдардын эне-аталарына, үй-бүлөлөрүнө жолугуп баатырлардын арбагына чай үстүнөн куран окутуп, бул маселени калыс чечүүгө болгон аракетин жумшаарын айтты. Кан жуткан энелердин кайгысын тең бөлүшүп, кеч болсо да бир чындыкка жетерибизге ишендирди.

Ушул учурда баягы башыбызга кан дүргүткөн азаптуу күндөрдү, кан төгүлүп уулдарынан ажыраган, боздогон энелерди унутта калтыргандай баары эле жулунуп баатырбыз, биз революция жасаганбыз, мен эле мен дегендер көбөйүп кетти. Анан да өтө уят несе биз ошол күнү каармандык кылдык эле деп орден-медал тагынып, олжо көрүп акча алгандарды кантейин... Баарынан да үйүндө жатып алып баатыр наамын алгандарычы.. Революцияны мамлекеттен акы алыш үчүн жасадык беле? Көчөгө биздин жүрөгүбүз алып чыкпады беле... Акыйкат издебедик беле...





*Таласта 6 апрель 2010- жылындагы элдин биринчи жеңиши*

# *7-АПРЕЛЬ БААТЫРЛАРЫНЫН МОНОЛОГУ*

Өмүрүм өттү дебейм бекер эле,
Өрттөгөн жүрөгүмдү Мекен эле.
Жашоом өттү дебейм бекер эле,
Жалыны жүрөгүмдүн Мекен эле.

Кыргыз деп өмүр шамым өчкөнүндө,
Кыйылгам апрелдин көктөмүндө.
Ач көздөр, абийирсиздер, ыймансыздар,
Атышкан Бакиевдер көз көрүнөө.

Мен энемдин аппак сүтүн актадым,
Сен бизди эмес, өзүңдү өзүң атканың.
Мерестердин огу тийди жүрөккө,
Мекенимди Кыргыз элди сактадым.

Улуу элдин уулу болуу- тагдырым.
Экендигин көрдүңөр го танбаймын.
Түбүң түшкөн ушул бийлик жоголот,
Түбөлүккө күйүп турган шамдаймын.

Бул балдардын монологу күңгүрөп угулуп тургансыйт, анын үстүнө бүт өлкө кара жамынып, аза күтүп, кошок менен ый, үйгө кирсең теледен сыздаган айтылуу акындардын жүрөктү титиреткен арман коштошуусу, табияттын маанайы пас жамгыры көз жаш болуп куюлуп… Мен үйгө батпай эшикке батпай Аалам тарып, жүрөгүмдүн ооруганына чыдабай кайсалап турганымда уулум менен жубайым түн ортосунда доктурга алып жөнөштү. Таластын үч-төрт жерине кайрылсак иштеген доктурлар жок, дежур болуп үрөйү учкан бирин-экин келин-кыздар. Апрелде айтып бүткүз кырсык келип, заматта эле коом кризиске кептелди. Айла кеткенде Бурул аттуу аптека кармаган курбумду издеп барсам, ал бир топ дарылардан кошулма жасап берди. Бул 8-апрелдин түнү эле. Баса ошол «Ай-Тик» аптекасынын ээси Бурул Жумабаева коркунучтуу өткөн күндү мындайча эскерди. Кадим эле согуш биз кинодон көргөн согуштун өзү, бийликти эл аябай жаман көрөт экен, биз калчылдап коркуп эшигибизди ичинен илип алып, эмне кылсак, дары-дармектерибизди башка жакка ташысакпы, эл келип талкалайт го деп баарыбыз жандалбастап калдык бир капталыбызда ак үй талкаланып, бир капталыбызда УВД өрттөнүп жатса, кирген суудай эл эшигибиздин алдынан күрүлдөп өтүп жатса кой минтип жашынып калбай элге жардам берели деп коробкаларыбызга эң зарыл дары-дармектерибизди, суу, нан алып элге кеттик, кудай жалгап Таласта бир дагы дүкөн-базар, кафе-ресторандар, апптекалар, жана башка элдин мүлкү талкаланган жок. Эч нерсе таланып-тоңолгон жок. Акүй менен гана УВД жаман болду. Эртеси жүрөктөрү ооруп, кан басымы көтөрүлгөн адамдардын саны абдан көбөйгөнүн көрдүм, мына дары таблеткалар калбай сага жасагандай



кылып жасап берип жатабыз, – деди Бурул. Чалкалап келберсиген ак үйдүн үрөйү учуп, кара күйүк кебетеси келишип, сынып-талкаланган айнектери көрдөй болуп, бир караганда боор ооруй турган абалда. Көз көрүнөө өзүбүздүн эмгегибизди өрттөп салбадыкпы, ким үчүн? Кейпибизди го ондойт элек, жабалактап заматта пайда болгон жаш мүрзөлөрдүн ордун кантебиз, алардын алдында баарыбыз күнөөлүүбүз да, ошону кантип жууйбуз. Үркөрдөй болуп үрөйү учкан кең Талас таарыгансып турду ошол күндөрдө, ал эми боздогон кошок менен сыздаган комуз үнүнө молдокелердин терең ары сабырдуу кыраатагы маркумдарга багышталган курандын купуя маанисине баш уруп отурдук.

## МҮРЗӨЛӨР

Жымжырттыкка көнүп калган мүрзөлөр,
Жылмаюуну кайгырууну билбеген.
Тиктеп туруп өлүм-өмүр ортосун,
Тирүүлөрдүн жүрөктөрү зилдеген.

Ыйдан бүткөн эстеликтер элейген.
Ыксыз зору, ортозары, кедейген.
Бекем-бекем жер кучактап өлгөндөр,
Бери жакта пенде турат селейген.
Өпкөм көөп, эмнегедир аптыгып,
Өксүп турдум, үнүм чыкпай жаш чыгып.
Өлүп калса эле ошол тарап муз экен.
Өмүрүндө укпагандай каткырык.
Ыйлап бүтүп, улутунуп аларбыз,
Ырыскыны тирүү жүрсөк табарбыз.

Силерди биз баатыр кылып түбөлүк,
Силер үчүн оттой болуп жанарбыз.
•••

## Баатырларга таазим

Аскалардан, тоолордон түшүп келген,
Асмандагы булутту үзүп келген.
Албуут суудай жапайы мүнөзү бар,
Ак калпагы Ааламды сүзүп келген.

Токтоолугуң тоолордой болгон менен,
Толкунуң бар күтүүсүз жетпес ченем.
Жик-жик болуп бөлүнүп калмайың бар,
Жигиттериң ак көңүл жоокер – берен!

Кайдыгерлик каныма сиңди неге,
Караң калган бийлигим жинди беле.
Кайран балдар жүрөгүн окко тоскон,
Кайра келбес тагдырын билди беле.

Буга чейин жер-сууну сатып келген,
Бирин-экин мыктыны атып келген.
Бакиевдин балдары, ага – иниси,
Баскынчылар Кыргызды басып жеген.

К. Бакиевдин кесири керилген жигиттерибизге тийди болгону жакшы жашоо күтүп жаны кейип капа болуп, өлкөдөгү баш аламандыкка чыдабай, өз көздөрү менен көрүп-билип турган мыйзамсыздыкка, зордук-зомбулукка, паракорчулукка, кошоматчылыкка толгон коррупция деген ооруудан кутулалы деп адилетсиз бийликке каршы чыгышкан. Буга чейин деле бийликке канча кайрылуулар, ар кандай кыймыл-аракеттер, пикеттер болгон, аттуу -баштуулар, мыктылар кой-ай дешкен эле бирок бийлигибиз жаза колдонуп Алайлык генаралыбыз Исмаил Исаковду баш кылып түрмөгө тыгышкан. Ал эми жөнөкөй адамдардын тагдыры бийлик үчүн тамаша болуп калган.. Адамдын кадыр- баркы укугу тебеленген жерде кылмыш да зомбулук да болоору белгилүү. Ошондуктан өз укугун талашкан эр жигиттерге ок жаады, наадандардын огу 88 эр азаматтарды алып кетти, мына ошол 88 эр азаматтын 8 азаматы Талас элинин кулундары эле. Бул эскерүү аз болсо да алар үчүн сунулган гүлдесте болсун.



Жер көгөргөн жаз деми делбе козгоп,
Жетисинде апрель элди коштоп.
Сенек бийлик себепсиз атып салган,
Сексен сегиз баатырды калдык жоктоп...

## Баатырлардын кыркы. 17-май, 2010-жыл.

Кызарып батыш жаздап күндөр чөктү,
Кылкылдап андан бери кырк күн өттү.
Өкүрүп баатырларды жоктоп шамал,
Өрүктөр гүлдөп бүтүп, гүлүн төктү.
Бүлүндү мамлекет, өттү балдар,
Бүт кыргыз кайгы тартып муңга чөктү.

Ыйлады тал-дарактар асман мөл-мөл,
Удургуп толкун уруп жатты көлдөр.
Не кылдык ордуу толсун шейиттердин,
Ымыркай төрөлсө экен. Бешик термел,
Каргышка калгандарга – ырайым жок,
Кантейин аман турсун биздин эл – жер.

Агарып таңдар атты кырк күн болду,
Апалар түңүлбөдү карап жолду.
Кайрылбай кетип калган балдарынын,
Катыгүн бу дүйнөдө толбос орду.
Түгөнбөй түтөп, түтөп оргуштаган,
Түмөн түк, азабы көп кыргыз шордуу.

•••

# *Айылчиев Эмилбек Турдубек уулу жөнүндө*



1983-жылы 25-февралда Талас шаарында төрөлгөн. 1990- жылы Талас шаарындагы №6 мектепке 1-класска барып, 9-класска чейин окуган, 10-11-классты №7- мектепте окуп аяктаган. Ушул жылы Кыргыз мамлекеттик Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университеттин юридикалык факультетине тапшырып, 2005-жылы ийгиликтүү аяктайт. Бул кырсык болбогондо Эмил бир аптадан кийин чет мамлекетте өзү каалаган кызматы менен иш баштамак. Чөнтөгүндө даяр документтерине карабай, Кыргыз элинин тагдырына да кайдыгер карай албай чуулдаган окко башын тоскон бала баатыр эмей ким анан...

Үй-бүлөлүү, бир кыздын атасы. Кызы Элиза 2- жашта. Жубайы Венера, КАСИнин экономикалык факультетин бүтүргөн. Боюнда калган наристеси уул болду. Эмил үч бир туугандын улуусу. Карындашы Эльвира Борбордук Азиядагы Америкалык Университеттин экономика жана бизнес факультетин бүтүргөн. Учурда чет өлкөдө эмгектенет. Иниси Марлен Туризм Академиясынын студенти.

Ата-энеси:Айылчиев Турдубек апасы Таштекеева Кишимжан, жогорку билимдүү адистер. Талас шаарында эмгектенишет. Эмилбек кичинесинен эле боорукер, токтоо, бир айткан сөзүн эки кылбай аткарган эстүү бала болуп чоңойду. Атасы Турдубекти кумир тутуп, оорун колдон, жеңилин жерден алган жардамчысы эле, чынында атасы да өз эмгегинен баар тапкан жаны тынбай алга жылган, адамдар менен мамиле түзө билген эстүү адам. Жолдошторунун арасында Эмил кадыр-барктуу экен. Жыл маалы өткөндө өзү окуган Таластагы №7 мектепке аты берилип эскерүү кечеси белгиленди, окуткан мугалимдери, тели-теңтуштары, солкулдап ыйлап, анын жакшы сапаттарын түгөтпөй эскерип турушту. Бул мектепте анын жаркыраган сүрөтү түшүрүлгөн элеси менен аты



калды. Кызы Элизага камкор ата, жубайы Венерага сүйүктүү жар эле. Өзүнөн эч айырмасы жок Эльдар деген наристе уулу төрөлдү, жашоо уланат деген ушу, баатырдын көзү өтсө да өзү арабызда жүрөр...

Эмилдин ата-энеси Таласта жашашат, жакшы жубайлар, ак эмгегинен баар тапкан, жаңычыл көз караштагы, алга умтулган билимдүү адамдар. Балдары да адептүү, тарбиялуу, уяттуу болуп өсүп келе жаткан эле. Бул үлгүлүү үй-бүлөнүн турак-жайы таза, гүлгө оронгон ордо мисал көрүнөт. Жада калса жасалгасы да кыргыз духунда экенин байкалып турат.

Ошол үлгүлүү үйдүн үлгүлүү уулу да патриот экенин карабайсыңбы мына эртең-бүрсүгүнү чет өлкөгө кетем деп, документтери даяр турса да башына мүшкүл түшкөн мекенин таштай албай кылчактап, анан каары кайнап кармашка түшүп жан бербедиби. Көрсө бул баланын канында, тегинде баатырдык бар окшойт, жөн бала мындай иш кылбайт эле, чет өлкөдөгү күтүп жаткан мартабалуу кызматына унчукпай кете бермек. Энеси Кишимжандын кесиби чет тилдер мугалим адистиги, колунан көөр төгүлгөн уз айым, билимдүү, эстүү токтолгон аялдын күргүштөгөн күйүтүнө ортоктош болдум.


... ыйлап калды уулун эскерип, түгөтө албай, төгүлүп-төгүлүп бир маалда деп жатпайбы, – "Куруган кулунум ай, ошол жан таслим болуп жыгылган жеринде кара кочкул тарткан каны агып, Ак үйдүн чыгыш тарабындагы аллея жолдун бордюруна жаба төгүлгөн канын көргөн элем. Кийин ошол жерге дайыма токтоп, көзүмдүн жашы түгөнгүчө ыйлап, колумду тийгизип карап турмай өнөкөт болуп калды. Кудайга тобо кылдым, бир жылдан кийин карасам, баламдын каны төгүлгөн жерге өскөн чөп, башка чөптөрдөн айрымаланып өсүптүр. Кою жашыл, жоон, бийигирээк жана уулума окшоп кубаттуу".

Эриндери билинер-билинбес калчылдап, ушул мүнөттө алсыз да айбаттуу да көрүнгөн бейкүнөө эненин алдында туруунун өзү да мага тозок болду.

Кишимжандын ушул сөздү айтып жаткан абалын айта да жаза да албайм, солкулдаган денеси, жалын бүрккөн үшкүрүгү, тоодой күйүтү, өкүнүчү менен уулуна болгон эне кусасын мен буга чейин эч бир жандан көргөн эмесмин.

104140 ць

## Айылчиев Эмилбектин толук үйбүлөсү менен түшкөн сүрөтү



*Айылчиев Эмилбектин апасы Кишимжан, атасы Турдубек.*

Кагылайын балам ай, сен араң эле 27 жашка чыкпадың беле. Кийинки мезгилде кан ичер айбан Бакиевдин бийлигине наразы болуп жүргөн элең, ошол наразылыгың сени Ак үйдүн алдына алып барган тура. Көргөн жолдош балдарыңдын айтымына карагандa Ак үйдүн алдындагы жол жээгинде газондун үстүнө ок тийгенде жыгылып, канкорлордун огунан курман болгон. Снайпердин огу так жүрөккө атылган. Ошол жүрөктөн аккан каның менен бизди коргойун дедиңби каралдым, кызыңдын жыпар жытын жыттап, келинчегиң менен кол кармашып бактылуу өмүр сүрөөрүңдө керилген жигит келбетиңди, солкулдаган жаштыгыңды элиңдин келечеги үчүн деп арнап койдуңбу.

Ата- энең, сүйгөн жарың, кызың, бир туугандарың жада калса курсакта калган бейкүнөө наристең караанынды бир көрүүгө зар болуп ыйлап кала бердик. Кичинекей кызың Элиза сүрөтүңдү көрсөтүп, бир нерсени сезгендей сүрөтүңө кашык менен тамак берип



калат. Али көз жара элек наристеңдин жүзүн көрсөң эмне. Апакелеп бетимден өпкөн күндөрүң көз алдымда. Айланайын балам ай, башыңды жөлөп жаныңда боло албадым... Кагылайын балам Эмил, сенин жаркын элесиң, жаркылдаган жаштыгың, беттегенин бербеген берендигиңе төп келген кайратың жана чынчылдыгың түбөлүк атаң экөөбүздүн жана сени билгендердин жүрөгүндө сакталат.

Мен дүйнөдөгү сендей эр жүрөк, Мекенчил, боорукер, эстүү баланын апасы, дүйнөдө эң бактылуу эне болчумун, көрсө... Эх, армандуу күн.

## Кишимжандын арманы

Сүрөтүң турат өзүң жок,
Сыртым жалын ичим чок.
Кандай айла кылам ай,
Кулунум балам Эмил жок.
Жашоого тойбой каралдым,
Жаралдың неге жаралдың.
Соолгон булак өңдөнүп,
Созулуп кайдан жай алдың.
Өмүрдөн кетсең Эмилим,
Өзүңсүз мен да кемидим.
Күүгүмдөп жашоом кызыксыз,
Күйүттөн күйүп эридим.
Аскалуу тоом кулады,
Оо, Эмилим кайра турабы.
Айласы барбы деги айтчы,
Боздогон үнүм угабы.
Чоңойсо кызың кеп сурар,
Атакем кана деп сурар.
Эр эле атаң сенин деп,
Эл-Журтуң сенин кеп кылар.
Бишкекке сага барганда,
Дайыма тосуп алчу элең.
Апакелеп жаркылдап,
Бетимден өөп калчу элең.

Өрүктөй гүлүң күбүлдү,
Өлгөнүң эми билинди.
Алдымдан тосор өзүң жок,
Кайгыдан жүрөк тилинди.
Кокуй күн айтпай калсам не,
Кошоктоп айтаар ырымды.
Көркоолор атты жүрөккө,
Көрө албай калдым сыйыңды.
Эсилттиң Эмил оюмду,
Эстелик сага коюлду.
Кабырга барып жаткыча,
Кармабайм эми колуңду.
Сүрөтүң сенин илинди,
Сүрдүүлүгүң билинди.
Сүйүктүүм арбак болсоң да,
Сүйөй жүр уулум иниңди.
Жүрөктү балам ууладың,
Жүлүнүм сыздап куурадым.
Эсилип күйдү сага бүт,
Эл журтуң менен тууганың.
Канкорго каргыш тийсе экен,
Капкара болуп күйсө экен.
Жүрөгү канап түбөлүк,
Жүзү кара болуп жүрсө экен.
Балдарынан ажырап,
Боз ингендей боздосун.
Кабырга – сөөгү сөгүлүп,
Капкара кайгы коштосун.
Карышкырдай улусун,
Карайлап жаны курусун.
Түрмөнүн түшүп түбүнө,
Түгөнүп калсын ырысы.
...





*Эмил келинчеги Элиза менен*




*Эмилдин курсакта калган баласы Эльдар.*

# Эмилдин кайын энеси Шабралиева Гулжакандын арманы

Падышадан айлангыр, аттын неге,
Өз башыңа тийсе го ошол жебе.
Жериң саттың, оп тартып дүйнө- мүлктү,
Жетет эле жегениң ошол деле.
Курманбек бүт кыргызга бүлүк салды,
Жүрөктөрдө өчпөс болуп күйүт калды.
88 эр жигиттин башын жуткан,
Селпейип журт алдында күйүп калды.
Падыша кудайды да унуткан го,
Балдарга ок жаадырып турушкан го.
Өз энесин атып салган Жоломандай,
Бийлигиң маңкурт болуп курушкан го…
Кана эми бийлиги аны актаганы,
Кана эми бийлиги аны сактаганы.
«Арам акча аш болбойт» дейт элибизде,
Көрсөттү го арамдыктын батпаганы.
Курманбек качтың элиңден,
Убайын көрбөй жериңден.
Жигиттик намыс жок сенде,
Жинургандай элирген.
Коно албай койдуң конушка,
Коркулдап калдың доңузча.
Белиңди байлап тентидиң,
Беларусь деген оруска.
Курманбек өзүңөн кетти чекилик,
Кууланып качтың секирип.
Көрбөгүн такыр жакшылык,
Көрүңдө калгын өкүрүп.
Жетимиң калсын боздогон,
Жесириң калсын жоктогон.
Мыкаачы сенин балаңа,
Мылтыгың тийсин октогон.
•••





*Эмилдин достору менен түшкөн сүрөтү*

## Эмилге

Зоот мүчө, зоңкойгон бул жигиттин,
Зор жүрөгү токтойт деп ким билиптир.
Босогосун жаны эле аттап өмүрдү,
Болгону эле босой жашын сүрүптүр.

Мектеп бүтүп, юрист болгон күз эле,
Мээримдүү жары, Элиза аттуу кыз эле.
Элим деген жаш жүрөгү толкундап,
Ошол күнү Эмил баатыр суз эле.

Ачууланган акыйкатсыз заманга,
Ар убакта абийир керек адамга.
Максатыма жетем деген элең го,
Макул болбой ууру-кески арамга.

Алп жүрөгү, абийир акыл мол эле,
Ата-энеге ырайымы зор эле.
Аман турсаң, аркалап бир кызматы,
Алыс жерге тарта турган жол эле.

Жол үзүлдү, жүрөгүнө ок жедин,
Жолбундарга тебеленбейм, – жок дедиң.
Оо Мекен деп, – колун сунуп алдыга,
Онтоп-онтоп токтоп калды от демин.



# *Ашыралиев Саламатбек Абдыбек уулу*

1963-жылы 13-январда Талас шаарында туулган. 1970-жылы Саламатбек Талас шаарындагы №1 мектепке кирип 4-класска чейин окуган, 4-класстан кийин Жон-Арык айылына көчүп кетишип, мектепти ошол жактан бүтүрөт. Фрунзедеги №18 кесиптик- техникалык окуу жайынан байланыш адистиги боюнча билим алган.

1982-1984-жылдары Советтик армиянын катарында Украинада кызмат өтөдү. Андан кийин Фрунзедеги милициянын эки жылдык мектебин бүтүрдү. Талас аймагынын байланыш тармагында иштеген. 1987-жылы жубайы Роза менен баш кошуп, үч уулду болушкан. Сүймөнкул, Марсель - студент, Эрлан мектепте окуйт. 2005-жылдан бери Саламатбек Чүй жергесинин Сокулук айылында жашап, курулуш тармагында иштечү. Ал мигрант болуп Казахстандын, Чымкент, Астана шаарларына өзүнчө курулуш бригадасын топтоп, алып иштеп келип жүрдү. Ал кайсы жерде болбосун өз адамкерчилигинен кеткен жок, бөтөн эл, бөтөн жерде жүрсө да ар убак өз элине, өз уруусуна, бала-чакасына сөз тийгизбей ак да так да иштеди. Ал үй-бүлөсүн канаттууга актырбай жакшы бакты.

Саламатбек сүйүктүү жар, мээрман ата, элге барктуу адам болчу. 7-апрелде Кыргызстандын келечеги үчүн тынчсызданып митинге эл катары чыкканда кыргыз элин, эл ичинде өз балдарынын тагдырын, алардын жаркын келечегин ойлогон. Ала-Тоо аянтында КАМАЗ машинасынын борту сынып кеткенде, Саламатбек ошол машинанын үстүндө болчу. Чыныгы патриот ажал чачкан октон коркпой, артка качпай, өзү да алга умтулуп, элди да алга сүрөп, эптеп канкорлорду кубалап чыгып, эркиндикти көргүсү келген. Оттой жанган жигит 2010-жылы 7-апрелде ал ич жагынан жаракат алып ак үй алдында шейит кетти. Саламатбектин сөөгү Талас областынын Жон-Арык арык айылына коюлду. Саламаттын




Сүймөнкул деген уулу бар экен, ал дагы атасына окшоп зоот мүчө кебелбеген жигит болуп өсүптүр. Атасын оозунан түшүрбөй улам эскерип анын эмгекчилигине токтолуп отурду. Табиятынан сөзгө жок жигиттин көзү күйүп, айтылбаган арманы ичине толуп турса да үй-тиричилигин бүт моюнуна алганын, аябай өкүнөрүн айтып, атам өзү салып жаткан үйдү бүтүрө албай калды эле, буйруса быйыл аны өзүм бүткөрөм, атам эмне жумуш кылса мен ошону улантам, – деп улутунуп койду.

Орун басар баланын жашы болгону жыйырма төрттө болсо да эки баланын атасы экен. Эртелеп үй-бүлө милдетин моюнга алып, баатыр атасынын да зор милдетин аркалаган токтоо жигитке жүрөгүм жылып турду.



*Ашыралиев Саламатбек үйбүлөсү менен*

Токтоо экен уулуң Сүймөнкулуң,
Тоолуктардын мүнөзү баткан беле.
Жаныбызда жүрөсүң, унутулбай,
Жанын берип мүрзөдө жатсаң деле.



*Саламатбек келинчеги жана уулу менен.*

Саламатбектин бирге окуп бирге жүргөн классташ баласы Кубат Жумалиев, – сенин элесиң түк эсимден кетпейт, жерим, элим үчүн деп көкүрөгүңдү сегиз саат бою окко тозуп жан бергениңди угуп, күйбөгөн жерим күл болду. Акыретте эле жолукпасак, эми кайдан көрөйүн жан досум жаткан жериң жайлуу топурагың торко болуп, өзүңө окшогон ыймандуу артында калган уулдарыңа кудайым күч-кубат берсин, – деп ыр дагы арнаган экен.

Кеткен бийлик түгөнгүз элдин шору,
Кечире албайм ок аткан канкор колу.
Жан салып бермек беле баатырларга,
Жардам деп берип койгон миллион сому.

Анын дагы бир классташы Бактыбек Тынышев Саламатбектин баатырча курман болгонуна, анын аты бир көчөгө коюлуп эстелиги тургузулгандан көрө баягыдай айылыбыздын көркү болуп бир тирилигиңди кыймылдатып, бизге окшогон досторуң, балдарың менен аяшымдын кашында эч кимге белгисиз болуп эле аман жүрсөң эмне. Силер коомду өзгөртөбүз, жакшы жашоо алып келебиз, – деп башыңарды сайып жаныңарды Кыргыз үчүн кыйсаңар деле турмуш баягы, өзгөрүлгөн деле жок, кайра эле баягы шумпайлар, экстер жанталашып бийликке келип алышкан. Силерди аткандарды алиге таба алышпай, же соту болбой, ким күнөөлүү экени белгисиз, анан кантип күйбөйүн, эгерде күнөөлүү адам жок болсо анда ким атты силерди, неге курман болдуңар, – деп миң толгонуп кайгырып бул дагы "Досума кат" – деп ыр менен кайгы-муңун ырга кошуптур.

Эч нерсе өзгөрүү жок, улутунам,
Эл калды бийлик үчүн унутулган.
Кредит алып, төгүп биз кыйналдык,
Экстер май чуурутуп уурутунан.

Паракорлук тыйылбаган баягы эле,
Байкасам токтолбостой аягы эле.
Биз болсо азап тартып келатабыз,
Бийликтин ак үйдөгү карааны эле...

Бүт баарын чечип калган акча деген,
Соттордун оосун жабат акча менен.
Силерди аткандар да азап тартып,
Зындандан чыкпас болуп жатса дегем.

Саламатбектин классташтары да өзүнө окшоп кайдыгер эмес, Мекенчил, эл дегенде бетинен кеткен, акын чалыш ыр жазган жигиттер экен, чын жүрөктөрүнөн чыккан ырлары менен баатыр досун эскеришиптир.

Кыргыздын мындай жигиттери турганда келечегибиз оңолуп, кемтигибиз кайра толор деген үмүт жанат.

## АРМАН

Арман, арман арман ай түгөнбөгөн,
Ары жагы карайып түмөндөгөн.
Аппак гүлүн бат эле солуп калат,
Азабына ар жанды жүгөндөгөн.

Арман, арман, арман ай көңүлдөгү,
Айдын жүзү тумандап көрүнбөдү.
Мээнети көп айрылуу ушул экен,
Мелт-калт эткен кайгынын төгүлмөгү.

Арман, арман кабактар ачылбады,
Алдырдык го бакытты башымдагы.
Бороон бастап, нур төккөн күндү көрүп,
Болоор бекен күйүттүн басылмагы.



*Саламат үй-бүлөсү менен.*

## ЧАЙПАЛГАН ЭЛ ЭРКИНДИК, ЭРКИНДИК ДЕП...

Апрелде Ак үйүн кесир кылды,
Аталарын балдарга эсил кылды.
Атып салып мекендин уулдарын,
Апапакай жарларын жесир кылды.

Чагылгандай от болуп серпилдик тек,
Чачыраган арчадай чертилдик бек.
Чабуул жазап, эр-аял, жумурай журт.
Чайпалган эл, эркиндик, эркиндик деп!

...



# *Жолчубек уулу Урмат жөнүндө*



Жолчубек уулу Урмат 1978-жылдын 19-мартында Талас шаарында туулган. 1985-жылы Талас шаарындагы №1 орто мектептин 1- классына кирген. 1996-жылы мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1998-жылы Армияга чакырылган. 2001-жылы үйлөнүп, бир кыздуу болгон. "Кыргызтурмуш-тиричилик комплекти" акционердик коомунда мастер болуп эмгектенген. Урмат ак көңүл, эмнени максат койсо, ошону аткара билген намыскөй, Мекенинин патриот эле уулу болбой, колу ар нерсеге шыктуу, эмеректерди жасаса фантазиялап, өзгөчө бир нерсесин кошуп жазачу. Келинчеги Күмүшай (Урматтын энесинин аты да Күмүшай) Россияда иштеп жүргөндүктөн, кызы Азема чоң ата, чоң энелеринен колунда болгон, ошол күнү алдын ала бир нерсени сезгендей сагынып жүргөн кызын энесиникинен алдырып өөп-жыттап, өзгөчө эркелетип, каалаганын алып берип, жетиси күнү эртең менен паркка алып чыгып, андан кийин кызын Киев-Байтик баатыр көчөлөрүнүн кесилишиндеги туугандарына калтырып, өзү ок чуулдап, кан төгүлүп жаткан Ала-Тоо аянтына жөнөп кеткен. Агасы аскер кызматкери эле, агасындай ал да аскер адамы болгусу келчү, балким ошол жоокерлик кыял жетеледиби же ушул бийликтин жанга баткан кылыгына бир жолу чекит койгусу келдиби айтор кыйкырык-сүрөөнгө кирип кетти.. Урмат кыялындагыдай аскер адамы болбосо да, ушул 7-апрель күнү аскер кызматкериндей эле каармандыгын көрсөттү. Атылган ок анын көкүрөк тушуна тийип, жанын шейит кылды.



*Урматтын ата-энеси*

Урматтын апасы Күмүшай сабырдуу, токтоо жөн билги жакшы аял экен. Уулун кеп кылып отурду атасы экөө, улам бир жакшы жагын эстешип. Анан эле энеси "Урмат баатыр болчу" деп жатпайбы. Илгерирээк, кичине кезинде болгону төрт жашта эле, атасы Жолчубек Токтогулга командировкага кеткен, кеч кирип караңгы болуп калган, аңгыча короо тарап дүңгүрөп ууру келгендей болуп, өзүм да коркуп кеттим. Мындан чоң балдарым бар, ууру келди деп эле карбаластап калдык, бирок эч кимибиз эшикке чыга албай турсак, мен ошол ууруну кармаймын, жүргүлө десе болобу Урмат, араң турган биз наристенин сөзүнө таасирленип топурап кыйкырып эшикке чыксак, килейген эле киши экен, аттап-буттап качып жөнөдү. Ошондон улам баатыр деп койчубуз. Уулубуз Урмат колунан көөрү төгүлгөн уста эле үй толтура ошонун жасаган эмеректери турат, өзү жок, далайын тууган- таанышатар алган, азыр алар да таберик кылып алып жүрөбүз дешет.

## *Урматтын апасынын кошогу*

Урматым кетти уулум,
Ажырап турат муунум.
Алтыным Урмат сагындым,
Азабын тартып курудум.
Тим койбой, келин кызды алды,
Тирүүлөй андан суудум.



деп сабырдуу Күмүшай көз жашын, көкүрөк дартын айтып отурду. Үч жыл илгери Урмат келинчегинен ажырап кетип, жалгыз кызы Азема, Урматтын колунда бир жарым жашында калган, кыз биринчи класска келгенде минтип кырсык болуп Урматтын көзү өттү. Россияда жүргөн келинчеги келип өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, кичинекей Азема наристемди алып кетти деп сыздап отуру.



Алыстап айтар сөзүмдөн,
Арашан булак көзүмдөн.
Алдыңа кетпей мен сенин,
Адашып калдым өзүңдөн.

Күнөстүү дөңдө сен калдың,
Күн тийген жерде мен калдым.
Куурган жерде сен калдың,
Кусалуу болуп мен калдым.

Бүчүрүң куурап кагылдың,
Бүлдүркөн уулум сагындым.
Таберик кылаар уулум жок,
Тагдырыма таарындым.

Оорудум онтоп тура албай,
Оонадым жатып жыла албай.
Ок жедиң Урмат ким үчүн,
Ойдогу ишти кыла албай.

Жанымды кыйып баралбай,
Же өчүмдү чындап ала албай.
Делбе тап болуп жүрөмүн,
Деңизде туздуу аралдай.

Жел болуп кайкып өтөрдө,
Желекке колуң жетерде
Жакшылык көрбө Бакиев,
Жаныңды алды бекерге.

**Мен Өзүбеков Талас,** Урматтын досу болом, Талас шаарында чогу чоңоюп чогу өскөнбүз. Урмат ак көңүл шайыр ичинде кири жок, колунан баары келген, велосипедден баштап, автомашинага чейин ондой салчу. Экөөбүз тең үйлөнүп, үй-бүлөлүү болуп, дос болуп жүрдүк. Ал менден мурун шаарга кетип иштеп калган мага иш таап мени да ишке орноштурду. Урмат досум Акаевдин уба-

гында деле жаштыгына карабай пикеттерде жүрүп, бизге коомдогу өзгөрүүлөрдү түшүндүрүп берчү, жолукканда деле кыйналган элди, жаштардын турмушун талкуулачубуз. Кудай буйруса баары жакшы болот бактылуу да бай да болобуз дечү эле, ал жакшы турмушка ишенип жашачу.

Бакиевдин бийлигине аябай жини келип, нааразычылыгын дайым эле айта жүргөн. Көкүрөгү ачык, көңүлү куунак, жексурларды жоготом деп барып, жүрөк тушка ок жеп мертинип калды Урмат досум десе, – дагы бири ал мектептеги кезинен баштап "Манас" айта салчу. Сабагынан да жакшы окуган сергек бала эл, – дейт.

Барак-барак эскерүүлөр муңга толгон,
Баарында сен жөнүндө сырга толгон.
Өлкөнүн курмандыгы болдуң Урмат,
Өмүрдүн уландысы ырга толгон.

Урматтан айып таба албагандай жигит, сулуу, сергек, жөндөмдүү, боорукер, жолдоштукка бек, айтса түгөнгүс сапаттарга ээ экен.

**Мен Садыков Талант,** 2000-жылы Бишкек шаарындагы "Азат" корпорациясына караштуу жыгач иштетүүчү заводуна келип, Жолчубек уулу Урмат менен ошол жерден таанышкам. Урмат заводдо кыйын адистердин бири эле. Жумушка абдан жоопкерчиликтүү так мамиле кылаар эле. Заводдо чогу иштешкен жумушчулар менен бир туугандай мамиледе болчу. Урмат калп айтканды жаман көргөн чынчыл ак ниет боорукер, элпек кандай иш болбосун так аткарып ыракмат угуп жадырап турат эле. Дегеле аны унутууга болбойт, унутууга да мүмкүн эмес, биз анын жаркын элесин түбөлүккө сактайбыз.

Жолчубек уулу Урмат өзүнүн алгачкы эмгек майданын 1999-жылы июль айынан 2004-жылы июль айына чейин "Азат" корпорациясына караштуу жыгач иштетүүчү заводунда баштаган.


Ал башында ушул завод чыгарган жыгач буюмдарды майлап, сырдап алектенсе, бара бара өзүнүн жөндөмдүүлүгү артып өзү да буюм-теримдерди жасай баштаган. Көп өтпөй эле Урмат колунан көөрү төгүлгөн уста болуп чыга келди. Жогорудагы айтылган Жыгач иштетүүчү заводу чоң-чоң курулуштарга катышып, көптөгөн үйлөр, имараттардын эшик-терезелерин, дегеле жыгачтан эмне жасалса баарын даярдайт эле.

Тажрыйбасы мыкты Урмат бул нерселерди да шайма-шай жасашып, зор салымын кошуп келген. Ал катышкан объектилер:




АООТ "Курс" (1999ж), Кыргыз Республикасынын Суд Департаменти (2001-ж), АООТ "Расчетно-сберегательная компания" (2002-ж), компания "General Investments and Business", (2002-ж), АООТ "Бишкек Курулуш" (2002-ж), Кыргыз Республикасынын Социалдык Фонду (2003-ж), Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлиги (2003-ж), Коргоочу жана конвоирование Департаменти (2003-ж), ОсОО "Футбол Планета" (2003-ж), Федерация "Спасите детей" (2004-ж) жана жекече фирмалардын индивидуалдуу заказдары менен иштеген.

Урмат атына заты жарашкан, өзүнүн эмгек жамаатында сыйга ээ, шайыр, эмгекчил, талантуу, жоопкерчиликтүү эле, – деп эскерет АО "ДОЗ"дун директору Алиев М. А



*Урмат акүй алдында кармаш башталарда.*



*Урматка ок тийип кулап калды.*



# *Огомбаев Жылдызбек Мадылбекович*

1958-жылы Ак-Сай айылында туулган. 1965-жылы 7 жашка толуп, 1-класска Ак-Сай мектебинде окуп, 2-класстан баштап, Талас шаарындагы №1 мектеп интернатында окуп орто мектепти аяктаган. 1975-жылы Фрунзедеги политехникалык техникумдун, суу-чарба боюнча адистигине ээ болуп, 3 жылдай эмгектенген. 1978 жылдары кайра Талас районундагы, Манас колхозуна кайрылып келип, "Кенен" дыйкан чарбасынын жетекчилигине, андан кийин колхоздун чарба складын кармап, ар бир ишине жоопкерчилиги менен мамиле кылып, ар дайым абийирдүү кызмат өтөгөн. Жолдошторунун арасында ошондой эле жамааттын ичинде кадыр-барктуу болчу. Ар дайым ар намысын бийик туткан адамгерчиликтүү жигит болгонун тели-теңтуштары тааныш -айылдаштары чогу иштегендери, өзгөчө бир тууган эжеси көзүнүн жашын көл кылып эскерди.. Үй-бүлөлүү, эки кыз, бир уулу калды. 2010-жылдын 7-апрелинде бакиевчилердин бийлигине каршы туруп, элибиздин келечеги үчүн жаш муундардын келечеги үчүн деп аянтка чыгып, эң алгачкылардан болуп курман болгон.

Жылдызбек тууралуу далай адамдарга жолугуп сүйлөштүк баары эле анын кадыр-баркын, адамгерчилигин түгөтпөй кеп кылат. Чын эле тирүүсүндө адамдын асылдыгын сезбей көрбөй, көзү өткөндөн кийин, анын жакшы жактары мончоктой тизилип, көзгө тартылат экен. Бармактайынан бирге жүргөн теңтуш, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү Табылды Тыналиев аны төмөнкүчө эскерет.

Огомбаев Жылдызбек 1958-жылы Талас районундагы Манас колхозунан Ак-Сай айылында туулган. Талас шаарындагы мектеп



-интернаттан 8-классты окуп бүтүрдү. Андан А. Оторбаев атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. Мектеп жашынан эле зээндүү эле. Айткан сөзүнө турган, жоопкерчиликтүү, өзүнө бекитилген кандай жумуш болбосун, так аткарууга аракет кылчу. 1975-жылы Фрунзедеги политехникалык техникумду бүтүрдү. Шарты оор, борбордон алыс жайгашкан Чаткал жана Ак-Талаа райондорунда төрт жылдай суу чарба адис болуп, иштеп келди.

Атасы Мадылбек колхоздо парторг болуп иштеп, каза болуп калган. Жылдызбек да бир топ жылдары дыйкан чарбасын башкарды, кампанын башчысы болуп эмгектенди.

Кийинки жылдары Бишкек шаарында жашачу. Далай ирет эл топтолгон жыйын, пикеттерде элдик курултай болобу же бир акциялар болсо ал жерге катышып, элдин үнүн угуп, өз ойлорун да тартынбай айтып жүргөн. Жубайы Сабира бир нерседен кооптондубу, чочулаган түрдө, Таластагы кагылыштан телефон аркылуу кабар алганын, ушу бүгүн эч жакка чыкпай эле койуусун өтүнгөн. Борбордук аянтка барууга камынып атканын айтканда, анын аянтка барышына каршылык көрсөткөн. "Силер эмнени чечмек элеңер, аянтка барбай эле койбойсуңарбы", деген Сабиранын сөзүнө ал көнгөн эмес. Ал тургай кошуналарына да "Жол киреңерди деле мен төлөйүн, тамагыңар деле менден болсун, жүргүлө, бийликке айбат көрсөтүп келели" деп элди да үгүттөп алып барган. "Паспортуңарды жаныңарга салып алгыла. Же эч кандай партияда болбосок, кокус каттап калышса, кереги тийет" деп айткан. Эртең менен чайын ичип, ак калпагын кийип алып, аянтка жөнөп кеткен. Анын Сулайман аттуу коңшусу Жылдызбектер болуп, "Форумдан" баштап, Ала-Тоо аянтына чейин бирге барышканын жана Жылдызбектин алдыңкы катарда жүргөнүн айтты. Аянтта ал күнкү көрсөтүлгөн телесюжеттердин арасында колун көтөрүп. "Алга балдар! Артка кайтпагыла!" – деп элди сүрөп жол баштагандардын башында Ала-Тоодой ак калпагы, зоңкойгон зоот мүчөл, эр жүрөк жараныбыз дал ушул Огомбаев Жылдызбек экен. Жылдызбек алгалап жүрүп, биринчилерден болуп, Ак үйдүн төбөсүнөн тике элди карай атылган октон шейит кетти. Атылган ок анын башына тийген. Коңшусу Сулайман анын жерге түшкөн кол чатырын көтөрө келген. Өз көзү менен көргөн Жылдызбектин эрдигин айтып түгөтпөй, түбөлүк эсте жүрөрүн эскерет.

Артында калган туяктары, уулу Чыныбек, кыздары Гулзат менен Гүлшат, неберелери атасынан айрылып, кабыргалары кайышса дагы, бул эрдигин эстеп бир четинен сыймыктанып да жү-

рүшөөр. Жылдызбекти баары эскерип, кишинин көңүлүн көтөрүп, ар убак жакшылыгын аябай жардам берген, адамдын көңүлүн оорутпаган мүнөзү тууралуу кеп кылып жатышат. Кийинки кездери ал мурункудан бетер жайдары камкор болуп кеткен. Кичине жерине кулпунайдын көчөтүн олтургузуп койгон. Муздаткычын этке толтуруп, митингден кайтканда майрам кылып, бешбармак бышырып жешмек болгон. Уулу экөө жакында "бусик" менен рейске чыгууга камданып жүрүшкөн. Уулума эл-жерин көргөзөм, досторум менен тааныштырам деп кыялданып, бактылуу турмушту эңсеп күтчү эле.



Жылдызбектин эжеси Базаркүл айымдын көзүндөгү жашын, көкүрөгүндөгү дартын айтып түгөтпөй турган абалында жолуктум. Ал бир тууганынын таза жүрөк, чынчылдыгы менен тууган дегенде ичкен ашын жерге койгон боорукерлигин, ар убак ажат ачкан колу ачыктыгын айтып жатып баса ыр- аңгеме жазып жүргөнүн да билерин айтты. Буйрса бир убакта китеп кылып чыгарам, – дээр эле. Илгерирээк Чаткалда иштеп жүргөндө жездеси экөөбүзгө убара болуп машинанын эки дөңгөлөгүн алып келиптир (дөңгөлөк ошол кезде таңсык эле), муну эмне алыстан убара болуп алып келдиң, – десек колумдан келсе жездем экөөңөргө кыларым башка, бул эмне болуп калыптыр деген. Бир билгеним ушул бардар турмушуна канаат кылып, жакшы жашаса да мамлекетибиздин абалына ичи чыкпай, кайсы жерде элдик наразылык акциялар, пикет-жыйындар болсо ага катышып туура сөзүн айткандан тайманчу эмес. Ал бизди да коомдун абалына кайдыгер карабагыла, эртеңки балдардын келечегин кантебиз дегендерин кантип унутам. Ага кошулуп менин да көз карашым далай өзгөрүлгөн, жаңылбаптыр алтыным, баары эле өзү айткандай болду, эң эле азаптуусу Жылдызбектен айрылып калганыбыз болду. Тойлордо аябай өзүн жакшы алып отурар эле, шайыр, чукугандай сөз тапкан, жанындагылар менен бат эле бир туугандай мамиле түзүп, эртеси эле кайра конокко чакырып, туугандашып, достошуп кетчү. Мен Таластык кадимки Атай Огомбаевдин баласы болом., бирок



ырчы болбой калбадымбы, – деп тамашалап калчу. Баягы чарбалар жаңы уюшулуп кыйынчылык басып турган жылдары жакын туугандарыбыздын бирине көп суммада акча карызга бере коюп, кийин ала албай убара болгондо өзүнүн волгасын сатып кутулган. Кай жерде болбосун Жылдызымдын жаркыраган орду бар эле. Тиричилик менен үйүнө барсам барбалактап тозуп алып, берерге ашын таппай телегейимди тегиз кылар эле. Үйүнөн чыкканда зоңкойгон каралдым мени коштоп бети-башымдан өпкүлөп узатчу. Эми мени ким ошентип тозуп, ким узатат, – деп Базаркүл бурулдап ыйлап калды.

Каралдым менин,
Кантейин сенден айрылдым.
Кабыргам сынып,
Кабагым түшүп кайгырдым.
Каралдым менин,
Күтөмүн келип калчудай.
Дагы эле тойго,
Катарлаш бирге барчудай.
Кантейин боорум.
Көрбөсмүн ушул жалганда.
Элесиң жашап,
Эжекең өтөр арманда.

Чын эле Жылдызбектин эжеси Базаркүл ачык-айрым, өзүнүн коомдук көз карашы бар, Кыргыз элинин кызыкчылыгын ойлогон, жөн билги аял заты экен. Жашы өйдөлөп калса да мыкты адис катары коомго кызмат өтөп, адамдарга чыныгы турмуштук тажрыйбасы менен бөлүшүп жашап жатыптыр.

Жыл маалы болгондо Жылдызбек Огомбаевдин өзү туулуп өскөн Манас айылында эстелиги орнотулду, коомчулуктун катышуусунда митиг өтүп, маркумдун үй-бүлө, жакындарына көңүл айтылып арбагына куран окулду. Баатырдын эстелиги КЫРГЫЗ ЭЛИН кырсыктан коргоочудай түр калтырат.

Жылдызбектин сөөгү Аламүдүн районунун Байтик айылына коюлду.



*Жубайы Сабира жана окул апасы Токтобүбү апа менен*

## ДОСУМ ОГОНБАЕВ ЖЫЛДЫЗБЕК ЭЛ БААТЫРЫ ДЕШКЕ ТОЛУК ТАТЫКТУУ

Эр Чолпонбай жата бербей окопто,
Эл жери үчүн төшүн тоссо дзотко.
Элиң үчүн сен да тостуң жүрөгүн,
Ажал издеп далбастаган шум окко.

Шар-шар сүйлөп арамдыкты билбеген,
Ачык мүнөз жаркылдаган жан элең.
Эчен кылым өчпөс эрдик калтырдың,
Көлдөй толкуп, сыймыктанам сен менен.

Желбирете колго кармай кызыл туу,
Элди баштап сөздөр менен жалындуу.
Жылдызбектей курман болгон жигиттер,
Эл баатыры дешке толук татыктуу.

Сен жанында турган өңдүү туюлуп,
Ар тамгага көздөн жашым куюлуп.
Араң жаздым боор этим тилинип,
Шейит болгун, бейиш төрү буйруп.

*Табылды Тыналиев, досу*





Жылдызбектин бир тууган жеңеси Чынара оозунан кайгы бүркүп эскерет. Көрсө жеңеси Чынара, Жылдызбек жана аялы Сабира болуп бир айылда, бир класста чогу окушкан. Балалыгым чогу өсүп, анан буйрук экен бир тууган агасына турмушка чыгып, минтип очор-бачар болуп, чай иче баштаганда жок болуп калды.

Өткөндө кызы күйөөгө кетип, кешигин жеп, бакыт каалап турганда, эмне үчүндүр чөнтөгүнөн телефонун чыгарып агасына белекке берген, буюм болсо да эстелик кылып агасы чөнтөгүнө салып жүрөт. Баса ошондо өлөрүн билгенсип, чоң ата-чоң энесине куран окутуп кеткен. Китепканачы Чынар жеңеси Жылдызбектин улуу агалары жөнүндө да кызыктуу төмөнкү окуяны айтып берди. Илгерирээк Огомбаев Сыргабек менен Алтынбек деген эки агасы армияда кызмат өтөп жүрүп, каармандык менен кайтыш болгонун а түгүл Сыргабек агасынын Украинада бир мектепте аты коюлуп, аталып калганын СССРдин убагында ушундай патриоттугу үчүн аябай даңкталгандыгын айта кетти. Чын эле булар тукуму менен мекенчил патриоттор болсо керек деген ойдо калдым.

Жылдыздай жанган Жылдызбек
Жылып бир кеттиң Кыргыз деп.
Тарс эткен окко кабылдың,
Татыктуу, таттуу, турмуш деп.

Жетиштүү жашоон бар эле,
Жемиштүү турмуш бал эле.
Сабырдуу, эстүү бирге өскөн
Сабира мыкты жар эле.

Өкүнтүп калган аганды,
Өмүрдүн арты караңгы.
Чырылдатып таштадың,
Чыныбек деген балаңды.

Күн менен гүлдөй кыздары,
Күйүттү тартып сыздады.
Эч качан сени унутпай,
Эскерип турат кыш дагы.

Кара-Суу, Манас айылың,
Калдайган Кушчу кайының.
Буйрукка айла жок экен,
Бишкекте болду кабырың.

Бириккен элди колдоймн деп,
Бийликтен элди коргоймн деп.
Башымды катып ийниме,
Басынган байкуш болбоймн деп...

Заңкайып басып барыптыр,
Сабына түшүп алыптыр.
Колтукка тийип коргошун,
Жүрөгүн жарып салыптыр.



*Жылдызбектин иниси Нурлан да бу бүлөнүн кабыргасын кайыштырып, ушул жылы кырсыктан каза тапты...*

Чын эле жүрөк түшуна 7-апрелде он бирлер чамасында ок тийип биринчилерден болуп көз жумган. Кайран жигит эңсеген заманына жетпей кетти, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун.

Байып-чирип, кызматы аркалабай,
Баатыр чыкма балдарды калкалабай.
Сатып баарын жеп салбай, элдин мүлкүн,
Салкынырaak жүрсө го чалкалабай.
Жөндүү болсо мыйзамы парламенттин,
Жөн коюшмак Ак үйдү талкалабай.

...





**Айылчиев Эмилбектин толук үйбүлөсү**



**Ашыралиев Саламатбек ата-энеси менен**




Огомбаев Жылдызбек үйбүлөсү менен



Жолчубек улуу Урмат



Урматтын ата-энеси...



...жана кызы



Назарбеков Казбек Казак уулу



Казбектин үйбүлөсү



Бекболсын уул-кызы менен





**Үсөн уулу Дастан жана анын достору**




**Сейдесанов Күмүшбек Сүйүнтбек уулу**

# *Сейдесанов Күмүшбек Сүйүнтбек уулу*



1964-жылы 1-августа Талас районуна караштуу Арал айылында туулган. Атасы Сейданов Сүйүнтбек, апасы Түлөжанова Маана апа экөө кеңешип, Маана апанын бир тууганы Түлөжанов Кожонаалы жалгыз болгондуктан Күмүшбекти 1 жашынан таятасы Түлөжанов Соорбек, таянеси Түлөжанова Шайымбүбү апанын колуна беришет. Таята-таянесинин көзү өткөн соң, таякеси Кожонаалы, таяжеңеси Камбарова Уулжандын колунда тарбияланат.

Күмүшбек орто мектепти аяктагандан кийин, Россиянын Петрозаводск шаарына токой-чарба техникумуна өтөт. Техникумду ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Токтогул районундагы "Чычкан" токой чарбасынан баштаган. Талас районундагы Иоганесдорф мектеп-интернатында мугалим, Талас шаарындагы ДОАК автомектебинде инструктор болуп иштеген.

1991-жылы Жубайы Жоробекова Гульмира менен баш кошуп, бир кыз, эки уулдуу болушкан. Кызы Мээрим менен Эмир студенттер, ал эми кичүү уулу Нуржигит 7-класста окуйт.

Союз тарагандан кийин, эл катары ар кандай иштерде иштеп жүрдү. Азыркы кезде "Кудайберген" базарында автотетиктерин сатчу. Бош убагында Күмүшбек ыр жаза койчу. Элим-жерим деген ак-ниет, чынчыл, патриот Адам болчу.

«Ышкысы бардын ыйманы бар» демекчи, Кумүшбек ыр жазган, жан – дүйнөсү акын, сезимтал, патриот жан экен.

Билими туруп кызматка жулунбай, жер, Эл деген аздек оюн ак туткан жигит ошол күнү таң атпай жуунуп, мечитке барып, уулун окуусуна жөнөтүп өлүмгө тике келгендей сыр калтырат. Буга чейин деле элдик кыймылдарда ири алдыда жүрүп, башкалардын сезимине от салган далай окуяларды бакан энеси (чындыгында таяжеңе, таякеси) көзүнүн жашын көл кылып айтып отурду.



*Күмүшбектин баккан ата- энелери*
*Кожоналы байке, Уулжан эжелер менен бирге*

– Ыраазымын, эки дүйнө ыраазымын, 40 жыл бирге болуп бир жолу көңүлүм калбаптыр, мен келгенде бештеги бала эле, эне – бала болуп жашадык, көңүлүм калбады, көкүрөгүм агарды. Кандай кыйынчылык болсо да жолун таап жеңер эле. Жалбырактай дирилдеп жаныма жакын, балдарымдын улуусу, сүйөнгөн тообуз эле.

Кантейин тоом кулап, оңбой калдык, же бирин экин көңүлүм калсачы, же бөлөктүгүн билсемчи, эстүүлүгүнөн ал билдирчү эмес, мен билчү эмесмин. Өзүнүн көп бир туугандары менен да, биз менен да эл менен да бир тууган эле, жөндөмдүү неме Бишкекке кетип өз үй бүлөсү мен үй алып жашап калды. Иши оңунда болуп, оокат – тирилиги кенен, Таластан топурап баргандарыбыздын баары үйүнө батып, сыйын көрүп, жардамын алгандар аз эмес.



1964 – жылы туулган. Окуу бүттү, кызмат кылды, үй – бүлө күттү, бир кыз эки уулдуу болду. Коом өзгөрүлгөндө бу да өзгөрүлүп, токойчу кызматын таштап, базарга кирди. Ошол базары менен алышып жүрө бербей коомдогу өзгөрүүлөргө, өлкөдөгү саясий абалга кайдыгер карай өлгөн жок.

Ар качан жолукканда биздин үйдө же өзүнүн үйүндө, туугандар арасында болбосун ушул бийликке нааразычылыгын айтып, келечекте биздин балдар кантет, кайдыгер болбойлучу, коомду оңдобойлубу, – дей берчи эле. Биз көп деле маани бербей азыр ким эле ыраазы дейсиң дегендей сөз айтсак кадимкидей капа болуп, маанайы суз тартып, ичи чыкпай жүргөнүнө көп болгон.

Эми карап отурсак жазган ырлары айтып тургандай Мекен үчүн эчак эле өмүрүн арнап койгон экен.

«Кыргыздар, кыргызмын», – деген духтагы жарыяланбаган бир топ ырларын окуп отуруп мындай ойго келдим.

Билинбеген билимдүү Жан экенсиң,
Бийиктигиң чокудай бар экенсиң.
Сылык – сыпаа тууганга боорун берген,
Сыймыктанчу жубайга жар экенсиң.

Жаралуубу жүрөгүң, жаркын беле,
Жабык маанай, табылбас алтын беле.
Жанын бердиң кыргызга бир ойлонбой,
Жакшы көрүп унутпайт калкың деле.

Ысык экен маанайың өчүрдүң го,
Ыйык жерден жаныңды көчүрдүң го.
Кайнап турган жашоондон кечип кетти,
Кандай кылдык, каралдым өкүндүң го.

Күмүш сени туугандарың менен жакындарың эле эмес бүтүндөй кыргыз эли түбөлүккө эскерет, ал эми жүрөгүңдөн чыккан ырларыңды кийинки муун окуп, патриоттуулукка тарбияланарына ишенебиз.

## БӨЛҮНБӨ ЭЛИМ БӨЛҮНБӨ

*(Бул ырды мындан үч жыл мурун өзү жазган эле)*

Бөлүнбө элим бөлүнбө,
Эрте өлүп жерге көмүлбө.
Салмактап көргүн замандаш,
Айтканы эмне жөнүндө?

Бөлүнсөң элим бөөдө өлүм.
Оорубайт башы бөлгөндүн,
Кыйналам Кыргыз сен үчүн,
Кысылат жүрөк-көөдөнүм.

Бөлүнсөң ишиң бузулар.
Бөлгөндөр жыргап-кутурар.
Башынан эле бийлигин,
Баштаган кырсык ушулар.

Бөлгөнүн көрүп кээ бирдин,
Кыдырып кыргыз бүт жерин.
Кесиби кылган ушу дейт,
Көрбөдүм иштин бүткөнүн

Күмүштүн жүрөгү ар убак Кыргыз деп согуп, сокпой калган күнү Кыргыз деп барып токтогон тура.

" Кыргызым деп согот менин жүрөгүм" деген ыры кудум мурдатан өзүн ушул күнгө даярдап жүргөндөй таасир калтырат.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн,
Өткөн күндөр өткөн сайын күйөмүн.
Аттиң өттү пайда бербей бул кунум,
Пайда берген кундү кайдан издеймин.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн,
Пайдасы жок улуу Кыргыз калкыма.
Өз күнүмдү эптеп көрүп жүрөмүн,
Ооз көптүрүп кээде сүйлөйм жалпыга.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн.
Эл ичинде эптеп өмүр сүрөмүн.



Кайсы күнү кайдан табам пайда деп,
Турмушумдун арабасын сүйрөймүн.

Өзүм билбейм эмне кылып жүрөмүн,
Кыргызым деп согот менин жүрөгүм.
Элге керек сенин жаның десе эгер,
Эч кылчайбай жанымды да беремин.

Жүрөгүндөн миң толгонуп Кыргыз үчүн купуя сыр кылып керек болсо жанымды да беремин деп муңканып, кууралган куу тирликтен башың чыкпай жүрсө да ар бир мүнөттө улуу элиңдин башындагы кыйынчылыгы менен адилетсиз бийликтин кылыгы жанынды кыйнап жүргөнүн ким билиптир!

Көрсө сен чыныгы эл уулу турбайсыңбы Күмүшбек.

Бөлүнбө, кыргыз бөлүнбө деген ырың да бизге сенден эстелик болуп калсын, мындан ары бөлүнбөсөк экен, – деп тилек кылалы.

"Жакшы сөз жарым ырыс"- дегендей Күмүшбек тууралуу жолуккан кишиден эле жалаң жакшы сөз угуп, атаңгөрү ай жакшы адамды кудай таала да жакшы көрүп алып кетеби деп калдым. Көзүнүн жашы буурчактаткан баккан апасы (тайжеңе) Улжан эже Күмүшбектин жакшылыгын айтып түгөтөр эмес.

Баарынан да Бишкекте жүрүп (6-апрелде) Таластын абалына кыйналганычы, мамлекет тынч эмес, эл эмне болот, сак болгула, кайдыгер болбогула, бийликке ишенбегиле деп эле чалып жаткан. КТР де болсо Данияр Үсөнов эч нерсе болбойт, Талас тынч, болгону бир бейбаштардын тобун, азыр эле токтотобуз деп күпүлдөп жатканына да ишенип турганбыз. Көрсө калп айтып, айласы түгөнүп, Бакиевдин камчысы болуп, өз элин опузалап жаткан тура, кудай ургур, кудайдан жөө качкан макоо, оңдой берсин болуп мыйзамыбыз так иштеп ушулар жоопко тартылар күнү келээр бекен, – деп сөзүн андан ары улады.

Улжан эже улам-улам эскерип жатып төмөнкүлөрдү кошумчалады.

Эстей турган дагы бир нерсе 24-март күнү Беловодскийде туугандар менен мейманда элек Күмүшбек бышып жаткан тамакты таштап, "барышым керек эле" - деп келинчегин ээрчитип тынчтык митингине аянтка кетип калгандыгы эсимде.

Каргашалуу кандуу 7-апрель күнү Күмүшбек эртең менен туруп душка түшүп, ач карын улуу баласы Эмирди менчик машинасы менен мечитке чогу келишип зыярат кылып, үйүнө барып баласын

жеткизип сен сабагыңа бара бер, мен Ала-Тоо аянтына барам деп бет алып атайын кетет. Ошол эле күнү Кожон байкеси телефон чалып, кайдасың эмне болуп жатат деп сураганда, ак үйдү көздөй бара жатабыз деген. Бир аздан кийин чалса, милициялар менен тирелишип турабыз деди. Дагы аз убакыт өткөндөн кийин чалса телефонун бөлөк бала алып, сен кимсиң деп сураса мен, Илим деген Ысык-Көлдүк баламын, Күмүшбек байкеге ок тийип, больницага жөнөттүк, деп эле телефонду өчүрүп койду. Уккандан кийин келинибизге телефон чалып Күмүшбекке ок тийиптир больницадан издегиле деп айттык. Өзүбүз чыгалы десек Тараз жагынан таможнясын жаап өткөрбөй койду, өтмөк жагынан да өткөрбөй жаткандыгын айтып келишти. Эң алды ушунчалык мыкаачы көзгө атарларды жалдап, даярдап мээлеп аткандарын деги ойлобоптурбуз. Тим эле резин октору менен элди коркутуш үчүн атканбы деп да ойлодук.

Көрсө ошол учурда активдүү элди алдыга сүрөп жанындагы чуркап бара жаткан балдарга көчөдө жаткан бронежелеттерди денеңерге кийип алгыла, артка чегинбегиле, чегинүүгө жол жок, алдыга, алдыга, алдыга, – деп кыйкырып бара жаткан Күмүшбекти көргөн балдар өздөрү айтып беришти. Ошентип, Күмүшбек Бакиевдин атайлап аттырган кандуу огунан ак үйдүн темир тосмосунун камаз автомашинасы өрттөлгөн бурчтун түбүнөн башка тийген октун кесепетинен курман болот. Бул окуяны Ысык-Көлдүк Илим (азыркы учурда Арабаев атындагы университетинде мугалим), мындайча сүрөттөйт: Ак үйдөн тарсылдатып аттырып жаткан окторуна каршы өзгөчөлөнүп элдерди алдыга үндөп жаткан жигитке ок тийип өзү жыгылганда колундагы телефону ыргып кетти.


Чуркап барып төрт бала болуп көтөрүп алып чыктык, чөнтөк телефонун мен алып алдым, ошол учурда бирөө Күмүшбекке чалды, көрсө Кожон байке экендигин кийин жолукканда билдим. “Күмүшбек байкеге ок тийгенде эле кайтыш болгон бирок, мен айта албай больницадан издегиле деп койдум” - дейт.

Күмүшбектин уулу Эмир; атамды аянтка барба деп айта албай, бир жамандыкты сезгенсип, тилим булдуруктап, ата абайлаңыз дегем, - десе, досу Бакыт: - экөөбүз бир мектепте бир окуп, кымындайыбыздан достошуп, Бишкекте да үй-бүлөбүз менен



чогу жүрдүк. Мен ошол күнү гана бөлүндүм, 6-апрель күнү эле кечинде биздин үйдө конок болушкан, ал “Эртең элдик курултайга” барасыңбы деди, “Бара албайм, жумуштан бошобойм” - дедим. Кейигенсип “Биз чыкпасак, ким чыгат, балдардын келечеги не болот”- деген эле. Акыркы көрүшүм ошол болду. Эртеси улам-улам телефон чалышып турдук, “Келбейсиңби” - деп дагы бир жолу айтты, бул сөз түбөлүккө кулагымда калды. Мен барбадым.

Ооба, Күмүш сендейлер өтө саналуу,
Ооматын журттун ойлогон жүрөк жаралуу.
Жулунган бийлик, жаныңды суурул кетишти,
Жубайың калды, балдарың менен каралуу.
Жүрөккө толгон ырларың калды артында,
Жүзүндө абийир, кадырың калды калкында.
Жибитип жанды, эл дедиң соңку мүнөттө,
Жигиттик кылдың Күмүшбек Кыргыз салтында.
Ооба Күмүш сендейлер аздыр билбедик,
Ок тийген баатыр болдуңар неге иргелип.
Жүрсөң го тирүү, арабыз толуп чачырап,
Жүзүбүз салкын, жүрөктөр ооруп зилдедик.



*Күмүшбек үй-бүлөсү менен*



Эмнегедир Күмүшбек өз тагдырын элине арнап койгондой элес калтырды, кай убакта болбосун, кай жерде жүрбөсүн өзүнөн мурун өлкөсүн ойлогон жан белең. Же таптаза жүрөгүң менен Кыргызыңды түп тамырынан өзгөртүп агартмак болдуң беле? Тилегиңе өзүң жетпесең артыңда калган капкалуу калың элиң жетер, сенин тагдырың баатыр экен, баатырча жашап баатырча курман болдуң, дайыма жадырап –жайнап күлө багып жүргөн жүзүңдү биз түбөлүккө унутпайбыз.

Муюбаган улуу тоонун ташындай,
Муун өткөн Кыргыз деген басынбай.
Мынча неге ыйык элең ата-журт,
Муңдуу-сырдуу үнүң угам басылбай...

Түгөнбөгөн улуу Нарын суусундай
Душман үчүн ажыдаардын уусундай,
Кыргыз деген өнүп-өсүп келатат,
Кылымдардын кызыл байрак туусундай.

Үнүң угам топурактан, дарактан,
Үргүлөсөм көз ачылып таң аткан.
Татыктуу кыл Кыргыз деген атыма,
Тагдырыма ыраазымын жараткан.

•••



## *Үсөн уулу Дастан*



1990-жылы 1-январда Талас областынын Кара-Буура районунун Бакыян айылында туулган. Дастан болгону жыйырма жашта эле. Кыз жандап жүрөөр мындай жигиттердин жаштык учуру кыйын кезге туш келип калды. Эч жакты карабай, бийлик жерин, байлыгын текейден арзан сатып, айтор кай жагынан караба, кыргызча кыянат иш көп болду. Дастанга окшогон эр-жүрөк жигиттери ушул жеңиш үчүн өмүрүн бергени эч кимдин эсинен кетпейт. Канкор бийликтин аткан огу анын омурткасын жаралап, ошол жараатынан көз жумуп кеткен. Дастандын сөөгү Талас областынын Кара-Буура районунун Бакыян айылына коюлган.

Жыйырма жашка жетип-жетпеген, балдыркан өмүрүндө Дастан тууралу жүрөктү толкуткан ысык сөздөрдү өзү менен чогу жүргөн классташ балдарынан уктум. Дастандын ата-энеси далай жылдан бери эле Казакстанда эмгектенет экен, алар менен баарлаша албадык. Дастанга кудай акыл эс, өң түс, ак жүрөк берген экен, аман жүрсө кыргызга камчы сап болчу жигиттерден болмок, тилекке жетпей жок болуп калганына көз жашы кылып отурдук. Дастандын Талас районунун Көк-Ой мектебинде чогу окушкан Атай Тогонбаев менен Эмил Канатбеков деген балдар күйүп отурушуп эскеришти. Мончоктой болгон дос балдары улам бир кылыгын айтып,

улам эле анын бир жакшы сапатын айтып түгөтпөй жүрөктө-рү ооруп, күнөөлүүдөй ылдый карап эскерип отурушту.

– Дастан чын эле өзгөчө болчу, биз менен жетинчи класс-та окуган, ата-энеси Казакстанда иштеп жүргөндүктөн Дас-тан да кошо кеткен. Үч жылдан кийин кайра келе жаткан-да Кубатбек деген классташ баласы тосуп алганда көргөн окуясы, Таластын жерин кучактап жерди өпкөнүн, жер жыт-таганын убагында биз түшүнгөн эмеспиз. Мен өзүмдүн же-риме жер жетпейт, силер билбейсиңер балдар, мен эми өз жеримден эч жакка кетпеймин. Ата энем өздөрү деле иштей беришет, чоңоюп калдым Таласта эле болом деп койгон. Атүгүл Дастандын апасы Нуржамал эже Казакстанда врач болуп иштеп жүрүп, Таласка келип үйүн сатмакчы болгон-до Дастан аны саттырбай, өзү ремонт жазап алып калганын дагы классташтары айтышты. Дастандын достукка бек, айт-канын так аткарган, саясатка кызыккан, чындыкка тик кара-ган, бала болсо да чоң адамдардай баардык ишке олуттуу мамиле жазаганы, чөйрөдөгү өйдө-ылдыйга кайдыгер ка-рабагандыгын классташтары эскерип жатышты. Дастан би-лимге аябай ынтызар эле Бишкектеги КГУСТАда энергетика факультетине тапшырганда да, элге энергетик аябай керек, биз келип ушул тармакты ондобосок ким ондойт деп калчу. Дастан окуп да иштеп да жүрдү. Өзү иштеген корпорацияда товар боюнча агент болуп иштечү, ошол күнү иштеген же-ринен чакырса телефону жок болуп барбай калат. Түштөн кийин жанында жүргөн балага “Жүрчү эл аз болуп жатат кө-рүнөт, эки киши болсок да жардам болсун” баралычы, элге жардам берели жүрчү деп жанындагы баласы менен жете-лешип Акүйгө жете келгенде эле Дастан алдыга кирип кет-кендигин айтышты. Согушта жоого кирген баатырдай элес калтырган, он гүлүнүн бири ачыла элек, күлүс балага ар ки-мибиз жүрөгүбүздөн гүл койолу.

Айланайын Дастаным,
Ачылбай гүлүң соолуду.
Таластын баатыр уулу деп,
Тарыхка түшөр жоругу.



Мөлтүрөгөн Дастаным,
Мөмөңдү төкпөй үзүлдүң.
Улуу экен сенин сезимиң,
Уулум сени түшүндүм.

Жадыраган Дастаным,
Жаңыдан аткан актаңым.
Ата-эне, Ала- Тооңду,
Аябай неге таштадың.

Жүрөгүң гүлбү Дастаным,
Жүрсөң го тирүү сен деле.
Жан дүйнөң жайнап ачылып,
Жарыкка жаңы келди элең.

Футболуң тээп ойнобой,
Бурулуп бизди ойлобой.
Эх чиркин, атып салышты,
Эркиндик заман орнобой.

Кол тобуң ыргып ойнобой,
Кокуй күн бизди ойлобой.
Канкорлор атып салышты,
Калыс би заман орнобой.

Жаз элең жаңы көктөмдөй,
Жаш кезиң калды өткөрбөй.
Агарып турган жел кайык,
Адашып кетти чөккөндөй.

## АРМАН

Арман, арман, арман ай түгөнбөгөн,
Ары жагы көбөйүп түмөндөгөн.
Аппак гүлүң бат эле соолуп калып,
Азабына ар жанды жүгөндөгөн.

Арман, арман, арман ай көңүлдөгү,
Айдын нуру тумандап көрүнбөдү.

Мени кыйнап өмүрүм өтөөр бекен,
Мелт калт этип кайгынын төгүлмөгү.

Арман, арман, арман ай башымдагы,
Алдырдың ээ баланды кашыңдагы.
Бороон бастап, нур төккөн күндү көрөөр,
Болор бекен күйүттүн басылмагы.

Дастандын атасы Үсөн мага кечирээк жолукту, сабырдуу жөн билги адам экен, капалыгын ичине катып колуна кармай келген Дастандын сүрөттөрү менен дагы бир барак маалыматты берди. Пендечилик сөз курдук, ичинде от болгон кайгысын билдирбей, мындан ары мамлекетибиз эле оңолуп кетсе экен деген тилегин билдирди.



•••



# *Сатыбалдиев Бекбосын Мадин уулу*



Сатыбалдиев Бекбосын Мадинович 1961-жылдын 8-мартында Казак Республикасынын Жамбыл областынын Жуалы районунда туулган. Атасы-Сатыбалдиев Мадин жана апасы-Сатыбалдиева Жумагул дагы карапайым жумушчу үй-бүлө болуп, коңшу казак айылында иштешкен. Ошол жерде бул үй-бүлөнүн бир кыз, эки уулу төрөлүшкөн. Андан кийин, Талас областынын Кара-Буура (мурдагы Киров) районунун Шекер айыл өкмөтүнө караштуу Арчагул айылына туугандарына келишип, Мадин ата - механизатор, Жумагул апа - тамекичи болуп эмгектенишкен. Бул жерден дагы уул, кыздуу болушкан. Мадин ата, Жумагул апа 3 уул 5 кыздуу болгон көп балалуу ата-энелерден. Бекбосын үй-бүлөнүн 3-баласы. Сатыбалдиевдер айылдагы эл сыйлаган, кадыр-барктуу үй-бүлө. Атасы менен энеси бул дүйнөдөн өтүп кетишсе дагы, айыл тургундары эч качан эстеринен чыгарышпайт, дайыма эстешип турушат. Бекбосын 1968-жылы Арчагул башталгыч классынын 1-классына кирип, Ч. Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасындагы каарман. Дүйшөн агайдын мектебинен билим алган. Мектепте окуп жүргөндө эле, мүнөзү оор, класссташ балдар, кыздардан жардамын аябаган, пейили кенен, эч кимдин көңүлүн калтырбаган бала болчу. Карапайым үй-бүлөдө өскөндүктөн, тырышчаак эмгекчил эле. Кандай гана тапшырма бербесин, аны аягына чыгара так аткарчу.

1976-жылы Арчагул 8 жылдык мектебин аяктап, Жоон-Дөбө айылындагы №13 кесипчилик-техникалык окуу жайына тапшырып, тракторист-машинист кесибине ээ болот. Андан кийин алыскы Белоруссия жергесинде Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Кызмат өтөп келгенден кийин өзүнүн чоңоюп өскөн "Ше-

кер" колхозунда тракторист болуп иштеген. Ошол кездеги бирге иштешкен кесиптештери аны дайыма эмгекчил, жумуштун майын чыгара иштеген инсан катары дайыма эскеришет. Андан кийин 1982-жылы мурдагы Фрунзе шаарына келип, контроль- өлчөөчү приборлор заводунда эмгектенет. 1985-жылдан баштап Фрунзе шаарындагы үй куруу комбинатында өмүрүнүн аягына чейин эмгектенет. Алгач карапайым жумушчудан баштап, мастерликке чейин жетет. Дарак бир жерден көгөрөт дегендей, жамаат арасында кадыр-баркы чоң эле. Аны окко учуп каза болгондо, бирге иштеген жамааты калайыкка куран окутушкандыгынын айта кетпесек болбойт. Бекбосын билимин жогорулатуу максатында, алгач Фрунзе политехникалык институтунун даярдоо курсунда окуган. Шартка байланыштуу окуусун уланта албай калган. Бирок тырышчаак инсан Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетине сырттан тапшырып, быйылкы жылы 3-курсту аяктамак. Өмүрлүк жары Нуржан экөөнүн баш кошконуна 25 жылдын жүзү болду. Экөөсү 2 уул, 1 кыздуу болушту. Уулусу Мирлан дагы атасынын жолун жолдоп Кыргыз мамлекеттик курулуш-транспорт жана архитектура университетинде окуду. Кийинки эгиз уул-кызы, Нурлан менен Нургүл Э. Алиев атындагы Ички иштер министрлигинин академиясында билим алып жатышат. Келечекте мекенибиздин тартип сакчылары болгулары келишет. Балдар, кыздарынын жакшылыгын көрөөр мезгилде, Бакиевчилердин огунан каза таап жер кучактап жатып калды.

7-апрель күнү курсант баласы Нурланды ак үйдү коргоого буйрук келип, ошол жакта курсанттар менен болушканын уккан атасы, баласынын үйдө кийген кийимин алып барып, баласын ак үйдөн алып чыгып кетем деп, жумуштан шашып жөнөйт. Ак үйдүн аркасынан барып, баламдын кийимдерин ошол жактан берем деген оюнда эле. Туура ошол мезгилде ак үйдөн качып чыккан чыкынчылардын автомат менен атылган огуна туш келет.

Ок тийбе менин балама,
Онтобо кокус садага.
Ажалдын тосом алдынан,
Ал окко өзүм барам-аа...
... дедиңби неге ашыктың,
дем албай анча шашыпсың.
Канкорлор кайран атаның,
Калтырбай жанын атыпсың.



Ошентип жан баласы Нурландын алдына кеткен атанын армандуу тагдыры Кыргыз тарыхына өчпөй жазылып калмакчы.

Тез жардам машинасы менен ооруканага жеткенче каза болуп калат. Баламды ажалдан алып калам деген ата, чыйпылдаган чымчыктай ак үй алдында баласын корголоп өзү жан таслим болду. Бекбосындын сөөгү Байтик айылындагы жайга коюлду.



*Бекбосын жандай көргөн жакын достору менен*

**Бекбосындын мектептеги класс жетекчиси Эргешбаев Байызбек агайдын эскерүүсүнөн.**

Бекбосын окуган класска мен 7-класста класс жетекчиси болдум. Окуучулар менен тез эле тил табышып, класс мектептин коомдук иштерине активдүү катышып, мелдештерде алдыңкы орунду ээлеп, Жамбыл шаарына экскурсияга барганыбыз али эсимде. Окуучулар арасынан Бекбосын орто окуучу, бирок коомдук тапшырмаларды так, өз убагында аткарчу. Үй-бүлөдөн жакшы тарбия алгандыктан, тартиптүү окуучу эле. Кийин үй-бүлө күтүп, айылга келгенде дайыма учурашып, ахыбалды сурап турар эле.

**Бекбосындын жубайы Нуржандын эскерүүсү.**

Бекбосындын эң бийик сапаты бул-адамдын көңүлүн калтыра албагандыгы болчу. Күнбү же түнбү жардам сурап кайрылсаң да, колунан келген жардамын аячу эмес. Балпаңдап акыркы нанын бере салган неме эле. Турмуштун айынан окуусун таштап, куруучулук кесипти аркалап, күзөт жетекчиси, снабженец, мас-

терлик жумуштарды аткарды. Союз тараган кезде Бекбосын жумушта күзөттүн жетекчиси болуп иштеп калды. Союз тарагандан кийин завод ичиндеги эң керетүү темир тезектер, цехтер талап-тонолууга дуушар болуп жаткан кезде, түнкүсүн уйку бетин көрбөй күзөттө турган күзөтчүлөрдү улам-улам текшерип турчу. Ошондо маанилүү объектилерге көп көңүл бөлүнбөй калган. Анын да кайгысын жеп, күнү-түнү колунан келишинче сактаган. Азыр ошол ири завод иштеп жатат. Бул дагы Бекбосындын кызматындагы ак жана так иштегендиги. Үй алып, балдарын окутуп, анан кой болбойт экен деп кайра Кыргыз мамлекеттик куруучулук жана архитектура университетинде сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган эле. Ошондо элди күлдүргөнү эсимде, группамдагы эң картаңы мен экемин. Сабакка барып окутуучунун столунда олтургам, кирген студенттер:

– Уруксатпы агай, – деп суранып кирип жатышты. Мен болсо ичимен күлүп, уруксат, киргиле деп олтура бердим. Бир студентти,

– Эмне олтурасың? Досканы тазала! – десем досканы тазалай баштады. Аңгыча болбой окутуучунун өзү кирип келсе болобу! Эмне кылаарымды биле албай эле шашкалактап партаны көздөй учуп жөнөдүм. Группалаштарым түшүнө алышпай мени таң калып карап калышып, анан аябай каткырып күлүштү. Көрсө алар мени окутуучу деп ойлошуптур деп өзү аябай каткырып күлчү эле. Анан мени группага староста шайлап коюшту деп барпалаңдаган. 2-курсту аяктап калдым, кудай буйруса 52 жашымда бүтөт экенмин, дипломумду аябай жууп берем го буйруса дечү. Кырсык болуп буйрубай калбадыбы.

Жай, ысык апта күнүндө Асылбек деген досунун бир жагдайлуу жумушу менен барып, аны машинада күтүп турат. Машинанын каалгасын ачып коюп бутундагы жайкы бут кийимин бир түгөйүн эшикке чечип коет. Асылбек кабагы бүркөө келип, кеттик десе шаша машинаны айдап жөнөйт. Бир топ узагандан кийин бутун караса, бир бут кийими жок. Түү, бир түгөй бут кийимим калып калыптыр дешип экөө тең каткырып күлүшөт. Бул окуядан да бирөөнүн кызыкчылыгын өзүнүн кызыкчылыгынан өйдө койгондугу көрүнөт.

Жакшы адам жөнүндө көп нерселерди айткым келет, бирок ар бир ушул жазылган эскерүүдөн жүрөгүң кайра ооруйт. Армансыз жашоо болбойт экен, жок дегенде уулдарын үйлөнтүп-жайлантып кызын турмушка берип, чоң ата, таята болуп небересин эркелетип калса не деп үшкүрүнө өмүрлүк жубайы Нуржан көз жашын сүртөт.





*Бекбосын уул-кызы менен*

## ОН ТОГУЗ ЖЫЛДЫК АЗАП

Он тогуз жыл чоңдорго макул болдук,
Онтодук аягында жакыр болдук.
Мусапыр "муссорлорду" тегеректеп,
Мусулмандар чокунду капыр болдук.

Он тогуз жыл от чокту араладык,
Онтодук жүрөктөрдү жараладык.
Байлардын курсагына куя берип,
Балдардын эртеңкисин карабадык.

Мекеним бизден жардам сурап турат,
Мектептер көрдөй болуп кулап турат.
Үстөлдү талашкандар кесирленип,
Үшкүрүп үмүттөрүм сулап турат.

Калдайган Ата-Журтум кашымдагы,
Карайган эл кабагы ачылбады.
Айланып ак тилегим учуп жүрөт,
Апакай жоолугумдай башымдагы.

•••

## *Назарбеков Казбек Казак уулу*



1959-жылы 27-февралда Ташкөмүр шаарында туулган. Атасы Назарбеков Казак Ташкөмүр шахтасында участкалык начальник болуп иштеген. Апасы Назарбекова Гулянда Казбектин 2 жашында каза болуп калган. Ал 1966-жылы Ташкөмүр шаарындагы Гагарин орто мектебинин босогосун аттаган. Аны 1976-жылы бүтүргөн. 1977-жылы Советтик Армияга чакыртылып 1979-жылы эки жылдык мөөнөтүн аяктап келген.

Келгенден кийин Ташкөмүр шахтасында жумушчу шахтер болуп иштеген. Шахтада иштеп турган учурда 1981-жылы үйлөнөт. 1982-жылы турумуш шартка байланыштуу Таласка көчүп келишкен. Таласка көчүп келгенден кийин Талас районундагы мурунку Бешташ совхозунда тракторист болуп иштеген. Турмуштун айынан Бишкекте жашап, анын аны тынч албаган көңүлү 7-апрелде Акүйгө алып барган. Ал деле жакшы жашоону эңсегенинен, чолпондой балдарынын келечегин ойлогонунан, өмүрү азап чегип, кара жумуштан өйдө боло албай, эл көргөн жакшы турмушту тезирээк көрсөм деген эңсөөсүнө жетпей калды.

Казбек эки кыз бир уулдун атасы, коогаланда сол жам-



башынан ок жеген, ошол октон саруулап жыл маалына жетпей, 2011-жылдын 3-февралында алган жаракатынын кесепетинен жүрөгү токтоп каза болгон.

Бийликке душман кас эмес,  
Билинбей барган мас эмес.  
Жаңылып-жазып калгыдай,  
Казыбек өзү жаш эмес.

Баргандын билет себебин,  
Балдарга жашоо керегин.  
Көпчүлүк менен аралаш,  
Көтөрмөк болгон желегин.

Жабыла чабуул кириптир,  
Жакшы эле сопсоо жүрүптүр.  
Жалпыга кылса кол кабыш,  
Жамбашка огу тийиптир.

Отура албай калганы,  
Октоого келбей дарманы.  
Оо дүйнө алып тындыбы,  
Ошол ок аны жайлады.

Ооба, каранайым саясат-паясат менен иши жок, кара жумушун жасап, кадыресе тирилик өткөрүп жаткан бейпил күндөрдүн биринде Акүйдөн атылган ок Казбектин жамбашын талкалап, он ай бою онтотуп төшөктө жаткызып, анан жанын алды. Таазим сага, Казбек, эркиндикти сүйгөн тагдырың жаман болсо да урук-тукумун аман болсун.

Казбектин ордолуу шаары калды, алар уулу Адыл, кызы Медина, жубайы Бурул, кенже кызы Аида, неберелери Шербет, Нургелди жана Ынтымак.



Басыгы оор, мүнөзү анын курчураак,
Байбичеси эсине салат буркураап.
Не болсо да Мекенине ыроолоп,
Небересин атын койгон Ынтымак.

Жаткан жериң жайлуу болсун Казбек, кыргыздын 87 баатырынын 88-си болуп көз жумдуң, сени Кыргыз эли унутпайт.

Жер көгөргөн жаз деми делбе козгоп,
Жетисинде апрель элди коштоп.
Сенек бийлик себепсиз атып салган,
Сексен сегиз баатырды калдык жоктоп...

•••



# *ТААЛАЙБЕК РЫСБЕКОВ*



Туулган жылы - 1959, жогорку билимдүү, үй-бүлөлүү, эки баланын атасы, Ата-мекен партиясынын 2004-жылдан берки мүчөсү, жашаган жери Талас району, Үч-Эмчек айылынын тургуну болгон.

2010-жылы Таластагы 6-7-апрелдеги революцияда жеген таяктын залакасынан улам эки айдан кийин 2010-жылдын 9-июнунда көз жумган. Ата-Мекен партиясынын эң активдүү мүчөсү жана Таластын жогорку зонасына партиянын координатору милдетин өтө активдүүлүк менен аткарган чыныгы революционер экенин ошол эле партиялаштары, айылдаштары, тааныган-көргөндөр, туугандары жана жубайы Таштаналиева Бурмабү тастыкташат.

Бири кем дүйнө деген ушул экен, тилегине жетпеди, өзгөчө жанын үрөп, эч нерсеге карабай, кийинки убакта жалаң гана бийликти кулатуу үчүн жашап калган. Сөзүмдү укпады, үй-тиричиликке кылчайбады, мен бул бийлик кеткенден кийин гана үйгө каралашам, мага жолтоо болбо, аз калды чыда Букен, жакында Бакиев-

дин кара жолтой бийлигин кулатабыз, маңкурт болуп өтүп кетебизби, балдардын келечеги не болот, – деп эле мени сооротуп койор эле. Мен дагы ушул партиянын мүчөсүмүн. Көпчүлүк убакта пикеттерде чогу жүрчүмүн. Ал караанын калдайтып, эл алдында дайыма микрофонду колго алып жалындуу сөздөрү менен элге кайрылчу. Кан какшап абалдын улам начарлап баратканын, элдин турмушунун жакырланышын, электро тармагындагы баанын көтөрүлгөнүн, «үй-бүлөлүк» бийликтин зомбулугун айткандан тажабай айылдаштары болобу, тааныштары болобу район областагы жыйындарда болобу, айтор ар убакта активдүү позицияда эле. 6-апрелде түштөн кийин баягы согушту элестеткен вертолеттор Таласты каптап келгенде мени үйгө кет, сен чыдабайсың, аман болсом өзүм кабарлайм, жөнө деп кетирип жиберген.



*Таластагы Ак-үй алдындагы кармашка*
*Таалай элди үндөп жаткан учурулары*
*6-апрель 2010 жыл*

Уйгу-туйгу болуп, үйгө келгеним менен уйку бетин көрбөй таңды атырдым. 7-апрелде таңга маал үйгө келди, бети-башы таанылгыс абалда, үнү чыкпай кызарып шишиген, эс алгыдай убактысы жок, кайра эле дүрбүп араң турган элди уюштуруп Кууганды-Арал айылындагы топтолгон элди машиналарга салып, (таксисттер өздөрү деле элди бекер ташып жатышкан) дагы Талас шаарына жөнөдүк.



Жол-белден улам агылган эл бизге кошулуп кербен тарта каарданган элдин тобунда бара жаткanda да улам бирине тапшырма берип, баш-көз болуп жүрдү. Бирок ошондо эле айткан сөзүнөн айный түшкөн учурларын байкап, жүрчү Таалай жаныбыздагы доктурга эле көрүнүп чыгалычы, сен жакшы болбой турасың жүрчү десем, кой уят, эми акырына чыгалы, аз калды чыдайын деп болбой койду. Анын үстүнө айтканын бербеген көктүгүн жакшы билген жаным эч доктурга көргөзө албасымды да билдим.



*Таластагы Ак-үй алдындагы кармашка*
*Таалай элди үндөп жаткан учурулары*
*6-апрель 2010 жыл*

Жаны кашайып чыдабай, ар кайсыны сүйлөп жиберсе да оңдой коюп эч нерсе болбойт, мени тынч койчу баары бүтсүн анан өзүбүздү карайбыз, муногу жексурларды жоготолучу дегенине да ишенгем. УВД өрттөнүп анын алдындагы А. Жапаровдун кымбат баалуу машинасы кошо өрттөнүп жатканда күйөөмдүн абалы абдан оор болуп, кирди-чыкты болуп турган, ошондо да колунан сүйрөп доктурга алып бармакчы болсом кайра мени урушуп салды, мен эмне кара жанымды ала качып доктурга жатып алайынбы, тиги жакта биздин балдардай болгон жылгандай жаш жигиттерди атып-кырып жатса, мен кантип жатып алам, өлгөн балдардан менин жаным артык бекен ыя, кой кичине чыдайлы акыр аягына чейин турушубуз керек…

Таяктын залакасынан ооруусу күчөп кетти. Эптеп Таластын доктуруна алып барсам алар токтоосуз жатыңыз, башыңызда оорую бар, кан басымыңыз өйдө жүрөгүңүз да абадан начар дешти доктурлар. Анда да болбой азыр кантип жатып алам, башталган иш бүтпөй калбайбы. Али көп иш бар алдыда моюнумда да жооптуу иш илинген. Эл менен иштешим керек, революцияны биз баштаганбыз, артка качпай биз бүткөрүшүбүз керек, өлгөн балдардын арбагы наарazы болуп калбайбы дегеничи. Аягына чыкпай артка кетмек белем, деп Бишкекке жөнөмөй болду. Абалы болсо өтө оор, калчылдап араң турган, эмне үчүндүр ооруп турганын билгизгиси келбедиби же сезген жокпу, билбейм, ошондо мен чырылдап борборго жөнөтпөй койдум эле бирок азыр ошого аябай өкүнөм деп Бурулбү бышактап ыйлап калды. Ошондо жөнөп кеткенде (акыры кайтыш болмок экен) чыныгы эмгеги, ким экендиги билинип бир наамын алмак, жок дегенде арбагы ыраазы, эл ыраазы болбойт беле. Төшөктө жаткан убакта да бир аракет кылалычы, эл алган жеңилдиктеринен алып денсоолугуңа жумшабайлыбы десем, мен эмне акча алайын деп революцияга катышыптырымбы, араң турган мамлекетибиздин эмнесин дooламак элем, мени эч ким колумдан сүйрөп бийликке каршы чык деген эмес деп койгон. Эркектик мүнөзү бар эле ушундай, баса булардын тукумун баатыр деп коюшат айылдагы билгендер, илгери ракматы кайын атам Кентон да убагында аюу менен күрөшкөн окуясын жомок кылып айтышат, ал киши да баатырдык мүнөзгө салып ошол кармашта эки бөйрөгүнөн запкы жеп ооруну ошол аюу күрөштөн тапкан дешет эл. Көрсө Таалай деле эч кимге айтпай жаны аябай кыйналганда айылдагы медсестрага барып укол сайдырып алчы экен, аны мен кийин уктум. Азап тартып жаны кыйналып башына жеген оор таяктын запкысынан улам эки айдан кийин кайтыш болгон жубайымдын ак эмгеги, эл үчүн берген өмүрү эч нерсеге татыбай калды, баатырларча наам алган жок, жеңилдиктерге да илинбеди. Элден айланайын, бары эле Таалайдын эл үчүн өлгөндүгүн эскерип айтышат, бирок уул, кызым жана өзүм өзүбүздү четте калгандай абалда сезебиз. Кайтыш болгондон кийин кара жамынып үйдөн чыкпай отуруп калдым, жок дегенде эртерээк справка чогултуп аракет кылсам болмок экен деп, табиятында шуулдабаган жоош -момун жубайы өкүнүч менен өксүп отуруп, деги чындыктын көзү жылтырап бир биз үчүн көрүнөр бекен деди.



## ТААЛАЙДЫН ЖУБАЙЫ БУРУЛБҮНҮН КОШОГУ

Көтөрүп элди алгалап,  
Көрүнгөндөрдү арбалап.  
Ошондо сенин абалыңды.  
Көргөндөр азыр таң калат.

Милийса турса жолуңда,  
Микрофонуң колуңда.  
Алгалай бердиң элиңди,  
Алдыра бербей ооруга.

Жаныңа такыр карабай,  
Жан-дүйнөңдү жаралай.  
Эсэңгиреп турсаң да,  
Эл менен жүрдүң аралай.

Эл деген эңсөөң бар эле,  
Эл үчүн жаның зар эле.  
Мээнети кайтпай калабы,  
Мен үчүн мыкты жар эле.

Ажалга тике караган,  
Ар-намыс үчүн жараган.  
Кут элең сени жоготтум.  
Кутулбай калдым санаадан.

Кулакты салчы өкүмөт,  
Куураган жесир өкүнөт.  
Намыстуу баатыр Таалайга,  
Наам бер деп өтүнөт.

•••

# *Экинчи бөлүк*

## КЫДЫР АКЕ

«Жаштыгың эшик менен төр экен,
Жатар жериң эшиги жок көр экен»

– деген экен Кыдыр аке олуя,
Акыл-дөөлөт, бакыт конгон колуна.
Мындай сөздү неге айтышпайт башчылар,
Мыктылардын ишене албайм жогуна.

Же баарыңар көр оокатка байланып,
Жегич-ичкич желмогузга айланып.
Касиеттүү адамдарды курутуп,
Кайран кыргыз калдыкпы же жайланып.

Кыдыр аке үнүң уктук акыры,
Кылым өттү убакыттын закымы.
Жашоо шамы өчкөндөй биз жүрүппүз,
Жаман экен жан-дүйнөнүн жакыры.

## АКЫЙКАТ ИЗДЕП

Акыйкат издеп, далай жан,
Акыйып көзү алайган.
Талпынтып үмүт учкунун,
Таба албай жаны жай алган.

Укугун издеп далай жан,
Уктабай көзү алайган.
Уга албай теңдик дегенди,
Унчукпай жаны жай алган…



## ТҮШҮНГӨН САЙЫН…

Түр жашоо берди теңирим,
Түйшөлөт дайым көңүлүм.
Түшүнгөн сайын турмушту,
Түгөнүп барат өмүрүм.

Бир жашоо берди теңирим,
Бир толуп кайра кемидим.
Тереңдеп билдим турмушту,
Тек канча билбейм өмүрүм.

Гүл жашоо берди теңирим,
Гүлдөдүм, жандым, эридим.
Көй- көйүн билдим турмуштун,
Көппү- азбы билбейм өмүрүм.

Кыргызым ай, качан эле сенин турмушуң жай болду эле, качан эле сенин куунап турган заманың болду эле, кыргыз сөөгү калбаган тоо-таш бар бекен бу тоголок жер шаарында, деги тынч өткөн заман болду беле? Душман го душман, эми минтип өзүңдүн бийлигиң, өзүңдүн президентиң баш көтөргөн балдарын аттырса, Кыргыздын шору кайнап, ырысынын түгөнгөнүбү, – деп мүңкүрөгөн ойлорго чулганып отуруп, бейиши болгон кайын энемдин айтып берген бир окуясын эстедим. Кайын энемдин теги кавказдык улуту карачай эле. Улуу Ата мекендик согуштагы алааматта аларды бир суткадан калбай жашаган жериңерден чыгып кеткиле деген Сталиндин буйругу менен дээрлик кавказдык мусулмандардын башына караан түн түшүп, карайлап калышканда, аларды көмүр, темир салган вагондорго отундай жүктөп Орто Азияны көздөй жөнөтүшөт. Ошондо болгону 4-5 жаштагы секелек кыз экен. Ач-жылаңач, кары-жашы, кайын ата-келин, кыз-уулдары болуп быкылдата тыгылган вагондордо белгисиз тарапка сапар алышат. Аз убакытта эле бир нече адамдар өлүмгө учурайт. Боо-боо болгон өлүктөрдү токтогон эле жерден эптеп жашырып жүрүп отурдук. Өзгөчө келин менен кайын аталарга кыйын болгон, себеби бири-биринен уялып заара ушата албай өлгөндөрүн көргөм, – деп уяттуу ары ыймандуу улуттун ошол бийликтин убагында эч күнөөсүз жапырт кыргынга учураган окуясынан бир сүртүмүн гана ай-

тып берген эле. Мен ошону салыштырдым, окшош экен, бирок ал качан болду эле, кайсы заман эле, азыр кайсы кылымда жашап жатабыз, солк этпеген СССРди кулатып, кайра куруу, сенек мезгил доорун кыйналып-кысталып баштан кечирип, буга чейин да революция жасап, эми накта демократия курдук деп кудундап, ач көз «үй-бүлө» бийлигинен кутулуп, жаңы эле эркиндигибизди колго албадык беле, эми жыргайбыз, турмушубуз оңолуп, бейиштей болгон Кыргызстанды гүлдөтөбүз дебедик беле, ишенбедик беле, анда Бакиевди кайсы кара теке сүздү.

Ырысы жок неме экен, өзү эле шордобой укум-тукумун куурап, бүт Кыргыздын шоруна калды да өзүн түбөлүккө бозгун кылып таштап койду.

## КАЙЫН ЭНЕМ ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

*(теги Кавказдык Маржан Магаянова-Курманалиевага арнайм)*

Кадырлуу менин кайын энем,
Калдайган бийик жай белең.
Карачай кызы Кыргызга,
Кандайча келип калды элең.
Согуш… деп сөзүн улаган.
Соолсун дечү, – дечү бул адам.
Төрт-беште эле курагым,
Далайлар жолдо сулаган.
Угулуп үнү турат бу,
Укмуш калк экен уяттуу.
Бүт баарын тыгып салышкан,
Вагонго отун сыяктуу.
Келиндер, кайын аталар,
Уулдар, кыздар апалар.
Уулandык заара ушатпай,
Уккандар көзгө жаш алар…
Чарт жыгылып денелер,
Чабылган чөптөй немелер.
Уул-кызы өлүп, жол-белде,
Улуган далай энелер.
Кавказдан үзүп караанын
Какыр-чөл, Казак талаанын,
Энемдин кармап этегин,



Эпейген жапжаш баламын.
Чөл калды, далай көл калды,
Чөккөн нар сындуу жер калды.
Кайыпка кетти канчалар,
Калкалай турган жер барбы.

Улуулар айтты мал баксак,
Уруштан алыс жан баксак.
Кыйналып өлүп кетерде.
Кыргыздар тосту далбактап.
Тууганды таптык Таластан,
Туулган жердей жарашкан.
Бул жерде тагдыр-тузубуз,
Буйруптур бизге жараткан.
Мазарлуу жерде бутубуз,
Манастын жери кутубуз.
Ата-журт болду Кыргыздар,
Ала-Тоо тирек тушубуз.
Суу бойлоп Талас жээгинде,
Суктанып өскөн эгинге.
Суусамыр менен Кен-Колдун,
Суйсалып жүрдүм белинде.
Таптаза күтүп мал бактык,
Талаага чыгып дан бактык.
Наркыбыз окшош Кыргызга.
Намысты кармап жан бактык.
Кыргызга башым кошулуп,
Кызындай жүрдүм созулуп.
Каарын көрдүм тагдырдын,
Кайран жан далай тозулуп.
Карачай элем Кыргызга.
Капилет чыктым турмушка.
Жетелешкен жар менен,
Жетпеди башым жылдызга.
Эмгектен колум чарчабай,
Эртелеп күйгөн арчадай.
Алгандан кокус ажырап,
Арманым калган таркабай.
Көөдөнүн ачпай сыр кылып,
Көгүлтүр көзү кылгырып.

Эсиме түштүң кайын энем
Эки сап жаздым ыр кылып.

Ошентип бейиши болгур кайын энемди эстедим да, ал тарткан азап менен тозокту биздин Кыргыз энелер да бийликтин көрлүгүнөн улам тартып, кан какшап калды. Мындан кийин энелердин көз жашын бийлик төкпөсө экен, бийлик тазарып, кара жоолук аял затынын жүрөктөгү кара тагы өчүп, канат-бутагы жайылса, Кыргыз элинин да Кыргыз эненин да бактысы ачылар беле. Даанышмандын бир сөзү бар «Адилеттик адамда болгону жакшы, бийликте болгону андан да жакшы» дегендей эми азыркы бийлигибиздин ыймандуу болсо экен деп энелер тилек кылат.

## ТАГДЫР БУЛ...

Тагдыр бул жолборс экен, коркпоо керек,
Таймашып тиш салса эгер октоо керек.
Сен корксоң жем болосуң,
Коркпосоң тең болосуң.

Тагдыр бул душман кээде аябаган,
Талкалап жүрөгүңдү жаралаган.
Тебишсе тебише бил,
Өбүшсө өбүшө бил.

Тагдыр бул оор экен, татаал экен,
Тартышсаң тамаша эмес катаал экен.
Тартынбай таймаша бер,
Талыкпай кармаша бер.

Тагдыр бул оңой олжо жолунда эмес,
Тайлактай жетелеген колуңда эмес.

Тагдырың деле коомго, мамлекетиңе керек болсо бийлигиңе бир учу байланып, бактылуу же бактысыз болуп калышыңа таасир этет экен. Кудайдын жазганы дейбиз, кудай таала бизге дегеле бир жамандык жазбайт окшойт. Биз өзүбүздү өзүбүз ор менен шорго салганга бирөөбүз жыргасак бирөөбүз куураганга кумар белек, болбосо кудай берген ысык өмүрдү кудай урган бийлик өчүрүп салып жатпайбы. Мисалы Кыргыз бийлигине таасирлүү саясатчы Медет Садыркуловдун өлүмү.



Чочулабай кудайдын сурагынан,
Чорт кестирип чыпалак, кулагынан.
Сары улактай коркпостон союп салган,
Садыркулов Медеттин убалынан.

Балким бул адам бийликтен алыс болсо, башка бир тармакта кызмат өтөсө, жаны соо-аман жашап жүрө берет беле деген ой кетет.

## ТАГДЫРЫҢА ТААРЫНБА

Таба албай жыргал ар убак,
Тагдырга адам таарынат.
Турмушта жүрөк оорутпай,
Жүрөлү аны дарылап.

Жамынып жылдыз таңда бир,
Жашагың келер анда бир.
Тагдырды жасап алмакпыз,
Табият кылса арга бир.

Тагдырың балким колуңда,
Табышмак күтөр жолуңда.
Элиңе тийсе бир пайдаң,
Эрдик кыл, коркпо, корунба.

## БУЛБУЛ КӨРДҮМ

Булбул көрдүм бийик шакта ырдаган,
Буурул түндү ажайыпка чулгаган.
Тагдыр беле үнү катты-кургурдун,
Таалайы жок кайран булбул куураган.

Шапар тээп, сайга толуп алышкан,
Шаани-шөкөт, шарабы бар агызган.
Отоп кетти жылтырагын чөлкөмдүн,
Он түрлөнүп, жүз кубулуп сагызган.

## ТАГДЫРЫМ МЕНИН, КЫРГЫЗСТАН

Тарыхың сенин тереңде,
Талыкпай сүзүп кемеңде.
Бергениң алып жетилдим.
Беремин эми мен элге.

Гүлдөдүм, өстүм, өнүктүм,
Гүлүндөй жайнап өрүктүн.
Өмүрүм сенде бактылуу,
Өзүңсүз мен бир өлүкмүн.

Кааласам канат учканым,
Касиет толо туш жагың.
Кадырым билер бир гана,
Карегим Кыргызстаным.

Аздектеп абийр тутканым,
Абаңды жыргап жутканым.
Аман тур сууң түгөнбө,
Ардагым Кыргызстаным.

Маңдайы жарык жылдыздан,
Манаска ордо тургузган.
Майкөлүм, кенчим, түгөнгүз.
Мартабам менин Кыргызстан.

Оорлобой буттан тургузган,
Ордумду таптым турмуштан.
Туунду өтөм жамынып,
Тумарым менин Кыргызстан.

Канатың талбай учканың,
Кайкалап бийик сызганың
Таалайга бүткөн мен үчүн,
Тагдырым Кыргызстаным.

•••



## БҮГҮН

.Бак-дарак ыргап, шуулдап,
Баканын үнү чуулдап.
Арманы-күлкү аралаш,
Ар өмүр өтөт зуулдап.
Ачылат түркүн миңдеген,
Алчалар жазда гүлдөгөн.
Буулугуп үнү муңканып,
Булбулу коштоп үндөгөн.
Жылкынын үнү кишенген,
Жылдызым төлгөм ишенген.
Суктанып сага табият,
Суу кечип турам тиземден
Жүрөгүм эле кооптонуп,
Жүзүмдү буруп карасам.
Булуттар аппак а бирок,
Булганып эле баратам..
Өспүрүм өзүн ойлонот,
Өлкөгө кимдер толгонот
Бирикпей эл-журт бөлүнсө
Бийлигиң баарын колдонот
Бүгүн биз күндү батырсак
Эртең кеч болуп калат го.
Кыя чаап Кыргыз тагдырын,
Кыргызга бүлүк салат го.
Бүгүн биз күндү батырбай
Биригип чогу баатырдай.
Аманын тилеп сактайлы,
Ата-Журт Кыргыз асыл-жай.

Ыңкылап болду деп улам эле башыбызды көтөрө калып, күпүлдөтө Манас айтып, кубулжутуп куран окуп, Таластыктар жана колунда бар байсымак кыргыз эркектери Манас Ордого топурап толуп, «ишим оңолсо экен, итим чөп жесе экен» деген кыязда зыяратын ушул жерден баштап, алды кырк-отуздап ак боз бээлерди чалып, аябай бардар көрүнгөнүбүз менен жан-дүйнө жакырлыгы тереңдеп кетти, дегеним акыркы жыйырма жылдагы өстүргөн балдарыбыз дээрлик Кыргызды сүйүп, күйбөгөндөй сезилет, көр

ооказттан башы чыга албай, акчанын кулуна айланып, ары ыра-йымсыз таш боор, билимсиз-караңгы, Кыргыз наслисинде өспөй, жеңил оокатты, эптеп күн көрүүнү көздөп баратышат. Сактайын дебей сатайын дейт. Ата мекендин, Жер-эненин ыйык касиети тууралуу мугалим да, эне-ата да айтпай калдык. Не бир аалымда-рыбыздын аты-жөнү унутулуп, анын ордуна кандайдыр бир ыпылас да, кандуу да ыймансыз жана ыйык сезимдерди тебелеген идея каптап кетти. Дээринде көрөңгө жок балдарыбыз ошого ооп, Кыргыздын накта жүзүн көрө албай, накта сөзүн уга албай калдык. Өлкөнү өнүктүрбөй өмүрүн кыскарттык.

## ӨЛКӨ

Өлкөң сенин канатың,
Учкун алга темингин.
Күлүк болсоң кубаттуу,
Күн айланып элиргин.

Канат-куйрук кыркылса,
Шоруң кайнар жыла албай.
Эшек турмуш кутулгуз,
Эч бир айла кыла албай.

Ошондуктан бак аны,
Багат өлкө өнүккөн.
Түгөнгөнчө кыргыздар,
Түшүнбөйбүз неликтен.

Өлкөң өнсө өнгөнүң,
Өнбөсө өлкөң өлгөнүң.
Билим алуу паразат,
Билген жакшы жөн-жөнүн.



## КӨЙНӨК КӨП КӨҢҮЛ ЖОК КЕЗБИ

Койнок коп, көнүл жок жасанууга,
Коңүлүм бар чайыттай тазарууга.
Адам деген бат эле карыйт экен,
А табият күн сайын жашарууда.

Тамак-ашка үзүлүп жегим келбейт,
Табиятка эч нерсе дегим келбейт.
Татынакай таттуусуң жыты аңкыган,
Кудай сага бериптир мээрим, келбет.

Үшүп-тоңуп кыш болсо калтыраган,
Бүчүр ачып жазында жаркыраган.
Аска зоодон бой уруп чөлдү көздөй,
А сууларың бийиктен шаркыраган.

Ах, табият айкашып өзүң менен,
Айтып бүткүс урматтоом сезим менен.
Көрүнбөгөн бир жип бар байлап койгон,
Көп адамга билинбей- сезилбеген.

## АЯЛМЫН

Ак жоолук башта аялмын,
Айтылып бүтпөс баянмын.
Жалындап сүйүп Кыргызга,
Жан берүү үчүн даярмын.

Боору бүтүн кай заман,
Болгонбу деги жай заман.
Боздотуп далай эненин,
Ботосун согуш кайсаган.

Кызарып күндүн аягы,
Кыйналат Кыргыз аялы.
Энеге салган кордуктун,
Энчисин канкор алабы.

Улуу тоом, айылым, турагым,
Уулум, кызым, жубайым.
Шыбырап турса бак-дарак,
Шылдырап турат булагым.

Булуттар көктө калкыган,
Бул жашоо сага тартылам.
Күн менен кошо Мекендин,
Күн сайын жүгүн артынам.

Кыргыз аялдары азаптуу экенбиз, СССРдин убагында баарына көнүп, партиябыз бар ырысыбыз бар деп күндөлүк тирлигибиздин өткөнүнө кубанып, ураалаган саясатты туура көрүп, таанылбаган Москвадагы чоңдорубузду бир добуштан депутат кылып шайлап, алардын заңкайган портреттерин мекеме-мектептерибизге илип алып, керээлден кечке уй сааган же тоо башында мал бакан чала сабат малчыны борбордук комитетке мүчө кылып, ал тууралуу кезит-журналдар күпүлдөтө жазса суктанып, ичибизден ишенбей, күлкүбүз келсе да ачык айта албай көлөкөбүздөн коркуп жүрө бериппиз. Ал доор ураганда терендеги эңсөөбүз ойгонуп, эркиндиктин жытын искеп, бир ажайып дүйнө күтүп, аялдардын активдүүлүгү артып, өзгөчө карапайым аялдардын кыймыл-аракети күчөп, чет элди тууратан пикеттерге мыйзам дегенди түшүнбөй эле чыга калышып, аларды шумпай саясатчылар пайдаланып, ажаан атыктырып жиберишти. А түгүл ОБОН деген ыйгарым атка кондуруп, аларды акчалуулар, бийликтегилер жалдай коюп көздөгөнүнө жетиш үчүн бет тыттырып, кыйкыртып, далайлар ит жеминдей ордун сактоого же жердешчиликтин туусун көтөрүүгө, депутаттык так талашка күн сайын акча төлөп уялбай эле жетелеп жүрүштү. Азыр да ошол аялдардын арам кызматынан пайдалана калган бийликтегилер менен акчалуулар бир далай.

Чындыгында бир аял да керт башынын же өз баласынын кызыкчылыгы үчүн же бир аял затын кызматка коюп, депутат кылалы дешкен жок. Муктаждыкка батып турган аял затынын абалынан пайдаланышып, акча-тыйын берип кыйкырткандарды абийр сотуна эле коюп койбой, мыйзамдуу соттоо керек. Албетте арасында чындык менен акыйкаттыкты көздөп, Кыргыздын келечегин ойлогон айымдар да болду. Келип эле аял байкушка күч келип, азап менен шорду ошолор тартты. Кырсык менен өлүм аялдын жүрөгүн жаралады. Арабага чегилген аттарга окшоп карышып жүк тартып, арып-ачып келе жатабыз. Апрель окуясы далай аялдын уулун, жубайын, жакынын жутуп койду. Ош окуясы андан бетер… Жоголгон балдар, уурдалган кыздар, ыймансыз болуп бара жаткан муун, эне-аялдын тарпын ташка жайды. «Түгөнгөн сайын түтөгөн» дегендей канчалык оорчулук болсо да, бычак мизинде турсак да жарк эткен жылдыздай Роза Отунбаева президент болуп Кыргыздын башына түшкөн кыйынчылык менен кайгыдан куткарууга далбас урду. Ооба жылыш болду, аттарга окшогон аял заты бир карасаң марада утушка ээ болсо, бирде окуранып ордунан жыла албагандай абалга келсе да улам жүгү оорлоп таскагы тынбай Ааламды айланып Чынгыз Айтматовдун Гүлсары атына окшоп бара жатабыз.

## АТТАР

Агы бар бозу жана карасы бар,
Аттын да көңүлүндө жарасы бар.
Өмүрү жүк көтөрүп, бел майышып,
Өксүгү жүрөгүндө санаасы бар.
Камчыга, темингенге көнүп калган,
. Каалаган максаттары өлүп калган.
Көңүлү көтөрүлбөй өмүр бою,
Көзүнө кулун-тай кез чөгүп калган.
Аттар ай жакшы көрөм бараанынды,
Адырда жашыл төрдө карааныңды.
Артынып, токуп, минип камчы чапса,
Аттарым аяп кетем абалыңды.
Аял да токулуу ат майышпаган,
Адырдан адыр басып арыштаган.
Канчалар жакындарын жоготушту,
Канчалар жүрөк ооруу айыкпаган.

## АТКА МИНЕРЛЕРГЕ КАЙРЫЛУУ

Эй акимдер
Эл менен эл,
Жер менен жер боло албай,
Канат кайкып, чындыкты айтып,
Куйрук менен коно албай.
Бийлик жылбай,
Бир иш кылбай,
Бир уучка толо албай.

Кыйналдыңар, эл кыйкырса калтырап.
Кынтыгы жок сөз айта албай тартынат.
Чындык бүгүн күтөт сенден чындыкты,
Чыксаңарчы калк алдына жаркылап.

Уурулардан коркуп көзгө сая албай.
Улуулардан насли- таалим ала албай.
Кынтыгы жок иштей албай эл менен,
Кызардыңар канча жолу анардай.

Кошоматчы колу-жолун караган.
Коркпой-үркпөй ала берген парадан.
Жетилбеген ара туулган баладай,
Жетекчилер көп экен го чала жан.

Мына ошол «чала жан» чиновниктерибиздин чечкинсиздигинен, коркок жана кошоматчылыгынан, жер менен элди сүйбөгөндүгүнөн, патриоттук сезими жогунан турмуш оңолбой жыйырма жылдан бери мүдүрүлүп- жыгылып келгенибиз аз келгенсип чолпондой болгон уулдарыбыздан айрылып, 88 үй-бүлө кан жутуп аза күтүп калды. Өзгөчө аял затына турмуштун оорчулугу менен азабы үлүшүнө тийди.



## ЧЫНДЫК БАРБЫ?

Чындык, чындык, жан тындырбас чырсыңбы,
Чыккан күнбү, муңдуу обон ырсыңбы.
Убакыттын колу – бутун байлаган,
Узун этек, айсыңбы же жылсыңбы.

Чындык, чындык анын өзүн ак десем,
Чырылдаган анын сөзү так бекен.
Жээк- жаат бөлгөн элдин ортосун,
Же болбосо чындык деген тап бекен.

Чындык, чындык падышада болгондо,
Чыр чыгарбай салып коймок оң жолго.
Тешип өткүн тоскоолдукту кылычтай,
Териксең да, тебеленбе, кор болбо.

## ЭЛ.

Эл дегенди эл өзү бузат неге,
Эркиндигим карматпай учат неге.
Үстүбүздөн «капкара тизме» түзүп,
Үйгө чейин «үч тамга» узатчу эле.

Бала өңдөнүп жармашкан энесине,
Баары кетти кызматтын сересине.
Чындык эле, чындык деп жанды кыйнап,
Чыгып жаттык турмуштун белесине.

Кайгы-муңу толтура ыр ырдадык,
Кайда-кайда чындык деп чырылдадык.
Терезеден кол булгап эркиндикке,
Терек болуп шамалга шуулдадык.

Калаабыз жок баягыдай жаркыраган,
Кашарлар айыл-кыштак самтыраган.
Карылар «дүжүр» болуп бийлигиңе,
Калыстык айта алышпай тантыраган.

Курултай куруп алып сүйүнүшкөн,
Кул болуп бийлигине жүгүнүшкөн.
Четинен сатып алып каалаганын,
Чет элдик бу кыргыздан түңүлүшкөн.

Күн тийген тоолоруңда бүркүт калкып,
Күпүлдөп талантуулар Манас айтып.
Чырылдап чындык күйүп жаткан кезде,
Чыңгыз баш болгон зорлор кетти кайтып.

Жоголуп бараткандай салтың эчен,
Жоо мүнөз, жоош кыргыз калкым эсен.
Чар тарап мол байлыгың, төрт түлүгүң,
Чалкыган бүт тоолоруң алтын экен.

Бүт дүйнө көзү түшүп алтыныңа,
Бир келип кумарланат алкымыңа.
Суусаган жандар арбын бөтөн элде,
Суусамыр, Соңкөлүңдүн салкынына.

## КҮҢ БОЛГОН ЭМЕС ЧОҢ ЭНЕМ.

Зор элең кыргыз зор элең,
Зоболоң бийик мол элең.
Күн менен бирге жарышып,
Күң болгон эмес чоң энең…

Эр элең кыргыз эр элең,
Эрендер менен тең элең.
Эркин жел менен жарышып,
Эх, кимден кыргыз кем элең.

Көрөгөч элең жараган,
Көзүнө тике караган.
Ажайып дешет кыргызды,
Ай менен Күндөн тараган.



Анда не мизиң кетилди,
Жыя албай акыл – эсиңди.
Арбагын сыйлап күтө албас,
Арыган ушул кезиңби.

Боз тулпар куйрук, жал кайда,
Боз үйгө сөөк тал кайда.
Ботодой жалгыз чөлдөгү,
Боздоду намыс-ар кайда.

Кыраанда кызыл гүл кайда,
Кыйкырган кыргыз үн кайда.
Кыйшайбай кылым жашаган,
Кымбатым кызыл тил кайда.

Сабыркап санаа жандыбы,
Замандын ушул тардыгы.
Коомдун сөзүн сүйлөөгө,
Коркпогон Адам калдыбы.

Абыке-Көбөш төрөлдү,
Алардан тукум көбөйдү.
Коркоодой элди тытмалап,
Көрсөтүп жатат өнөрдү.

Айылда жаштар калбады,
Ал дагы менин арманым.
Карайлап тентип кыргыздар,
Кай чөлкөмгө барбагын.

Кабышып ичип арактан,
Каарыңа калдык жараткан.
Туб. болуп өлгөн балдардын,
Сөөгүн алдык абактан.

Сойкудан сойку көбөйгөн,
СПИД-ВИЧ болуп төрөлгөн.
Тукумду кантип улайбыз,
Тыптыйпыл болсо көрөнгөң.

Бийлик деп эле ыйлаган,
Бирин – бири кыйнаган.
Эр Адам бизде калбады,
Эл-Журтун сүйүп сыйлаган.

Баш мыйзам эптеп аталды,
Парламент колдон жасалды.
Балдарын багып алууга,
Паанектейт аял базарды.

Бейбаштыгы таш жарган,
Бей таалай чыкты жаштардан.
Азамат эмес, «Рэкет»,
Атып салып, башты алган…

Шайлоонун шайы бузулду,
Шарактап бийлик кутурду.
Ооматың эмес түбөлүк,
Ойлосоң боло кусурду…

Бакиевдин баласы,
Бардык элдин санаасы.
Үзүлүп кетип баратат,
Эл менен бийлик арасы.

Келгиндер келип жайлады,
Кербендеп тартып пайданы.
Кечке эле өчүп жарыгым,
Кетирип жатат айламды.



Томаяк жашоо көргөндөр,
Томпоюп тоңуп өлгөндөр.
Акталбай тоодой эмгеги,
Ак кызматын бергендер.

Маңызсыз сүйлөп, актанат,
Марш тээп, бийлик шаттанат.
Мактанган Максим баласы,
Мамлекет башкарат.

Оо, кыргызым аман бол,
Оолактап кетсин жаман жол.
Балдарга дайым айталы,
Бай болгончо адам бол!

*Февраль 2010-жыл.*

## САТЫЛГАН ЖЕРДИН АРМАНЫ.

Айтайын десем тилим жок,
Арманым күчөп дилим чок.
Кор кылып кесип саттыңар,
Кой-ай деп коер бириң жок.

Ыйлайын десем үнүм жок,
Ырыстуу болгон күнүм жок.
Ыркырашып саттыңар,
Ыймандуу болгон бириң жок.

Үзөңгү кууш үзүлүп,
Каркыра кетти сүзүлүп.
Ит-тартыш кылып бөлдүңөр,
Ич ара сөздү бүтүрүп.

Түштүктө түмөн жер ыйлап,
Түшүнгөн кыргыз эл ыйлап.
Жалпынын болбой каалоосу,
Жашыруун кетти не бир жак.

Казакка кетти канча жер,
Кайгысын анын тарта бер.
Тажиктер алган талаанын,
Тарыхын кошо айта бер.

Өзбекке кетти өрөөндөр,
Өкүнбөй койду берендер.
Жабыла колун сунушат,
"Жалпынын үйү" белең жер.

Бийликтин көзүн май басты,
Билинбей ыйлап сай жатты.
Кабыргам жаман кайышат,
Карманам эми кай жакты.

Арманым ичке толот деп,
Айтылат дайым чолок кеп.
Койнуңда жатат душманым,
Коркомун кокус болот деп.
*Август 2009-жыл*

## ТИЛ.

Сүтү менен энем мага бергенин,
Сүйдүм тилди канатымдай сермедим.
Ушул тилдин деңизинде түбөлүк,
Урмат кылып сүзүү үчүн келгемин.

## СӨЗ КҮЧҮ.

Кандай гана кубаттуусуң улуу сөз,
Канча кылым сый үстүндө жүрөсүң.
Жоону чапкан, досту тапкан кеменгер,
Жоокер, чепсиң, улуу курал бир өзүң.



Сүйүү сунган, үлпөт курган сулуу сөз,
Сүкүт чалган, Манас айткан улуу сөз.
Жылаанды да ийининен чыгарган,
Жыргал чачып, жан эриткен жылуу сөз.

Тоңду эриткен, тоону бузган сөз күчү,
Толуктаган акыл, эсти, көңүлдү.
Көсөм кылып, көккө чейин чыгарган,
Көрдөн алып, көкөлөткөн өмүрдү.

## "АРДАГЕР ЭМЕС АЙЛАКЕР"

Акаевдин доорунда,
Айланайын дечү эле.
Сакалы жок "аксакал",
Садага берсе жечү эле.

Бакиевдин доорунда,
Балакетин алсам деп.
Жагымпоздук калбады,
Жакыныраак барсам деп.

Аял, кызын мактаган,
Айылына батпаган.
Кор-жердин баарын ээлеген,
Көзү каткан акчадан.

Ардагер эмес айлакер,
Адам эмес пайдакер.
Жазат арыз тынымсыз,
Жакшыларды жайлакер
*Сентябрь 2009-жыл.*

Неге ыйыксың Ата-Журтум жалтанамын,
Бейиш сындуу, кол тийгиз ар тарабын.
Абийири менен өзүңдү ыйык тутуп,
Аз болсо да жүгүңдү аркаладым.

## ОТ КЕТТИ.

Ооматы кетип кече эле,
Онтогон биздин жүрөктөр.
Оңолуп келе жаткансыйт.
Ордуна келип тилектер.

От кетти Кыргыз жеринен,
Оомалуу-төкмө дүнүйө.
Күрөштүн күчү солкулдап,
Күү чалып турат күнүгө.

Казак да орус күлдү эле,
Таң атып, тийди күн деле.
Кайгы -муң бизди басканда
Каякта алар жүрдү эле.

От кетти бизден оболоп,
Ордунда барлар оңолот.
Толорсук толуп, тоо бузуп,
Торолот Кыргыз торолот.

Учкундан жалын Ааламга,
Кеткендей болду жагылып.
Отурам тооба келтирип,
Отуна анын табынып.

## КОЛ СУНГУН ЭЛГЕ ЧЫН ДИЛДЕН.

Министр-деген кул болот,
Спикер деген чечендир.
Адам деп жанын аябас,
Аалымдар өткөн эчен бир.

Кыйкырып эл деп көшөргөн,
Кыргыздын жүгүн көтөргөн.
Талаалап жүргөн эрлер көп,
Таяныч таппай өз элден.



Жаңылба мырза жаңылба,
Жаңы күч, жаңы агымга.
Катарлаш туруп иштейли,
Кайрадан куруу маалында.

Депутат, аким, чабандар,
Демилге көтөр, кадамдар.
Кол сунсаң элге чын дилден.
Колдогон турат жарандар.

## 7-АПРЕЛДЕН КИЙИН...

Тилегимди теңирим берди десем,
Тиктегеним көктөгү келди десем.
Бийлик эле бийлик деп жутунушкан.
Бирин-бири укпаган элди нетем.

Кубанычымды кудайым берди десем,
Кут өндөнгөн бир мезгил келди десем.
Кудайдан да коркпогон ыйманы жок,
Кул болушкан бийликке элди нетем.

Чоң кызматка өмүрүн берем деген,
Чоң кызматтан алынсам өлөм деген.
Чоктой көзү кызарып, жолду тосуп,
Чоор тартып бир элди бөлөм деген.

Жаштар үнү чуулдап бөрү болуп,
Жактырганы кызматтын төрү болуп.
Кызмат, эле кызмат деп ыйлагыча,
Кыргыздын жүрсөңөрчү бели болуп.

## БОЗГУН

Ушул сөздүн маанисин түшүнгөн адам бир билсе билер Мекенинен аргасыз ажырап, саргайган дарактай күн санап, жүрөгү калып эли менен жеринде, өзү аргасыз алыскы сапардан кайта албай кыйкуулаган канаттуудай учканга мүнөт сайын даяр абалдагы пендени. Мына ошол адам биздин Улукебиз чачы куудай болгондо бөтөн эл, бөтөн жерге чындыкты айтып жүрүп айдалган адам. Бакиев заманында Таластын алтын кедери ар кимге белек болуп берилип, мыйзам деген иштебей, эл турмушу начарлап, паракор менен рекет-каракчылардын күнү тууп, Кыргызстанда баш-аламандыктан жүдөп турган кезибизде ушул Улуке башында туруп, бийликке каяша айтуунун акциялары Таласта башталган. Ошондо сен элди бийликке каршы козутуп жатасың деп камакка алып, төбө чач тик турудай айып беренелерин коюп зомбулук башталганда Алыскы Швед элинен баш паанек алып үй-бүлөсү менен ал жакта жашоо кечирип, бозгундуктун тагдырында жүргөндө жазмыш экен кырк жыл бирге жашаган жубайы Нарифа Бокуева кайтыш болуп анын сөөгү Швед жергесинде мусулмандар көрүстөнүнө коюлуп калды.

## ЭМИГРАНТ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ.

*(Улукбек Осмоновго)*

Сен Улуке Шведдердин элинде,
А мен турам кең Таластын жеринде.
Ыкчам сүйлөп, саясатты, коомду,
Ысык-ысык саламың бер деминде...

Эр ортодон эбак өткөн курагың,
Элди-жерди эзилип бир сурадың.
Ичим жылып кыргыз деген сөзүнө,
Интернеттин бир учунда турамын.

Тоголонгон эски бийлик арман көп,
Токой-суулар “Жер үй”, “Андаш” кандай деп.
Нервти жеген куугунтуктан кетти элең,
Не сүйлөсөк баары бизге балдай кеп.



Өзгөрбөдүм чачым эле агарды,
Өлкөм бийлеп турат менин санаамды.
Түштөн көрөм, токтой-суулар тоолорду,
Татынакай Талас деген калаамды.

Шведдердин тузу буйруп жашадым,
Дагы кандай канча болот сапарым.
Оомат берсин Кыргыз деген өлкөгө,
Оо Кудайлап, тилек тилеп жатамын.

Өмүрлүк жар жубайымдан айрылып,
Өзгө жерде өтүүдө өмүр кайгырып.
Мыйзамдарды сыйлаган бул өлкөдө,
Мырзалар көп, эч билинбейт жардылык.

## ДЕМОКРАТ

*(чыныгы демократ Топчубек Тургуналиевге арналат)*

Декабрь суугундай кычыраган,
Демократ чыныгы ушул адам.
Агын ак деп, карасын кара деген,
Акыйкат деп азапка учураган.

Жагынбаган бийликке жүгүнбөгөн,
Жакшылыктан эч качан түңүлбөгөн.
Жүк көтөрүп Кыргыз деп кыйналса да,
Жүрөгүндө нуру өчпөй күлүңдөгөн.

Канча бийлик баалабай, барк албаган,
Кан-бегинден Топчуке жалтанбаган.
Зыяны көп бизге деп өлкө башы,
Зынданынын түбүнө аркандаган.

Арканындан коркпогон чоочубаган,
Ар кандай кеп чыгарган оозу жаман,
Вулкан болуп атылган Топчукеге,
Бу Кыргызда жок экен чоочун адам.

Кыргыз коомчулугунда жалаң эле бийлик менен кармашып белгилүү же баатыр болуп оозго алынгандар арбын бирок күн тыным, түн уйку толук болбой эл үчүн ар кайсы тармакта бел чечпей кызмат кылгандар деле бир далай, аларды да эл эчак эле баасын коюп баатыр кылып алышкан мисалы айтылуу "Кыз бурактын " энеси Гүлшайыр Садыбакасова, бажырайган "Байчечекей" журналынын атасы Самудин Токтосуновдор отуз алты жылдан бери, бири элге муза тартууласа, бири бөбөктөргө руханий белегин берип, билимдүү жана маданияттуу өсүшүнө шарт түзүп келе жатат. Ал эми жумурай журт жаман көрүп жаткан Кыргыз соттордун ичинен Динара Бекбоева жөнүндө жылуу пикирлерди көп уктум, чынында да сүйлөшө келсең адам катары адамды түшүнүүсү кең, дүйнөнү кабыл алуусу, чындыктан тайыбаган мүнөзү чыныгы соттун элесин көз алдыга чагылдырат.

## "КЫЗ БУРАКТЫН" ЭНЕСИ.

*(Гүлшайыр Садыбакасовага)*

Каркырадай канат каккан кыздарын,
Кадыр-барктуу, каада-салттуу түш жагын.
Дос-тууганың болуп алды бүт Кыргыз,
Доомат түгүл өзү да жок душманың.

Тагдыр-ташын Мекенине арнаган,
Таланттарды такшалтууда талбаган.
Кыргыз атпай колдоп келет, кол чаап,
"Кыз бурагың" ал сеники жан балаң.

Гүлшайырдын кызыл гүлү солбогон,
Гүлшайырдай саяпкер кыз болбогон.
Оомат келди түбөлүгү түз болсун,
Оболой бер орошон Ош ордодон.



## АГАЙ.

Токтосунов Самудин,
Токтоо дебейт аны ким.
Бажырайган "Байчечек"
Балдар үчүн жаны мин.

Дайым жаздай мүнөзү,
Такыр жоктур күнөөсү.
Чыдап отуз алты жыл,
Чыгарыптыр бир өзү...

"Байчечекей" журналдын,
Атасындай көрүнөт.
Мээнети күч агайдын,
Мээрими эле төгүлөт.

## СОТ ДИНАР.

Сулуулугуң ичинде,
Суперлигиң ишинде.
Турмуштагы баскан жол,
Турат сенин жүзүңдө.

Салкын десем жылуусуң,
Сапат жактан сулуусуң.
Даанышмандык жагынан,
Далайлардан улуусуң.

Жалбырактай жай билген,
Жакшынакай шам күйгөн.
Жатка билген мыйзамды,
Жапжаш экен жан-дүйнөң.

## ЖАЛГЫЗЫМ, ЖАЛГЫЗ ГАНА МЕКЕНИМ БАР.

Жалгызым, сыймыктанар сүйоноорум,
Жалбырттап сүйүп тураар бир онорум.
Мекеним эне-атамдын эне-атасы,
Мен өлсөм мени менен бир өлоорум.

Эркелеп коюнунда тайрандадым,
Эрке өстүм, эркин өстүм сайрандадым.
Чырпыктай кезден сүйдум Мекенимди,
Чындыкты бетке айткандан тайманбадым.

Жалгызым, жалгыз гана Мекеним бар,
Мекенде эртеним бар, кечээгим бар.
Өмүр бер, тагдырымды арнап сага,
Өзүңө кызмат өтөп кетерим бар.

Парламент башында турган башкалары кашында турган саткын президенттери качып кеткен Кыргыз коомунда нелер бар да нелер жок, сыртынан караганда баары койкоюп ордунда эле отургандай, ал эми ичине үңүлгөндө ирип-чирип кеткен жагдайларга дуушар болосуң. Мейли соту, прокурор менен милициясы, жергиликтүү бийлиги, жогорку бийлиги, базары, мазары, баары биригип өткөргөн шайлоосу, ичкич, рэкет, ууру-кески эркеги менен бала саткан жана алтын саткан ОБОН атыккан аялы болуп мекенибиз Кыргызстанга тагдырыбызды байлап алып өз доорубузду өткөрүп жатабыз. Өмүр кечирип, өмүр түгөтүп наркын билбей аны кор кылдык. Эми минтип зарлап ыйлап жакшылык күтөбүз, биз көрбөгөн жакшылыкты балдарга кут кыла көр! Кыргыз элин мындан ары кор кыла көрбө!

## ПАРЛАМЕНТ

Парламент деген ыйык ат,
Бактымдай менин туюлат.
Намыской Кыргыз элинен,
Нааразы сөздөр угулат.



Парламент деген сонун ат,
Байкасам баары оолугат.
Кенедей иши көрүнбөй,
Кээ бири неге корунат.

Парламент элдин үмүтү.
Пасыраак иштин жүрүшү.
Кыйналып эл деп турбаса,
Кыска го өмүр сүрүшү...

## НЕ КАЛАТ.

Саяпкерден ат калат,
Саясаттан так калат.
Мөндүр урса ак жайда,
Мөмөсү жок бак калат.

Бийик, таза жер калат,
Бийлик кулап эл калат.
Кошоматчы кокуйлап,
Коркок өлүп эр калат.

## ПРОКУРОР СЫДЫКОВ

Буркан-шаркан түшүп бизди тилдеди,
Бу кандай жан ачууланып зилдеди.
Мырзалыгын мындай койгун катыгүн,
Мыйзамын да этикасын билбеди.

Этек-этек эскертүүлөр жазылган,
Эптеп эле күнөө таппай асылган.
Биле албадым кошоматы деп ойлойм,
Бийлик үчүн жагымпозбу, ашынган.

Бир карасаң жигит эле келишкен,
Билимдүүдөй сөздөр сүйлөп эриткен.
Шайлоо түнү жинди болду прокурор,
Шайтан билсин, өзгөрүлдү неликтен?..

*Июль-2010-жыл.*

## СОТ АЙЫМГА

Сүйлөбөй койдуң созулуп.
Сүзүлө түштүң отуруп.
Толуктап соттун сөзүнө,
Токтомдор жатты токулуп.

Калды деп ишиң кечигип,
Койуңуз, – деди кечирип.
Жүзүң кур дедим ичимен.
Жүрөгүм калды эзилип...

Арызды албай сот койду,
Армандуу ичим от болду.
Бузулган мыйзам шайлоодо.
Бурмаланып жок болду.

*Июль -2010-жыл*

## ИЧКИЧ.

Арагың күндө саматкан,
Азгырып аны бараткан.
Аз өмүр калды куурадың
Азапты тарттың арактан.

Жаман сөз жанды кыйнаган,
Жакының күндө ыйлаган.
Караанын эле болбосо,
Калбады эч ким сыйлаган.

Эркиңди арак шаштырып,
Эч кимге кылбас жакшылык.
Урунуп жалаң кырсыкка,
Укпадың такыр каткырык.



## ГАИ

*(негатив)*

Колдо таяк, жолду карап,
Автоунаалар токтоп калат.
Эстээри ооп айдоочулар,
Эшиктери шарак-шарак.
Манчыркаган старшина,
Маашырланып автоунаада.
Сербелендеп чуркап баргын,
"Неге мени токтоттуң" - деп,
Себептерин сен сураба...

Андан көрө берип акча,
Акебайла аны макта.
Абайлап бер, көрүшпөсүн,
Алаканга салган чакта.

Шопурларды баса калат,
Шор кайнатып жаза калат.
Эмгек акы алган өңдү,
Пара алышат атаганат.

"Шодокондун бүркүтүндөй" болбогула,
Шору каткан элиңди ойлогула.
Алсыз болду көп кыргыз мыйзам билбей,
Айланайын ГАИлер сойбогула!

## АЛТЫН САТКАН ДҮКӨНДӨ.

Жылтыр-жултур түгөнгүр,
Баасы анын түмөндүр.
Сары алтынбы, же жезби,
Сапатын билбейм кимдүр...

Саткан ээси олтурат,
Сагызын оозго толтурат.
– Неге кымбат бул сөйкө,
– Негизин айт, сортун айт.

Сорту беш жүз сексен үч.
Сонун алтын эстеңиз.
Экижүзгө түшөмүн,
Эжекебай кетпеңиз.

Тага салып кулакка,
Так мээге урат аа.
Өтүп качып кете албай,
Өзүм түштүм суракка.

## БАЛА САТКАН АЯЛ.

Мөлтүрөп жаш экенсиң, баан билбей,
Мөгдүрөп неге мынча көңүл кирдей.
Сүйүктүү уулунду сатасыңбы,
Сүйүүңдү тебеледиң сөгүп, тилдей...

Мейли сен жаңылдыңбы, же жаздыңбы,
Мезгилдин доорун сүрүп же аздыңбы.
Ким билет, эне болбой калсаң неттиң,
Кичинекей уулунду чын саттыңбы?

Айтканымды кабыл ал ката көрбө,
Алды артыңды абайла баса бербе.
Бак-дөөлөтүң нáристе колуңдагы,
Бала сатпа баланы сата көрбө.



Турмуштан кейидиңби акча зарбы,
Түгөнгүр арак үчүн "баш жазарбы".
Көр оокат тоодой болуп үйүлсө да,
Көп көргөм бу дүйнөдө башка зарды.

## " ЖОЛ АЧА БОЛСО ИТТИН БАШЫ МАҢ".

*( Кыргыз макалы )*

Ача жол кайда барам деп.
Акчаны кайдан табам деп.
Бужүрөп калды көп Кыргыз.
Бийликке кантип жагам деп.

Ача жол оңго жыла албай,
Аздектеп кызмат кыла албай.
Оорутуп башын маң кылып,
Отуруп калды жыла албай.

Ача жол неге азгырык,
Арбадың бизди пас кылып.
Ат башын мен да бура албай,
Келатам жолдо бастырып.

## АВТОРИТЕТ ӨЗҮҢӨ ИШТЕЙТ.

Эмгегиң сиңип,
Элиңди билип.
Желектей желбир,
Жериңди сүйүп.
Өткөрсөң өмүр,
Өкүнбөй сүрүп.

Сырдана жалпың,
Сыйласа калкың.
Намыскөй бекем,
Насилиң да наркың.
Билимдүү болсоң,
Бийиктеп баркың.

Ошондо иштейт авторитет өзүңө,
Орундалат тилегиң, баары макул сөзүңө.

## ТӨРТӨӨ АЛАР...

Төгүлбөс ырыскылар, төртөө алар,
Мезгилдин каны болуп жүрүп турар,
МЕКЕН, ЭНЕ, БАЛА жана СҮЙҮКТҮҮ ЖАР.

Байкалбас бакты-таалай дагы төртөө,
ДЕНСООЛУК, АК ЭМГЕГИҢ, ӨМҮР, ТАЛАНТ,
Болсо эгер сен учасың талбай канат.

Кыйрыңды кырккын кырсык дагы төртөө,
СОГУШ, АПААТ, ЖАМАН БИЙЛИК, ЖАЛГАН ЖАЛАА,
Булардан сактай көргүн кудай талаа.

## КАРГАЛАР.

Сөз билбеген таанды, каргаларды,
Сөзгө тарттым, болбоду арга барбы.
Бийлик келип колуна коно калса,
Бийик чыгып, үндөрү алгалады.

Бирин-бири колдошуп жылдырышты,
Бийлеп, ырдап көңүлдөрүн тындырышты.
Бий алманын тукумун курут кылып.
Бийик өскөн чынарды сындырышты.

Эртеңкини түгөтүп сатып салды,
Эбегейсиз зор дүйнө катып калды.
Эл сатканды эр дешип, көкөлөтүп,
Эр чыкманы чекеге атып салды.



## ЭЛ ҮНҮ

Унчукпай ыйлап бир тарап,
Убайым күндөр караңгы.
Саргаят адам бей убак,
Сапырып ойду, санаамды.

Ызылдап көбү нааразы,
Ышкырып шамал toктобой.
Калдык дейт жалаа-балээге,
Калыстык кылып соттобой.

Канча бир жерлер сатылды,
Камчы сап балдар атылды.
Өзгөнүн алып таалимин,
Өчүрүп барам атымды.

Каза албай кудук илимден,
Калдык деп алчу билимден.
Арманым жүрөк күйгүзөт,
Айрылып барам тилимден.

Чайкоочу айтат жакшы кеп,
Чай баасы бизде жакшы деп.
Акимдер айтат жакшы кеп,
Ар тарабым жакшы деп.

Базарда баалар төгөрөк,
Барымта коюп төлөмөк.
Байланган башы бирөөгө,
Бактысыз байлар өлө көп.

## ГЕНЕРАЛ

*(И. Исаковго)*

Чокудайсың Генерал чокудайсың,
Чокко салды мыйзамсыз отурасың.
Калкың турат калдайган сени коргоп,
Кайратыңдан тирандар чочуласын.

Чынардайсың Генерал чынардайсың,
Чынжыр бутта илинди чыгалбайсың.
Дүйнөң сенин абийириң, чынчылдыгың,
Дүрмөттөлгөн Генерал куралдайсың.

Адыр-адыр тоосу бар Алайдайсың,
Ала албаган жоосу бар адамдайсың.
Кадырыңды жоготпо, кадырыңды,
Кайра экинчи Генерал жаралбайсың.

Жалаа, жаап, камалдың жаман болдум,
Жапса деле элиңе караан болдуң.
Азаптардын артында, чоң бакттың бар,
Аман болгун Генерал аман болгун

## ГЕНЕРАЛДЫН ЭНЕСИ.

Сексен беште энеке, накта экенсиз,
Сезип турам, өзгөчө башка экенсиз.
Генералды төрөгөн-кайраттуу жан,
Кереметтүү азыркы датка экенсиз.



## КАРА-КЫРГЫЗ

Кара-кыргыз деген сөз күчтүү деген,
Кара-кыргыз деген сөз түптүү деген.
Кара-кыргыз деген сөз кайраттуулук,
Кара-кыргыз деген сөз айбаттуулук.
Кара-кыргыз деген сөз улуу деген,
Кара-кыргыз деген сөз сулуу деген.
Кара-кыргыз деген сөз кенендиги,
Кара-кыргыз деген сөз берендиги.
Кара-кыргыз тайманбас эр денгени,
Кадимки эле Ала-Тоо жердегени.

## КЕҢЕШ

*(райондук кеңеш)*

Кеңеш деп атың сонун кеңешпейсиң,
Келберсип керилген бир белестейсиң.
Келебиз көздөн учкан иш бүтөт деп,
Керемет дүйнө болуп элестейсиң.

Кеңеш деп акыйкаттуу атың жагат,
Кемчилдик качан бүтөт, качан калат.
Келишкен төраганы шайлап алып,
Кеңешип кессек бармак атаганат.

Келинди көрөм бала кучактаган,
Кемпирди үйүм жок деп бышактаган.
Чал келет төкөр бутту жарым жаны,
Чечилбей өкүнүчтөр бутактаган...

Кеңеш деп атың сонун кеңешпейсиң,
Желбиреп желге ойногон желектейсиң.
Катыра курдук десек доорубузду,
Капырай неге бүгүн сенектейсиң.

Таласта бизге белгилүү болгону эле 36 түрдүү кендердин кору бар, дагы белгисиздери канча, баскан жерибиздин баары эле алтын окшойт, элдин духу деле бийикте, оңду-солду карасаң күтүрөп жашап жаткандай көрүнөт. Бирок баары бир кембагалдык менен акыйкатсыздык аз келгенсип караңгылык менен түркөйлүк каптап калган. Бийлик өз билгенин кылгынын койбой, эл наразычылыгын койбой алтын кедердин тагдырына байланышкан тирешүү башталганы качан... Жылдар жылып 2007-жылдын жаз айларында Таласта үч айга созулган бийликке наразычылык акциялар пикеттер менен коштолуп турду. Губернатор акимдерди эл чакырып алып чак түштө күргүштөгөн элдин ортосуна коюп, арай көз чарай маселет кылып, – Таластын таза табиятын бузганга жол бербейбиз, кедерибизди келгиндерге талатпайбыз, конституциялык укуктарыбызды пайдаланып айкындуулукту талап кылабыз, – деп укук талашканбыз. Анын себептери көп эле. Дагы баягы бийлик кендерге жашыруун лицензия, элге билгизбей жер берип, а түгүл кече эле өзүбүз шайлап алган тууган-тааныш депутаттарыбыздын колу аркылуу чечимдерди чыгарып, култуңдаган саясат доору башталган. Дүнүйөнүн төрт тарабынан келген компаниялар биринин колунан бири талашып, кенибизди улам кымбаттатып сатышып, жергиликтүү калкты тырмагына теңебей Ак үйүбүздүн жетинчи кабатындагылар менен гана көз ымдашып ажолорубуздун балдары талтаңдап калган. Сырты сыпаа тигил ач көз конокторубуз болсо жерибизди талкалап кен издеп өз кызыкчылыктарын гана ойлоп, элдин денсоолугун, экологиябыздын тазалыгына жердин бүтүндүгүнө, мал-жаныбыздын аманчылыгына түкүрбөй калган. Баягы "эшектин сүтү арам, күчү адал" дегендей компанияда иштегендер Кыргыз тамагын жебей суусун ичпей контингенттин ары жагынан учак менен ташып тамактанышат экен, деген, – сөздөрдү угуп ого бетер кыжырланганбыз. Ата-бабадан калган асыл



жерди талкалап, алтынын алып жаткандар биздин суубузду ичпей, наныбызды жебей жерип, элге жүзүн бурбай, отчет бермек мындай калсын бир барак маалымат бербей зуулдаган мыкты авто унаалары менен айылды чаңдатып, бирин-экин билимдүүсүнгөн жаш кыз-уландарыбызды тилмеч кылып алып, жергиликтүү элден бөлүнүп турчу. Ишенчээк карапайым элдин арасынан айрымдарын ишке алып (аныcы да кара жумуш) бир атанын балдарын жаатка бөлгөнгө да себепчи болушкан. Баса дурусураак маяналуу жерлерине ошол чоңдорубуздун балдары, жакындары илине калып ич ара иш жүргүзгөнгө да үлгүрүшкөн. Ондогон, жүздөгөн кайрылуу каттарын, өтүнүчтөрдү, сунуштарды жазып мыйзамдуу кайрылсак да жооп болбоду. Кейиген эл-журтту көрүп жүрөгүндө арамдыгы жок айылдын боз балдары чындап эле жерине ичтери күйүп компаниядагыларга "бул жерден кеткиле, биз силерди каалабайбыз болбосо талкалайбыз" дегени үчүн биздин прокуратура, милицияларыбыз этектей эскертүүлөрдү берип, эл душманы кылып, тартипсиздигиңер үчүн камаласыңар деп коркутушуп турду. Чакырып алып зекип, түшүнүк кат жаздырып, кылмыштын коркунучтуу беренелерине кириптер болосуңар шордуулар, ким силерди уюштуруп жатат биз билебиз, камаласыңар, – деп баш көтөргөндүн жүрөгүнүн үшүн алып турушту. Ага болбой детермилгелүү топтор түзүлүп миңдеген кол коюлган жарандардын талаптарын берсек да уруп койбогон бети жок бийлик, акчалуу келгиндерди жөнгө салбай чалчаңдатып, алардын каалаганын жасатып кайра элге асылып муну уюштургандар силерсиңер деп бизди тогузубузду айыпкер катары камерага тыккан. Азыр алардын төртөөсү чет өлкөлөрдө баш калкалап жүрөт.

## 3-КАМЕРАДА ҮЧ КҮН, ҮЧ ТҮН...

Көк жыттанган темир эшиги,
Көрдөй болгон жалгыз тешиги.
Түбү түшкөн акыйкатсыздык,
Түрмө. Аял. анын сезими...

Араң жылат турмуш араба,
А бийликке өйдө караба.
Калыстыкты айтсаң аларга,
Камап койот жыгып жалаага.

Күчкө салып толгоор колумду,
Күйпөлөктөп торор жолумду.
Калыстык деп зарлап ыйлаган,
Камай албайт менин оюмду.

Чындыктын бүткөн жери-жалган болду,
Чырактай "Жер-үй кени" арман болду.
Таластык кемпирлерди тебелеткен,
Тайраңдап өкмөтү жарган жолду.
Чоор ойноп, кошоматка түлкү кууган,
Чоңдору ыржаңдаган тайган болду.

Калдайган кенди талаган,
Калп айтып жанын сабаган.
Ким көргөн мындай зомбуну,
Коргосо жерин камаган.

Ак сөзүм менин жарагым,
Акыйкат эле талабым.
Адилет кылган иш үчүн,
Акмактар мени камадың.



## КҮНДҮ ДАГЫ КАМАЙ АЛАБЫ.

Күнөөлүү деп жаап жалааны,
Күргүштөтүп бизди камады.
Гүл өстүрүп жерди жайнаткан,
Күндү дагы камай алабы.

Айдап келип бизди камады,
Айрыбастан акты, караны.
Адам, жердин бирдей тагдыры,
Айды дагы камай алабы.

Жыйнап келип бизди камады,
Жыртып-тешип бейкут санааны.
Жыбыраган көктүн бетинде,
Жылдызды да камай алабы.

## ЫЙЛАГАН ЖЕР

Жер ыйлайт үнүн чыгарбай,
Жеңилдеп бугу чыга албай.
Өпкөндү үзүп жатабыз,
Өзүңө кызмат кыла албай.

Жер ыйлайт мундуу салбырап,
Жел урса желпип жалбырак.
Айласын алты кетирген,
Адамга турат жалдырап.

Жер ыйлайт укчу солкулдап,
Жүрөгү түшүп болкулдап.
Кирдеттик, жардык, өрттөдүк,
Ким анын ордун толтурмак.

Жер ыйлайт ачпай көкүрөк,
Жер болгон үчүн өкүнөт.
Өлтүрө көрбө мени деп,
Өтүнөт бизден өтүнөт.



# *АЛТЫН ТОО КАЙРЫКТАРЫ*

*(ыр цикл)*

## ЖҮРӨГҮМӨ САЛЫП АЛАЙЫН

Тал-терегин ыргалбасын тек,
Таза суун булганбасын деп.
Карегимдей жерди далдалайм,
Каспетин уурдалбасын деп.

Ай нуруна сени бөлөйүн,
Ажарыңа акы төлөйүн.
Амандыгын үчүн алтын тоо,
Азабыңды тартып көрөйүн.

Беттен сылап сенин жел аргын,
Бетеге жыт кере дем алдым.
Казып-тешип шайын оодарды,
Кандай жардам сага бере алдым.

Жек көрбөөнүн чыдоо, чеги бар,
Жерим сенде кимдин кеги бар.
Как жүрөккө салып алайын,
Кай улуттун сендей жери бар.

## АЛТЫНДЫН ЗЕРИ.

Асманда жылдыз суюлбай,
Акыйкат үнү угулбай.
Алтындуу тоону ээлеген,
Анда да болгон зулум-бай.

Төбөдөн тийип жетиген,
Төбөлөп конуп жетиден.
Төө матек алып журтунун,
Төбөлдөр элин зекиген.

Алтындын зери учурган.
Арамдар анда кутурган.
Абийрин сатып дүйнө үчүн,
Адамдар далай утулган.

Азыр да аны кайталап,
Акыл –эс чоочуп чайпалат.
Санаамда жердин тагдыры,
Салчудай мени балталап.

## АЛТЫН ӨРӨӨН.

Алтын өрөөн кимдин көзү түшпөгөн,
Агым өндүү тартылышат күч менен.
Алмуздактан алтын талаш ажалдуу,
Адамзаттын согушу бар бүтпөгөн.

Алтын өрөөн ажыдаары кайтарган.
Амалдуураак адамдар бар шайтандан.
Аман эле турсаң экен кырсыктан,
Айланайын Талас жерим жайкалган.

Алтын өрөөн ташың алтын чачыла,
Азабыңды байлап алдым чачыма.
Кыз денелүү кымбат жерим Таласым,
Кыргыз үчүн түгөнбөгөн казына.



## ЖОГОЛГОН АРАЛ БОЛБОЧУ.

Жоогазын гүлдүү жамалың.
Жомоктой менин аралым.
Жоо алган бийлик сактабай,
Жоголсоң кантип табамын.

Кунсуз го Манас ордосу,
Кудайым бизди колдочу.
Жондоруң алтын, күмүш сууң,
Жоголгон арал болбочу.

Тоо десең тоонун пашасы,
Токой, суу, тунук башаты.
Ардагым бейиш аңкыган,
Ата-Журт жердин тазасы.

Таңында сайрар торгоймун,
Тагдырың күндө ойлоймун.
Акыркы демим калганча,
Аянбай сени коргоймун.

## СООЛБО, БУЛАК.

Сапырылып, тоо тешилип, гүлбагы,
Саргайганын көргүм келбейт жылганы.
Томкорушса алтын казган немелер,
Токтолобу табияттын ыргагы.

Элеңдешсе элик, кийик улагы,
Энтеп учуп качып кетер улары.
Соодалашса алтын тоону бөтөнгө,
Соолобу сокур болуп булагы.

Соолбо булак суусунумду кандыргын,
Соо тура гой, жашоо отун жандыргын.
Башкалардай кайдыгерлик кыла албайм,
Башымды ийип, салганы деп тагдырдын...

## КАНТЕЙИН КООМ ТАЗА ЭМЕС.

Короом деле баягы,
Коюм жок толо жайнаган.
Ышкыбоз жанмын күргүштөп,
Ышкырып ырлар айдаган.

Үйүмдүн ачык эшиги,
Үңүлүп карайт Ай, жылдыз,
Байыр алып эшик-төрүмдөн,
Баш багып турат сан Кыргыз...

Жүрөгүм деле баягы,
Жаш бойдон бирок кыраакы.
Жаңылсам кайра жаңырам,
Жашоонун келсе ыраaты.

Эл эле, эл деп ыйлаган,
Көздөрүм ага капа эмес.
Кадырың бийик Кыргыз эл,
Кантейин коом таза эмес.

## БАРАТАМ...

Жылаң аяк басып келем таштак жол,
Жылбай кадам, алым кетип таштап кол.
Үшкүрүктөн жарылчудай таштарың
Үтүрөйүп кабак бүркөп, асманым.
Суу шылдыры кулагымды жегендей,
Суйкаясың Ала-Тоом кебелбей.
Бешим бекен же күн андан кеч бекен
Белим сыздайт жетер жерди эстесем.
Алыс калды, жашыл адыр жалбырак
Арзууларга толгон көздөр жалдырап...



Суук-салкын мамилелер көмүлгөн
Суу сепкендей кетпей калган көңүлдөн
Жакшы көргөн адамдарым мас болгон,
Жакындарым түшүнүшпөй кас болгон.
Акынсың деп сөз беришкен сураныч...
Ак эмгектен таптым далай кубаныч.
Бала кезден сактап бактым көрөңгө,
Баратамын мөмө шактуу өрөөнгө...

## АКЫЙКАТТЫК ИЗДӨӨ.

Акыйкаттык издебейли асмандан,
Ал колуңда, көкүрөктө, жүрөктө.
Ыйык китеп мыйзамдардан өйдөрөөк,
Ыйманыңды, ызаатыңды түгөтпө.

Кудай көктө, а падыша алыста,
Кууланбагын алгың келсе калыс баа.
Адалдыктын суусу менен нанын жеп,
Акыйкаттык тапкың келсе арышта.

Акыйкаттык ак берметтей нурданат,
Аны көрбөй ач көздөрүң кур калат.
Калыстыктан тайган күнү-жылт этип,
Кадыр-баркың, бак-дөөлөтүң уурдалат

Эркиндиктин ырын ырдап жатканым,
Эл талабын угузууга шашканым.
Кыргыздардын дымыгы күч болсо да,
Кыйын экен акыйкаттык таппадым.

Таласта 6-7-апрель күндөрү өзгөчө массалык маалымат кызматкерлери, коомдук уюмдар жан аябай кызмат кылышты, алардын айрымдары төмөндө биз менен ошол тарыхий окуяларга катышып, көзкараштарын өздөрү көргөн-билгендерин айтышты.

**МИРА СЕЙДИКЕРИМОВА -** "ДАБАН" коомдук саясий эркин кезитинин редактору, "КАБАР" агентствосунун кабарчысы.




2010-жыл, 6-апрель. Талас. Жаздын жадыраган бейгам күнү эле. Саат 11лер чамасында жумуштап баратып, ар кай жерде шаардын борборунда чогулган элге бетме-бет чыктым. Аял-эркеги, кары-жашы дебей, бир чечимге келген адамдардын жүзүнөн ишеним менен үмүттү, жалтанбаган кайратты, жаал кайнаткан ызаны көрдүм. Алар катуу сүр менен кайраттуу кадам шилтеп баратышты. Ушул тапта бийлик тараптагылар да кур жатпай, Акүйдүн кире беришине каз-катар милициялар тизилип, жолдорду бууган МАИчилердин машинелери ар кайсы жерлерде токтоп турган. "Ой ушулардын колунан не келет, милиция деген ушинтип эле жолдорду тосуп коет" дешти бийликтин күчүнөн коркуп жүрөгүнөн жалыны өчкөндөр.

Бууркандаган дайрага окшоп эл Акүйгө агылды. Алардын талабы элдик курултайды так ушул Акүйдүн алдына өткөрүү болчу. Бирок, тоңмоюн бийлик кашайып бул жолу да моюн толгоду, элдин сөзүн уккусу келбеди. Элден жүз бурган бийликтен тажап бүткөн эл күү-шаа эткен селдей толкуп-ташып, кошоматчы аткаминерлердин, кекирейген чиновниктердин ордосуна айланган Акүйдү каптап кетти. Эл анан кантмек, ишенип, туу тутуп, белине кармап турган



элдик лидерлердин бири Болот Шерниязовду элдин көзүнчө барымтага байлап кетишсе, электри, телефон бирдиги кымбаттап, салыктардын түрү өсүп кысылып турган элдин акыркы үмүтүнүн билиги өчкөндөй эле болду.



Колдоруна бензин куюлган бөтөлкө кармаган Азиз Курамаевдин жанындагы бир-эки бала шаардын чок ортосундагы аянтта керилген Курманбек Бакиевдин сүрөтүнө бензин чачып, өрттөй албай жатышты.

Арабөк абал, эртеңки күнүбүз не болот деген онтоткон ой ар бирибиздин жүрөгүбүздү өйүп турду. Шаардын борбордук аянтындагы чогулган элди аралап жүрүп Серен Шейшенов менен учураштым. "Сизди СНБнын балдары куугунтукташкан жокпу?" деп сурады. 2010-жыл жаңыргандан баштап Серен Шейшенов электр энергиясынын кымбатташына каршы болуп, ар кандай акцияларды уюштуруп, Таластагы жападан жалгыз көзкарандысыз "Дабан" гезитине "Электр энергиясынын кымбатташы жакшылыкка алып барбайт" деген темадагы интервью берген. Машинанын үстүнө үн жаңырткыч коеюн деп убараланып жаткан Руслан Атаканов, эл арасында жүргөн "Славян бirimдиги" бирикмесинин журналисти Марина Едигеева, бейөкмөт уюмдар боюнча жигердүү өнөктөшүбүз Шамиль Мурат менен учураштым. Элди аңдып, четтеп, акмалап сырттан карап жүргөндөрдү көрдүм. Акүйдүн алдындагы топтолгон элди сүрөткө тартып, редакцияга келдим.

Тиричиликтин улуу күчүнө таң калам. Кыргызстандын тагдыры чечиле турган ошол күнү да тиричилик кадимкисиндей өтүп жатты. Базар, дүкөндөр ачык, жумушка кирип чыккан адамдар. "КАБАРга" Таластагы толкундоо жөнүндө биринчи маалыматты жазып Интернет аркылуу жөнөт-

тум. А редакцияда иш кызып, "Дабан" гезитинин кезектеги номерин даярдап жаттык. Редакциябыз облустук ички иштер башкармалыгына жакын. Экинчи кабаттагы балкондон чаарала кийинген эки жигит башкармалыктын чатырынын үстүндө боортоктоп, мылтык шыкаалап жатканын көрдүм. "Булар кимдер? Снайперлерби? Кимди атат?" деген күдүк ой сезимимди аралап өттү.

Түш оой күндүн ырайы бузулду. Батыштан удургуп суук жел согуп, асман боз чүмкөнүп калды. Ыркыраган шамал батыштан карайган булуттарды кууп келди. Саат кечки 6лар чамасында жумуштан кетип баратсам, Таластын үстүндө вертолеттор айланып, облусттук ички иштер башкармалыгынын алдында чогулган чопкутчан, колдоруна дубинка көтөргөн аскер кийимчендер калкандарын калдайтып, темир тордун артында турушуптур. Күүгүм тарта кайра редакцияга келдим. Иштеш керек эле. Журналисттер чогулганыбыз менен иштей алганыбыз жок. Акүй тараптан кыйкырык-ызы чуу чыкканын эшитип, басып бардык. Куралданган омондор кечти эле күтүп турушканбы, ок артынан ок атылып, кулак тундурган жардыргычтар биринин артынан бири жарыла баштады. Акүйдүн бардык терезелеринде жарык жанып, Акүйдүн ичине толгон эл октон качып сыртка чыгып жатты. Акүйдөн эшикке сүрүлгөн эл соо качпай, баш кесмек бар, тил кесмек жок дегендей, "Бакиев кан ичкич, Бакиев кетсин!" деп кыйкырып жатышты.

Редакцияга келип кайра иштей баштадык. Москванын НБТ каналынан журналист Елена айым телефон чалып, ага кабар жөнөтүүмдү, мүмкүн болсо видео тасмаларды Интернет аркылуу салышымды суранды. Казакстандан, Бишкектен журналисттер тындырбай телефон чалып жатышты. КАБАРдын Ысык-Көл боюнча кабарчысы Чолпон Шайыкова телефон чалып, Таластагы абалды сурады. Ысык-Көлдө кандай десем, абалдын тынч экенин айтты. Саат түнкү 1. 30 редакцияга Улан Абдрахманов кирип келди. Көзү карыгып, жаш агып, жөтөлүп, абалы начар. Ал 76 киши жарадар болгонун, жарадарларды ооруканага жеткирип жатышканын



айтты. Болгон окуяларды айтып бир аз сүйлөшүп, үйүнө кайра кетти. "Тез жардамга" чалдым. Линия бош эмес. Улам улам чалып жатып акыры алардан жарадарлардын саны саат санап өсүп жатканы тууралуу маалымат алдым. Ошол учурда областтык оорукананын травма, хирургия бөлүмүнө 87 киши жеткирилиптир. Ооруканага телефон чалсам, телефонду алышкан жок, кыязы бошобой жатышса керек. Топтолгон маалыматтарды компьютерге түшүрүп бүткүчөктү саат түнкү 3 болду.

7-апрель күнү саат 9дар чамасында КАБАРдан Турдубек Осонов телефон чалып, Таластагы абалды сурады. Агайга кабар жөнөтөм деп убада бердим. Көчөгө чыктым. Аба оор, асман бүркөк, жамгыр тамчылап, ок дары жыттанат. Үстүмдө чолок кызыл пальто, колумда фотоаппарат, диктофон. Бир түндүн ичинде тополоңу тоз болгон Акүйдү сүрөткө тартып, кимден интервью алсам деп борбордук аянтта бир аз туруп калдым. Катуу жаабай тамчылаган жамгыр чачыман сарыгып, денемди ичиркентет. Көчөдө эл көбөйө баштады. Шаардык мэрия тарапка агылган элди көрдүм. Агылган эл мэрияны талкаламак эле бирок, мэриянын алдында Акыйкатчылыктан, Афган коомунан турушкан патриоттордун жалындуу сөздөрүнөн кийин, топураган жаштар токтоп имарат талкаланбай калды. Жалындаган жаалдан сактаган жакшы сөздүн күчү ай! Абийир болуп түндүгү түгөл калган Мэрияда кийин областтык администрация аппараты иштебедиби.

Мэриянын алдынан артка тарткан эл дүрбөп ички иштер башкармалыгын көздөй жөнөдү. Биздин журналисттер Койчуман Тыналиев, Бакытжан Иманалиев алардын арасында жүргөнүн көрдүм. "Берен! Берен!" деп дүпүрөп ураан айткан балдардын үнүн уктум. Сыргак Раимканов менден фотоаппаратты алып эл менен кошо кетти. Кайра редакцияга келдим. Элге ыргытылган ок жардыргычтардан редакциянын терезе каалгасы калдырайт, саңырсыган октун жыты башты айлантып, көздү ачыштырат. Алаамат башталгандай эле болду. Кыжырданган элдин энергиясына куралданган солдаттар туруштук бере албай калды. Солдаттар элди көздөй

өтө башташты. Аларды ачууга каныууккан балдар уруп сабай башташты. Чыдай алганыбыз жок. Арачалап, редакцияга алып кирдик. Редакциянын тар бөлмөсүнө 10 солдатты араң батырдык. Баштарына таш тийген, беттери айрылган, көздөрү көгөргөн, колдору тытылган солдаттарды сураштырсак Армияда кызмат өтөгөн 19-20 жаштын кырындагы кырчындай жигиттер экен. Бети баштарын жуудуруп, баштарын таңып, чай берип колубуздан келишинче жардам көрсөттүк. Биз антип жан алакетке түшүп жатсак, кошуна аял солдаттарга берилген консерва, кургак тамактарды кудуңдап көтөрүп үйүнө кирип, эшигин бекитип алды. Атаганат, беш кол тең эмес деп бекер айтпайт экен го.

Сыртта кыйырык чуу. Бир маалда колуна таш, таяк көтөргөн көпчүлүктүн сүрү от жалынга айланып ички иштер башкармалыгын каптап жалындап күйгөн от менен кошо качып чыккан Конгантиевди кармап алган эл, жаалданып аянтты көздөй алып кетишти. Өрткө чулганып, кара түтүн булап УВД калды. Өрт өчүргүчтөргө чалдым. Телефондун тиги учундагы супсак үн "Барбайбыз! Өрт өчүрөбүз деген балдарыбыз таяк жеп, машинабызды өрттөп салышты. УВД өрттөнмөктөн таш талканы чыксын" деп койду. Жалындаган отко карабай бош калган имараттан көр жерлерди ташып бараткандарды көрдүк. Көөдөнүм от-жалын. УВД жак тынчыганда борбордук аянтка бардым.

Кечээ эле кашкайып сыналгыдан сүйлөп жаткан генералды колго түшүрүп алып, андан бийликке болгон ыза-кордугун, азап-тозогун чыгарып алчудай албууттанган көпчүлүк Акүйдүн алдын бербей быкпырдай кайнап, кыйкырык -чуу...

Жамгыр кээде шаңдуу жаайт, дыбырап, кубанычтуу жер-ди ургулап... 7-апрелде асман ыйлап турду... солуктап, үн чыгарбай, ичинен эзилип жарын жоктогон келиндей, эч ким үнүмдү укпаса экен деп жаздыкка баш катып ыйлаган энедей... Ошондогу октун каңылжаарды жарган ачуу жытынан табият өпкө кага энтигип турганы, талкаланган Акүй, туш келди жерде машиналар өрттөнүп тамтыракайы чыккан көчөлөр көз алдыман кетпейт.



**Ошол кездеги "Азаттык" Радиосунун Таластагы өз кабарчысы Улан Адырахманов**



Чын эле ошол күндөрү баардык маалымат каражаттары жан айабай иштешти өзүбүз таяк жеп техникаларыбыз сынды Талас телерадиосунун оператору Улан аттуу жигиттин фотоаппаратын жерге чаап сындырышып өзүн таяктаган. Менин фотоаппаратымды дагы талкалап, топ балдардын колу тийди себеби биз алдынкы планда жүргөнбүз. Ачууга алдырган эл далай машиналарды өрттөп, далай чиновниктерди, бейкүнөө солдаттарды жана формачандарды сабашты. Мындайда алардын кулагы укпай, көздөрү көрбөй калат экен. Улам алга жакындап окуяларды тартып жатканда менин бутума да таш тийгендей болгон бирок ал күнү аны билгеним жок көрсө желим ок тийиптир бир далай күн аксап жүрдүм. Жабыркагандар ооруканага батпай толуп кетти, дагы далайлары тиги бийлик келет экен деп коркуп үйлөрүндө жатып калды. Кийин компенсация алганда өкүнгөндөр коп болду, өзгөчө ички иштер бөлүмүндө иштегендердин көбү ар кандай жол менен 50 000 сомдон алышты. Айрымдары чын эле жабыркаган ал эми чыпалагын чийип кеткендер деле эптеп жолун таап алгандарга эл аябай наарazы болду. Бишкектеги Азаттык радиосу биздин Таластагы окуяны 6-апрель күнү тынымсыз так даана чагылдырып берип турду.

**Талас областтык телерадио компаниясынын жетекчиси ЭРМЕК ҮМӨТОВ**

# *Эртеңки күнгө барчу жолубуз жарык болсун*



Өткөн 2010-жыл Кыргыз мамлекети үчүн зор өзгөрүүлөрдүн жана чоң сыноолордун жылы болуп калды.

Талас бешиги, угут уюткусу жана локомотиви болгон апрель элдик революциясы үй бүлөлүк Бакиевдик коррупциялашкан бийликти кулатып өлкөбүздүн жаңы багытта өсүп өнүгүшүн шарттаган улуу бурулушту калайык калкыбызга тартуулады.

Тилекке каршы өлкөдө адилеттүү, эл журт өзү көксөгөн элдик бийликтин орношу үчүн 86 жаш жигиттерибиздин каны төгүлүп, энелердин көкүрөк күйүтү азайбай, көз жашы бүгүн да кургабай турат.

Жаңы бийлик каруу байлап, ишке кирише баштаганда түштүктөн июнь коогалаңы элибиздин жүрөгүнө, тилегине, келечек максатына тепчилген ийнедей болуп кыргыздын сай сөөгүн сыздатып кетти.

Кыргыз элинин биримдиги, ынтымагы ошол оор күндөрдө дагы бир жолу көрүндү. Бардык күч аракет мамлекетибиздин бүтүндүгүн, эл журтубуздун намысын коргоп калууга жумшалды. Жаңы бийлик дал ушундай сыноолордо телчикти. Президентибиз Роза Исаковна башында турган убактылуу өкмөт өзүнүн туура, адилет, эл аралык мейкиндикте сабырдуу жана принципиалдуу саясаты менен ички жана тышкы маселелерди кыска убакыт ичинде ыраатуу чечүүгө жетишип, өлкөнү атуулдук салгылаштын мизинен кайтарып алгандыгы тарыхыбыздагы эң ири жеңиштерибиздин бири болуп кала бермекчи.



Жогорку Кеңешке шайлоолор да мурдагыдай административдик ресурстар колдонулбай таза өттү. Эл өзүнүн тандоосун жасады.

Мына бүгүн мамлекетибизде жаңы парламент, жаңы өкмөт өз ишин баштап, Кыргызстандын чыгаан уул кыздарынын түмөн түйшүктүү жана ошол эле учурда акыл, эстүү иш билги бирдиктүү саясатынын негизинде Борбордук Азия чөлкөмүндө парламенттик башкарууга өткөн алгачкы мамлекет катары дүйнөгө таанылып олтурабыз.

Ынтымак ырктын кеткендигинин ачуу сабактарын июнь коогалаңынан кийин жон терибиз, жан дүйнөбүз менен сезгендей болдук. Демек уруу урууга, түндүк түштүккө бөлүнүү буга чейин да, бүгүнкү күндө да, эртең да кыргыз эли үчүн жакшылык, ийгилик, өнүгүп өсүш үчүн чабылган жол эмес экендигин түшүнүүгө тийишпиз.

Улуу Манас бабабыздын «Бөлүнбө кыргыз бөлүнбө, Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, Бүлүнүп кетти кыргыз деп, Бөтөн элге кеп кетет» деген осуятын туу тутуп, намыстуу, кайраттуу, бирдиктүү бололу.

Туруктуулук менен коопсуздук кайсы мамлекеттин болбосун эң башкы камкордугуна кирет. Кечээги апрель элдик революциясынын жеңиштери, өлкөнүн жаңы системага, парламенттик башкарууга өтүүсү бүгүн жел тийсе ыргалган назик чырпыктай көрүнөт. Аны сактап, өстүрүп, кам көргөндө гана ал өз жемишин берет .

Бүгүн айрым кемчиликтерди, тоодой көргөзүп, ай асманга чейин жеткире сындап, коомду бөлүп жаруу максатында ар кандай шылтоолорду издеген сасык саясатчыларыбыздын катары көбөйүп бараткандай сезилет.

Мунун өзү өлкөгө жаңы бүлүк түшүрүп, элибиз көксөп жеткен демократиялык процесстерди токтотуу аракетине барабар.

Биздин оюбузча «кайыкты чайпалтпоого», акыл эстин чегинен аша чаппоого биздин парламенттеги жана парламенттик шайлоолордо жеңишке жетише албай калган айрым саясый күчтөрдүн эрки жетет деп ишенүүгө болот.

Биз өз күчүбүзгө өзүбүз ишенип, өз максатыбызды көздөп жана өзүбүздүн жаратман кубатыбызга таяна билүүгө тийишпиз.

Ооба, дайыма төмөнкү тепкичтен көтөрүлүү жеңил. Ал эми канчалык жогорулаган сайын кадам шилтөө ошончолук оорлой берет. Демек өнүгүп өсүүгө бет алган жол көп күч аракетти жана убакытты талап кылат.


Манас бабабыздын улуу арбагы түбөлүк биз менен болуп, эртеңки күнгө барчу жолубузду жарык кыла берээрине терең ишенем.

# *ТАЛАСТАГЫ КООМДУК УЮМДАРДЫН АРАКЕТИ*

Демократия желаргысы чынында Таласта аркырап уруп турат. Сары эсеп салып карап турсаң, бардык элдик кыймылдар менен саясый окуялар бизден башталат. Ошондуктанбы айтор шайлоодо ыр-чырлар, кызматка коюуудагы адилетсиздиктерге коомдук уюмдар кайдыгер болушпайт. Мына апрель окуясында да региондун бардык жерлеринде ошол активисттердин жандары тынбай эл ичинде болушуп, чыр-чатакты чыгарбоого, сабырдуулукка чакырып жүрүштү. "Элназ" коомдук бирикмесинин жетекчиси Гулнара Избазарова дуулдаган жаштарды жөнгө салууга, "Айкөл" коомдук бирикмесинен Гульмира Темирбекова өз жамаатындагылар менен эл арасында болсо, "Гүлжигит" коомдук уюмунун жетекчиси Эркинбүбү Эшимбекова эл менен бирге болуп, окуяны өз көздөрү менен көрүп жүрүштү. "Хавва" коомдук уюмунун жетекчиси Ибадат Эргешова жубайы менен Талас-тагы окуянын катышуучусу катары жүрдү. Ал эми Бакай-Ата районунан "Андаш" коомдук уюмунан Мамбеталиев Андаш жубайы менен "Аккайың" коомдук уюмунан Жаңыл Мырзалиева, Кара-Буура районунан Айгул Жунусова, Манас районунан Гулнара Садыровалар элдин тынчтыгын сактоого жер-жерлерде аракет кылышты. Ал эми Афган согушунун катышуучулары өзгөчө ошол күнү өздөрүнүн чыныгы эр жүрөк жоокерлер экендигин көргөзүштү.



## ОРТОАЗИЯ РЕГИОНУ БОЮНЧА ЖАЛГЫЗ ГАНА ТАЛАСТАГЫ ЖАМААТТЫК РАДИО "МОСТ"ТУН ЖЕТЕКЧИСИ ГҮЛМИРА ОСМОНОВА ЖАНА БИРГЕ ИШТЕГЕНДЕР



Биз дагы 6-апрель күнүн азыр да аяныч менен эскеребиз. Себеби Таласта болуп өткөн элдин көтөрүлүшүн чагылдыруу үчүн "Радиомосттун" баардык журналисттери жана элдик кабарчылары эртеден кечке болгон окуяларды түз жана айкын чагылдыруунун үстүндө иштешти. Бул күнкү абал туурасында эскере турган болсок борбордук аянтка чогулган эл абдан тынчсызданууу жана өкмөткө кыжырдануу менен топтолуша берди. Биздин кабарчылар айрым учурда кыжырданган эл тарабынан ыңгайсыз абалдарга да кези-

гишкен учурлары болду. Бирок ага карабастан болуп жаткан окуяларды кабарчыларыбыз эки диктофон менен иштеп, кабарларды интершум менен интернетке Радиомостун өздүк сайты аркылуу байма-бай чагылдырып жатышты. "Азаттык" үналгысынын кабарчысы Улан Абдырахманов менен тыгыз байланышта иш алып барып Алматы, Москва Бишкекке жана "Комсомольская правда" гезитине болуп жаткан окуялар туурасында маалымат берилип турду. Ошол учурда так, бурмалабай убагында кабарларды чагылдырып туруу жана эл үчүн кызмат кылуу ар бир журналисттин милдети эле. Журналисттик эле кызмат аткарбай, эл менен бирге болуп, аларды сабырдуулукка сак болууга үндөп турдук.

**"ТАЛАС ТУРМУШУ" областтык гезитинин редактору КОЗУБЕК ИМАНКУЛОВ:**

## *Бакиевдин тоталитардык режими ойрон болду*

*же дүйнөнү таң калтырган эки күн*

Өлкө башчысы Курманбек Бакиевдин жана анын жакындарынын өкүм зордук, зулумдук, ачкөздүк жана адилетсиз саясатына өлкөнүн жалпы элинин наразылыгы бышып жетилген болучу. Бул ирет Айкөл Манас ата жердеген Талас жергесинин эли элдик революциянын карлыгачы болду. Бийлик элди катаалдык менен коркунучта кармап, жарым кулчулукка моюн сундуруп, өлкөнүн байлыгын, элдин ырыскысын талап жеп, ачкөздүк аракетин уланта бермек. Бул аз келгенсип электр энергиясынын жана коммуналдык кызмат акыларын эпсиз жогорулашы элге катуу сокку болуп тийди. Өлкөнүн бүт байлыгы Курманбек Бакиевдин баласы баш болгон эл аралык аферист адамдардын колуна топтолуп, миллиарддаган акча каражаттары мамлекеттин көзөмөлүсүз калган.



Буга чейин коомчулук эл журт көкүрөктөгү шакардай кайнаган көйгөйлөрүн бийликке жеткирүүгө аракет жасашты. Бирок ачкөздүккө араанын ачкан мелтейген бийлик башчылары дил төшөбөдү, укпады. Аргасы түгөнгөн, элдин толкундоосу Нарын жергесинде башталган, бирок бийлик бир аз гана социалдык маселелерди чечип, жооткотуп тим болгон. Өлкө бийлигинин арам саясаты калкты түп көтөрүлө күрөшүүгө аргасыз кылды.

6-апрель күнү түшкө жуук өрөөндүн баш аягынан адамдар Талас шаарынын борбордук аянтына жыйнала баштašты. 7-апрель күнү Талас жергесинде тынчтык митингисин өткөрүүгө келаткан "Ата Мекен" партиясынын лидерлеринин бири Болот Шерниязовду күч органдары "Мамлекетке ыңкылап жасоого аракет кылды" деген негиз менен каматкан соң, "Ата Мекен" партиясынын көпчүлүк активисттери иш чаранын нугун өзгөртүп, чечкиндүү кадамдарды жасоого аргасыз болду.

Ошондой эле социалдык наразылыктары чегине жеткен адамдардын саны улам көбөйүп, 3000ден ашык адам аянтка жыйналды. Селдей толкуган эл губернатор Бейшенбек Болотбековду барымтага алган соң күч органдары Болот Шерниязовду камактан чыгарышты.

Областтык мамлекеттик администрация кечке чейин митингчилердин көзөмөлүндө болду. Саат 18дер чамасында Таласка беш вертолёт менен атайын даярдыктан өткөрүлгөн аскерлер келип түштү. Абал улам оорлоп, чыңалып, кырдаал курчуй баштады. Ал эми премьер министр Данияр Үсөнов маалымат жыйындарында УТРК телеканалы аркылуу Таластагы абал тынч деп бай-байма жалган маалыматты айтып жаткандыгы элдин кыжырын ого бетер кайнатты. Мен, досум – көрүнүктүү сүрөтчү Жаныбек Рай экөөбүз Ак үйдүн артындагы бактан борбордук аянтка келатканда асмандан жерге жапыс учуп келаткан вертолёттун моторунун кубаттуу доошу угулду. Эмнегедир жагымсыз көрүнүш сезилип согуш учурундагы баскынчылардай көрүнүп кетти. Мен Жакеме "бийлик бекер кылып жатат, Талас эли өкүм зордук

күчтү көтөрө албайт. Колумда гранатомет болсо тигил вертолётту атып жайлагым келүүдө. Мындай ой сезим аянтта турган адамдардын ар биринде пайда болуп жатышы мүмкүн" дедим.

Бир убакта аянттын чыгыш тарабындагы эл күүлдөп козголо түштү. "Келатышат" деген үндөр чыкты. Аңгыча автоматтардан атылган октордун доошу угулду. 200-300дөй жоокер аскер желим ок менен аткылап киришти. Көздөн жаш агыза турган гранаталар жарылганда жер экиге бөлүнгөндөй эсти эки кылды эле аянттагы миңдеген адамдар туш тарапка чачылышты. Газ демди кысып, көздү ачыштырып жан алекетке салды. Октор тынымсыз атылып, аскерлер ЗАГСнын имаратынын артына чейин келип ок чыгарып жатышты. Теребелде ок дарынын жыты жана газдын жыты каңырсып жыттанып, көк түтүн каптап турду. Удургуган элдин арасында "Эй качпагыла, коркпогула боевой октор эмес" деген үндөр жаңырып жатты. Мен Жакеме "Таластын эли шумовой гранатанын жарылганын көрө элек. Ошондуктан чачылып кетишти. Кайран гана баатыр жигиттер! Элдин, Мекендин жаркын келечеги үчүн ажалга тике карап курман болушту. Эр жүрөк уулдардын жан таслим болуп жаткандыгын көргөндө кандай гана жүрөк чыдап тура алат. Таш, мерез жүрөктөр гана, Бакиевдердикине окшогон канкорлордун гана жүрөгү чыдабаса, адам чыдап тура албайт. Көз алдыма акыркы "Самурай" деген көркөм фильм тартылды. Мөндүрдөй жааган окко кырылып жаткан самурайлар өздөрүнүн улуттук намысы үчүн эң соңку чабуулга өтүп кыйылган чөптөй сулагандыгы эске түштү. Ошондо дагы көзүмө жаш тегеренген эле.

Мындан 4-5 жыл мурда "мен бийликти курал менен коргоп ок атуудан тартынбайм" деген Курманбек Бакиев көркоо иниси Жаныш Бакиев экөө 80ден ашык мекендешибизди жайран кылып, миңден ашык адамды канга чылады. Эки жүздүү, алдамчы, "супер кидалшик" Бакиев өз элинин канын төккөн «Чикатилого» айланып чыга келди.





**РЫСКҮЛ ТОКТОСУНОВА, "ЗиОМ-21век"** коомдук уюмунун жетекчиси ошол коогаландуу күндөрү мен коомдук фондумдун иши боюнча Бишкекте элем, Интербилимдин кызматкерлери менен Акүй алдында курман болгондорго бата кылып, гүл койдук, ошондогу көзүм менен көргөн балдардын каны төгүлгөн жердеги адамдардын абалы жан чыдагыс эле. Таласка келгенде эне катары, жаран катары өзүмдү курман болгон балдардын алдында милдеттүү сезип, алар үчүн кандайдыр бир кызмат кылгым келди. Баягы жол издеген табат дегендей аркандай донорлорго кайрылып, долбоор жазып, аз болсо да финансалык колдоо алып, балдарга мемориалдык комплексти курууга бел байладым, алгачкы иштер башталып калды, балдарды эскерүү жасап, жакындарын чакырып коомчулукка кенен тааныштырдык. Талас районунун 16 мектебинин балдары менен 7- апрель темасында дилбаян, ырларды жаздырып конкурс уюштурдук. Максатыбыз жаш муундарды патриоттукка тарбиялоо жана мекенди сүйүү.

Далайдан бери чуркап жүрүп, Талас районунун Долоно айыл өкүмөтүнөн, "Манас Ордого" кайрылыш жерден бир гектардан ашуун жер алдык, буйруса ошол жерге иш баштайбыз.

**"ДЕМОКРАТИЯ жана ЖАРАНДЫК КООМ ҮЧҮН"**
**коалициясынын Талас областы боюнча жетекчиси**



**МУРАТ ШАМИЛЬ –** ошол 6-апрелде күүгүм ченде шумовой гранаттардын жарылуусунан катуу ууланыпмын, көздөрүм тумандап, беттеримди сансыз кумурскалар чаккандай, дем ала албай шалдыраган абалда болдум. Эс алгандан соң кайра чыктык, эки жакты байкап сак болуп калдык, кол телефонум ошол күнү мен үчүн автоматтай эле кызмат кылды, улам чуркап барып зарядга коюп, кайра келип окуяны тартып да, угуп да тийиштүү жерлерге билдирип да жаттым. Немец толкуну, орус радиосу, "Би-би-си" ар кандай демократиялык уюмдар, жаштар борборлору менен региондордогу тилектештер чогу иштешкен Татыбек экөөбүздүн сак-саламат болушубузду жана өмүрүбүздү тилеп жатышты.

Дүйнөнүн чар тарабынан чет мамлекеттик өкүлчүлүктөрдөн, кадыр-барктуу коомдук уюмдардан, журналисттер менен партиялардын суроолоруна так жооп берип турдум. Ошол күндөрү өзгөчө алыскы Швециядан эмигрант болуп жүргөн Эдиль Байсалов тынымсыз чалып менден маалыматтарды алып турду. Эки күндүн ичинде Таласта болгон баардык окуяларды чагылдырганга үлгүрдүм, Азыр колумда Талас окуясы боюнча 1, 5-2 сааттык видео тасмалар сакталуу, ал буйруса мамлекеттин кандайдыр бир керегине жарап, Талас тарыхынын барактарын толуктайт деп ойлоймун.



# Мазмуну

## Биринчи бөлүк

ТАЛАСТА РЕВОЛЮЦИЯ
6-АПРЕЛЬ 2010-жылы БАШТАЛГАН ....................3
7-апрель баатырларынын монологу ....................11
Мүрзөлөр ....................13
Айылчиев Эмилбек Турдубек уулу жөнүндө ....................16
Ашыралиев Саламатбек Абдыбек уулу ....................24
Жолчубек уулу Урмат жөнүндө ....................29
Огомбаев Жылдызбек Мадылбекович ....................34
Сейдесанов Күмүшбек Сүйүнтбек уулу ....................41
Үсөн уулу Дастан ....................49
Сатыбалдиев Бекбосын Мадин уулу ....................53
Назарбеков Казбек Казак уулу ....................58
Рысбеков Таалайбек ....................61

## Экинчи бөлүк

Алтын тоо кайрыктары ....................107
Массалык маалымат кызматкерлери
Таластагы 6-7-апрель окуяларында ....................112
Таластагы коомдук уюмдардын аракети ....................120

*Арзыкан* **МОМУНТАЕВА**

***Тагдырым менин – Кыргызстан***

*документалдуу баян*

*Китепти басмага даярдаган:*
**Арзыкан МОМУНТАЕВА**

*Китепти компьютердик калыпка салган*
***Жаныбек ЖАНЫЗАК.***

*Китепти*
***“Жанызак басма”***
*басып чыгарды.*
*сотка: 0777329784; тел.: 890463*

*Китептин форматы А5. Нускасы - 500 даана.*

180c



*Арзыкан Момунтаеванын*
*бул алтынчы китеби –*
*2010-жылкы апрель окуясын*
*көркөм чагылдырган*
*документалдуу жыйнак,*
*мында Кыргыз коомчулугунун*
*абалын, Кыргыз бийлигинин*
*алсыздыгын, Кыргыз жарандары-*
*нын тебеленген укуктарын,*
*жер-суунун оорлошуп бара жаткан*
*тагдырына кайдыгер карабай*
*жан-дүйнө жабыркаган*
*доор үнүн укканга чакырат.*